**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

Кол жазма укугунда

**УДК:** 378.851 (575.2) (043.3)

**ОЙЧУЕВА РОЗА РАКМАНБЕРДИЕВНА**

# КОЛДОНМО МАТЕМАТИКА КУРСУН КЕСИПКЕ БАГЫТТАП ОКУТУУНУН ДИДАКТИКАЛЫК НЕГИЗДЕРИ

**13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (математика)**

**Педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган**

**ДИССЕРТАЦИЯ**

**Илимий жетекчи:** педагогика илимдеринин доктору, профессор Алиев Ш.

Бишкек – 2024

Киришүү.............................................................................................................4
**Биринчи глава. БОЛОЧОК ИНЖЕНЕРЛЕР ҮЧҮН МАТЕМАТИКА КУРСУН КЕСИПКЕ БАГЫТТАП ОКУТУУНУН ТЕОРИЯЛЫК ЖАНА ПРАКТИКАЛЫК НЕГИЗДЕРИ**
1.1. Инженерлердик - техникалык адистерди даярдоо процессинде математика курсун окутуунун орду жана анын өнүгүү тенденциялары.........................................................................................12
1.2. Математика курсун болочок инженерлерге окутуунун учурдагы абалы, андагы проблемалар жана аны жаңылоонун зарылчылыгы ..............................28
1.3. Болочок инженерлерге математика курсун окутууда интегративдик ыкманын методологиялык негиздери (Педагогикалык интеграциянын психологиялык-педагогикалык феномен катары каралышы..............................44
Биринчи глава боюнча тыянак.......................................................................61
**Экинчи глава. "КОЛДОНМО МАТЕМАТИКА" КУРСУН КЕСИПКЕ БАГЫТТАП ОКУТУУ ТЕХНОЛОГИЯСЫН ИШКЕ АШЫРУУНУН ТЕОРИЯЛЫК - ПРАКТИКАЛЫК СИСТЕМАСЫ**
2.1. Болочок инженерлерге математика курсун кесипке багыттап окутуунун модели..........................................................................................................63
2.2. Математиканы табигый илимдер дисциплиналары менен предметтер аралык байланыштын негизинде окутуунун методикасы...................................80
2.3. Колдонмо математика курсун кесипке багыттап окутууну ишке ашыруу технологиясы...................................................................................................107
Экинчи глава боюнча тыянак .......................................................................129
**Үчүнчү глава. ПЕДАГОГИКАЛЫК ЭКСПЕРИМЕНТТИ УЮШТУРУУ ЖАНА АНЫН НАТЫЙЖАЛАРЫН ТАНДОО**
3.1. Педагогикалык экспериментти уюштуруу маселелери...............................132
3.2. Эксперименттин жыйынтыгын талдоо.......................................................144
Үчүнчү глава боюнча тыянак.........................................................................155
**ЖАЛПЫ КОРУТУНДУ ЖАНА СУНУШТАР**.............................................157
**КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ**.....................................160
**ТИРКЕМЕЛЕР**……………………………………….................................173

**ШАРТТУУ КЫСКАРТУУЛАРДЫН ТИЗМЕСИ:**

ЖОЖ – Жогорку окуу жайы

ООЖ – Орто окуу жайлары

КМУ – Кыргыз мамлекеттик университети

ОшТУ – Ош технологиялык университети

Ош МУ – Ош мамлекеттик университети

СӨАИ – Студенттердин өз алдынча иштери

МКТ– Маалыматтык коммуникациялык технология

ОМК– Окуу методикалык комплекс

АЖО- автоматташтырылган жумушчу орду

# КИРИШҮҮ

**Изилдөөнүн актуалдуулугу**. Бүгүнкү заманбап коомдогу социалдык жана билим берүү процесстеринин интеграциялануусу коомдун өнүгүүсүнүн маанилүү тенденциясы болуп эсептелет. Илимий жана техникалык активдүү инновациялык өзгөрүүлөрдүн шарттарында бүгүнкү күндөгү заманбап инженер профилинин кызматкеринен ар тараптуу чыгармачыл жана көп тармактуу илимий изилдөө иштерин иш жүзүнө ашырууга даяр болуу талабы коюлуп олтурат. Илимдин алдыңкы жетишкендиктерин жана жогорку технологияларды колдонгон өндүрүш тармактарын өнүктүрүүгө багытталган заманбап программалар тиешелүү деңгээлдеги кадрлар менен камсыздоо зарылчылыгын жаратты. Кыргызстандын коомчулугундагы социалдык - экономикалык өзгөрүүлөр баалуулуктарды дагы кескин өзгөртүүдө. Анын арасында бул өзгөрүүлөр билим берүү системасынын максатына, багытына да өз таасирин тийгизип келүүдө. Жалпы билим берүү программаларын жаңыртуу, ачык коомдун жаңы шарттарында жашоо үчүн зарыл болгон жеке сапаттарды жана ошондой эле билим берүүдө негизинен "*билимди, билгичтикти, көндүмдөрдү*" калыптандыруу максатында андагы терең өзгөрүүнү талап кылууда. Акыркы жылдардагы Кыргызстандагы билим берүү системасында жаңы муундагы эки баскычтуу "*Профессионалдык жогорку билим берүүнүн мамлекеттик стандарттары*" түзүлүп, ЖОЖдор бул багыттар жана профилдер боюнча Бакалавр - Магистрлерди даярдоо программасын ишке ашыра баштады. Анын курамы - жаштарга сапаттуу техникалык билим берүү, алардын инженердик - практикалык көндүмдөрүн калыптандыруу зарылдыгы "*2018–2040-жылдары Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясында*" жана жаңы муундагы: *"Эки баскычтуу жогорку профессионалдык билим берүүнүн мамлекеттик стандарттарында (Бакалавриат - Магистратура)"* негизделген. Ал документте: "*Бүтүрүүчүлөрдүн адистешүүсүн күчөтүүгө (инженердик-техникалык адистешүүгө) жана өндүрүмдүүлүктү көтөрүүгө маанилүү орун берилет*" деп баса белгиленген. Мамлекеттик документке ылайык бүгүнкү күндө жогорку окуу жайларынын алдында компетенттүү,

чыгармачыл, кесипкөй активдүү жана демилгелүү адистерди даярдоо милдети турат. Ошого байланыштуу болочок адистерди фундаменталдык жана профессионалдык, *анын ичинде эң маанилүү компоненттин бири болгон* - *математикалык билим* компетенттүүлүгүн өркүндөтүү талабы коюлуп олтурат. Мындай талаптардын жана зарылчылыктын жаралуусу менен жогорку инженердик билим берүүдө математика курсун сапаттуу окутуу – математикалык моделдөөнүн ыкмаларын билген, коюлган маселени чечимдерин оптималдаштыруу жана туура эсептөө жөндөмдөрүнө ээ болгон, колдонмо программаларды колдонуудан келип чыккан инженердик эсептөөлөрдүн жыйынтыктарын так талдай алган жана интерпретация кыла алган, кесипкөй, компетенттүү инженерди калыптандыруу үчүн зарыл шарт болуп саналат. Андыктан, жаштарга сапаттуу техникалык билим берүү, алардын инженердик - практикалык көндүмдөрүн калыптандыруу зарылдыгы *“2018–2040-жылдары Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясында”* жана жаңы муундагы: *“Эки баскычтуу жогорку профессиналдык билим берүүнүн мамлекеттик стандарттарында (Бакалавриат - Магистратура)”* негизделген. Ошол эле учурда болочок инженер – бакалаврларды даярдоо процессинде алардын математикалык даярдыктарын камсыздоо жагдайында төмөнкүдөй бир катар кемчиликтер орун алгандыгын белгилөөгө болот, алсак:

- математика курсун кесипке багыттап окутуу программасынын ишке ашпагандыгынын негизинде студенттердин математикалык курстарды окуп үйрөнүү боюнча тиешелүү деңгээлдеги мотивациянын жоктугу, анын негизинде студенттерде предметке болгон кызыгуунун жоктугу;
- математикалык билим берүүнүн ар кандай деңгээлдеринин ортосундагы удаалаштыктын сакталбагандыгы;
- математика курсунун жаңы стандартта ага бөлүнгөн сааттардын санынын кескин кыскарышы;
- математика курсун окутуунун мазмуну бүгүнкү күндөгү инженердик илимдин жана техниканын теориялык жана практикалык талаптарына дал келбестиги, башкача айтканда бүтүрүүчүнүн келечектеги чыгармачылык,

кесиптик ишмердүүлүгүнө математикалык моделдерди колдоно биле албагандыгы *(негизги кемчиликтердин бири);*

- математика курсунун ички мазмунун жаңылоо менен, аны окутуунун санарип технологиясынын иштелип чыга электиги.

Жогоруда айтылган кемчиликтер, карама - каршылыктар жана аларды чечүүнүн жолдору акыркы жылдарда көптөгөн илимий изилдөөчүлөр үчүн изилдөөнүн объектисине айланды. Мурдагы мезгилде болочок инженерлерге математика курсун окутуунун эффективдүүлүгүн жогорулатууга байланышкан маселелерге академик Б. В. Гнеденко, профессор И. Б. Бекбоевдер ж.б. изилдөөлөрүн жүргүзгөн болсо, жаңы доордон баштап бул проблемалар менен А. Акматкулов, Ш. Алиев, Ж. У. Байсалов, О. Н. Гончарова, К. С. Поторочина, К. М. Төрөгелдиева ж.б. изилдөө иштерин алып барууда. Негизинен бул окумуштуулар окутуунун интегративдик жолун колдонуу зарылдыгы жаралгандыгын белгилеп жатышат, анын маңызы болуп бардык интегративдик көрүнүштөрдү өзүнчө бөлүп алып, аларды тиешелүү билим берүү процесстеринин эффективдүүлүк катализатору катары колдонуу зарылчылыгын негиздешет. Албетте мындай көз караш менен карай турган болсок, болочок инженерлерге математика курсун кесиптик мазмунга багыттап окутууда интегративдик жолду колдонуу, алардын математикалык даярдыктарынын эффективдүүлүгүн жогорулатуу үчүн негиз болуп бере алат деп эсептөөгө болоор эле, бирок бүгүнкү күндө мындай багытта окутууга тиешелүү методика жана технология толук иштелип чыга элек.

Ошентип болочок инженерлерди даярдоодогу математика курсун окутууда төмөнкүдөй карама каршылыктар бар, алар:

- болочок инженерлердин математикалык даярдыктарынын деңгээлине болгон талаптардын жогорулашы менен, *математикалык билим берүүдөгү терс тенденцияларга байланыштуу ал дэңгээлге жетүүгө мүмкүнчүлүгүнүн түзүлө электиги;*
- ар кандай дисциплиналарды окутууда кесипке багыттуу мазмунда жана интегративдик ыкманы колдонуудагы алгачкы жыйынтыктарга ээ болуу менен,

*келечектеги инженерлерди математикалык жактан даярдоонун практикасына бул ыкманы киргизүү боюнча изилдөөлөрдүн жетишсиздиги;*

- мамлекеттик стандартта инженер - бакалавр профилинин студенттерине математика курсун окутуунун эффективдүүлүгүн жогорулатуу, предметтик компетенцияны калыптандыруунун зарылдыгы талабы коюлганы менен, *предметтик компетенцияга негизделген ишмердүүлүктүн санарип технологиясын колдонуу мүмкүнчүлүгүнүн толук иштелип чыкпаганы.*

Жогоруда көрсөтүлгөн карама каршылыктарды чечүү жолдорун изилдөө, жана ал маселелерде инженердик профилдин студенттеринин математикалык жактан даярдыгынын эффективдүүлүгүн жогорулатуу үчүн алардын кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандырууга зарыл болгон шарттарды түзүү маселелерин изилдөө зарылчылыгы келип чыкты жана алар актуалдуу экендиги негизделди. Ошондуктан, изилдөө проблемасынын актуалдуулугу жана андагы орун алган карама - каршылыктарды чечүүнүн зарылчылыгы биздин теманын: ***"Колдонмо математика курсун кесипке багыттап окутуунун дидактикалык негиздери"*** деген аталышта тандап алууга түрткү болду.

**Диссертациянын темасынын негизги илимий - изилдөө иштери менен болгон байланышы.** Диссертациялык иш ОшМУнун алдындагы Математика, физика, техника жана маалыматтык технологиялар институтунун "автоматташтырылган системалар жана санариптик технологиялар" кафедрасынын 2020-2023-жылга чейинки илимий - изилдөө иштеринин тематикалык планына туура келет.

**Изилдөөнүн усулдары жана методологиясы.** Изилдөөнүн методологиялык негизи болуп төмөндөгүлөр саналат: Предметтер аралык байланыштардын жана педагогикалык интеграциянын теориясы; жогорку кесиптик билим берүү системасындагы окутуунун интеративдик ыкмасынын жобосу; математиканы окутуунун компетенттүүлүк ыкмасы; математиканы окутуунун методикасынын курамында педагогикалык долбоорлоого системалык мамиле; окуу ишмердүүлүгүнүн теориясы; жогорку кесиптик билим берүү системасында математиканы окутуунун ишмердүүлүк ыкмасы.

**Изилдөөнүн объектиси**: жогорку окуу жайында математика курсун окутуу процесси.

**Изилдөөнүн предмети:** жогорку окуу жайында математика курсу менен, аны санарип технологиясын колдонуп окутууну өркүндөтүү маселелери.

**Изилдөөнүн божомолу**: *Эгерде: а)* техникалык жогорку окуу жайында математика курсун кесипке багыттап окутуунун мазмундук курамы жаңыланса; *б)* математика курсун кесипке багыттап окутуу талаптарына жооп бере турган окуу – методикалык каражаттар толук камсыздалса жана аны ишке ашыруунун жаңыртылган санарип технологиясы түзүлсө, *анда математикалык предметтик компетенцияны толук калыптандырууга жетишүүгө болот.*

**Изилөөнүн максаты:** болочок инженердик кесиптин студенттери үчүн *"Колдонмо математика"* курсун кесипке багыттап окутуунун мазмундук негизин жаңылоо жана аны окутуунун технологиясын өркүндөтүү, окуу процессине киргизүүгө сунуштоо.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

- *"Колдонмо математика"* курсун окутуунун теориясында жана практикасында, аны окутуунун, ролун, ордун жана зарылчылыгын негиздөө;

- кесипке багыттап математикалык билим берүүнү өркүндөтүү боюнча тажырыйбаларды талдоо, абалын жана андагы проблемаларды аныктоо;

- болочок инженер профилинин студенттерине *"Колдонмо математика"* курсун окутуунун технологиясын өркүндөтүү;

- иштелип чыккан окутуунун технологиясынын натыйжалуулугун педагогикалык экспериментте текшерүү, анын жыйынтыгын талдоо жана методикалык сунуштарды белгилөө.

**Алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы:**

- ЖОЖдордо жалпы математика курсунун мазмуну талданып, анын инженердик кесипке багыттап окутуу багытына шайкеш келбей жаткандыгы илимий жактан негизделди;

- болочок инженердик кесипке ылайыкталган окуу материалдарын тандап алуу принцибинин негизинде, колдонмо математика курсу менен кесиптик

техникалык дисциплиналарды байланыштырган жаңы мазмуну даярдалды;

- математика же *“Колдонмо математика”* курсунун лекциялык, практикалык сабактарында студенттердин техникалык ой жүгүртүүсүн, чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн, компетенттүүлүгүн калыптандырууга багытталган окуу - изилдөөчүлүк, методикалык сунуштар белгиленди жана математиканы кесипке багыттап окутуу технологиясына ылайык математикалык компетенцияны калыптандыруунун принциптери негизделди;

- иштелип чыккан методиканын натыйжалуулугу педагогикалык экспериментте текшерилди жана илимий жактан тастыкталды.

**Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү.** Математика курсунун кесипке багытталган мазмуну болочок инженерлердин кесиптик компетенциясын калыптандырууга толук өбөлгө түзөт. Студенттер үчүн изилдөө учурунда даярдалган окуу – методикалык каражаттар, сунуштар математика курсун окуп жатканда студенттердин кесиптик билимдерин, билгичтиктерин жана көндүмдөрүн калыптандырууга шарт түзөт. Колдонмо математика деген аталыштагы курсту кесипке багыттап окутуунун дидактикалык материалдарын, каражаттарын, аларды колдонуунун методдорун, даярдалган иштелмелерди техникалык окуу жайларында кеңири колдонууга болот.

**Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору**:

- инженердик - техникалык жогорку окуу жайларда колдонмо математика курсун кесипке багыттап окутуунун теориядагы жана практикадагы абалын талдоо менен андагы маселелерди аныктоого болот;
- колдонмо математика курсун болочок инженерлерге окутууда студенттердин математикалык, прикладдык, эксперименталдык жана окуу-изилдөөчүлүк жөндөмүн өркүндөтүүгө ыңгайлуу шарт түзүлөт;
- ЖОЖдордо колдонмо математика курсун кесипке багыттап окутуу жакшы натыйжа берээри изилдөөнүн педагогикалык эксперименттин жыйынтыктары аркылуу негизделди.

**Изденүүчүнүн жеке салымы:**

- колдонмо математика курсун инженердик кесипке багыттап окутуунун этаптары жана практикалык сунуштар иштелип чыкты; болочок магистр-бакалавр инженерлерди даярдап жаткан факультеттердин окуу пландарындагы математика курсунун атайын дисциплиналар менен болгон предметтер аралык байланыштарын камтыган окуу - изилдөөчүлүк тапшырмалар, методикалык колдонмолор даярдалды;

- болочок бакалавр - инженерлер үчүн бул иштелмелер жана окутуунун инновациялык методдорун пайдалануу, болочок кесип ээлерине математиканы колдонуу - компетенттүүлүктү калыптандыруунун натыйжалуулугун ишке ашырууга жардам берет.

**Диссертациянын натыйжаларынын апробациялоо**. Изилдөөнүн жыйынтыгында ЖОЖдор аралык "Математиканы жана информатиканы окутуунун актуалдуу проблемалары" илимий - методикалык семинарларында, аспиранттардын илимий - методикалык семинарларында, Ош мамлекеттик университетинин алдындагы математика, физика, техника жана маалыматтык технологиялар институтунун математиканы, информатиканы окутуунун технологиясы жана билим берүүдөгү менеджмент кафедрасынын жана И.Арабаев атындагы КМУ кеңешмесинде, ошондой эле илимий конференцияларда доклад жана макала формасында изденүүнүн негизги жыйынтыктарын талкуулоо менен ишке ашырылды. Диссертациялык изилдөөнүн жүрүшү жана жыйынтыктары республикалык, аймактык жана эл аралык илимий-конференцияларда талкууга алынып, анын натыйжалары

ОшМУ жарчысы "Прикладдык (колдонмо) информатика предметин натыйжалуу үйрөтүүдө математикалык билимдин зарылдыгы" (2021), "Информатика курсун окутуунун теориялык жана практикалык негиздери" (2021), И.Арабаев атындагы КМУнун жарчысы "Болочок информатика мугалимдерин кесипке даярдоону өркүндөтүүчү окуу-методикалык жактан камсыздоо" (2021), Общенациональное движение "Бобек" Конгресс ученых Казахстана, "Математиканы компьютердик камсыздоонун ЖОЖ студенттеринин ишмердүүлүгүнө тийгизген таасири"(2020), ОшМУ жарчысы

К.Алымкуловдун 80 жылдык маарекесине арналган эл аралык илимий конференция, инженердик адистиктин студенттерине “Колдонмо математика” курсун кесипке багыттап окутууну өркүндөтүүнүн педагогикалык шарттары (2023), Кыргызстан жарчысы “Информатика жана информациялык технология боюнча билим берүүнү модернизациялоонун теориялык жана методологиялык жолдору” (2023), Кыргызстан жарчысы Жогорку окуу жайындагы инженердик техникалык адистиктерге математика курсун окутуунун методикасы жана модификациясы жөнүндө (2023), Международного журнала гуманитарных и естественных наук “Использование интегративного подхода в преподавании курса математики современным инженерам требование времени” (2024), “Кыргызстанда илим, жаңы технологиялар жана инновациялар” илимий журналы “Билим берүүнүн сапатын жогорулатуунун каражаты катары маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуунун педагогикалык шарттары” (2024) журналдарында жарыяланды.

***Диссертациянын натыйжаларынын жарыяланышы.*** Диссертациялык изилдөөнүн негизги жыйынтыктары боюнча 1 окуу методикалык колдонмо, 12 илимий макала жарыяланган. Анын ичинен 2 макала Казакстан, Россиядагы РИНЦ системасына кирген журналдарда, ал эми 10 макала КР УАКтын тизмесиндеги илимий журналдарда жарык көргөн.

***Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү.*** Киришүүдөн, үч бөлүмдөн, тыянактардан, корутундудан турат, 14 таблицаны, 20 сүрөттү, 5 тиркемени камтыйт. Колдонулган адабияттардын тизмеси 129 булактан турат.

## **Биринчи бөлүм. БОЛОЧОК ИНЖЕНЕРЛЕР ҮЧҮН МАТЕМАТИКА КУРСУН КЕСИПКЕ БАГЫТТАП ОКУТУУНУН ТЕОРИЯЛЫК ЖАНА ПРАКТИКАЛЫК НЕГИЗДЕРИ**

### **1.1. Инженерлердик - техникалык адистерди даярдоо процессинде математика курсун окутуунун орду жана анын өнүгүү тенденциялары**

Илимдин жана техниканын дүркүрөп өсүшү жумуш берүүчү тарабынан болочок инженерлердин кесиптик даярдыгына, айрыкча математикалык дисциплиналар боюнча коюлуучу талаптарга сезилээрлик деңгээлде таасир этет.

Математикалык дисциплиналар аябагандай чоң көлөмдөгү колдонмо потенциалга ээ жана ал потенциал кесиптик ишмердүүлүктөгү кубулуш менен процесстин ортосундагы байланышты аныктоого мүмкүнчүлүк берет.

Математика - болочок инженерлердин астына коюлган маселелердин математикалык моделин түзүүгө жана талдоо ыкмаларын калыптандырууга шарт түзөт. Ошондой эле математика аныксыздык шарттарында чечим кабыл алууда жана болжолдоо процесстеринде рефлексияны жана интуицияны өнүктүрөт.

Математикалаштыруу – азыркы доордун илим жана техникадагы эң маанилүү кыймылдаткыч күчү болуп калды. Бул кыймылдаткыч күч биринчи кезекте инженердик практикадагы маселелердин чыгарылыштарын (жообун) табуу процессинде өнүгүп өскөндүгүн баса белгилөөгө болот. Социалдык коом алга карай өнүккөн сайын, ал коомго ошончо, керек болсо алар күтпөгөн дагы жагдайдагы “кызматын” өтөп келе жатат жана аны дагы уланта бермекчи.

Математика менен башка чөйрөнүн байланышы, аны билүү ар бир билимдүү инсан үчүн, анын ичинде өзгөчө инженердик илимде жана анын практикасында зарылчылык боло тургандыгы жөнүндө көрүнүктүү окумуштуу ойчулдар ага так жана илимий ой – пикирлерин билдирип келишкен, алардын айрымдарын белгилей кетели:

- **К.Маркс:** “Ар бир илим өзүнүн изилдөөсүнө математиканы колдоно алса гана, ал сөзсүз жакшы ийгиликтерге жетише алат”.
- **Д.Гилберт**: “Бардык так табигый билимдердин негизи бул математика”

- **А.Эйнштейн:** “Биздин баштан өткөргөн тажрыйба жаратылыш деген математикалык жөнөкөй ойду турмушка ашыруу экендигин көрсөттү”.
- **Г.Галилей**: “Философия - жаратылыш деген эбегейсиз зор китепте жазылган, ал китеп ар дайым ар бирибизге ачылып турат. Бирок, аны, анын тилин жана белгилерин үйрөнгөн адам гана аны түшүнө алат. Ал математика тилинде жазылган жана анын белгилери - математиканын формулалары”.
- **Пифагор** математиканын мааниси чоң экендигин баса белгилеген, бирок Пифагор үчүн “математика – бул бардык илимдердин тили гана эмес, ааламдын маани-маңызын табуунун ыкмасы” болгон.

Төрөгелдиева К. М. “Азыркы учурда, заманбап илимде жана техникада математиканын ролунун жогорулагандыгына байланыштуу, болочок инженерлер, экономисттер, социологдор ж.б. математикалык методдор менен жаңы көйгөйлөрдү изилдөөгө, теориялык жетишкендиктерди практикада колдонууга мүмкүндүк берүүчү кубаттуу математикалык даярдыкка муктаж” - деп белгилеген [121, 196-б.].

Өткөн кылымдын экинчи жарымынан баштап азыркы жаңы доордун мезгилинде математика илиминин фундаменталдык жана практикалык – колдонмо негизи адамдын ички жана сырткы, күнүмдүк жана түбөлүк, ошондой эле жалпы глобалдык масштабдагы ж.б.у.с. иш аракетинин, керектөөсүнүн эң негизги куралы - каражаты экендигин негиздей алды. Коомчулук канчалык алга өнүккөн сайын, ал адамга ошончо, керек болсо алар күтпөгөн дагы жагдайдагы “кызматын” өтөп келе жатат жана аны дагы уланта бермекчи. Азыркы доордогу инженердик практика улам барган сайын инженердик илимге айланып бара жатат жана анын талаптары математиканын татаал аппараттарын – моделдерин колдоно билүүгө мажбурлоодо. Анткени математика илими инженерлер үчүн алардын жасап жаткан иштеринин натыйжасына жетүүнүн негизги “акыл каражаты” боло тургандыгы талашсыз чындык.

Болочок инженерлердин математикалык даярдыгын өнүктүрүү ары татаал, ары көп кырдуу маселе болуп эсептелет, анын чечимин табуу математика илиминин негиздерин терең окуп өздөштүрүүнү, предметтик жана предметтер

аралык байланышты көрө билүүнү жана колдонууну, жогорку математика курсунун колдонмо багытын, практикалык маселелерди чыгаруу үчүн студенттерде математиканы колдонуу көндүмдөрүн калыптандырууну, өндүрүштө жана табигатта болуп жаткан кубулуштарды жана процесстерди моделдөөнү талап кылат.

Математикалык билим берүү проблемалары боюнча адабияттардын көптүгүнө карабастан, суроолорго бирдиктүү, жалпы кабыл алынган, бир түшүнүктүү жооптор бар, ал эми “Математикалык билим берүү деген эмне?”, “Математикалык билим берүүнүн критерийлери кандай?”, “Математикадан жакшы даярдык деген эмнени билдирет?” –деген суроолорго жооп жок. Өз көз карашыбызды билдирели: “математикалык окутуу” түшүнүгүнүн мазмуну өзгөрүлмө болушу керек жана көптөгөн факторлордон көз каранды, мисалы, убакыт, даярдоо багыты, муктаждыктар, чөйрө ж.б.

Ыкчам өнүгүп жаткан илим, материалдык жана маалыматтык инфраструктура айрым өлкөлөрдүн ичинде гана эмес, ошондой эле мамлекеттер ортосундагы ар кандай интеграциялык процесстерге дүйнөдөгү, анын ичинде билим берүү тармагына дагы салым кошууда. Бүгүнкү күндө дүйнөлүк коомчулуктун көптөгөн өнүккөн өлкөлөрүндө билим берүү парадигмасы окуучуга багытталган, бирок өткөн жылдардагыдай эле билим берүү жана тарбиялоо системасы коом үчүн өндүрүш процессинин квалификациялуу катышуучусун даярдоону өзүнүн негизги максаты катары коюп жатат. Болон системасы жогорку кесиптик билим берүүнү, анын ичинде жогорку техникалык билим берүүнү өнүктүрүүнү карайт. Заманбап шарттарда жогорку квалификациялуу адистерге болгон муктаждыктын өсүшүнө байланыштуу жогорку окуу жайларында техникалык адистиктер боюнча студенттерди даярдоого катуу талаптар коюлууда. “2040-жылга чейинки мезгилге Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн улуттук стратегиясында” мындай деп айтылат: “Кесиптик-техникалык билим берүүнүн негизги максаты – тиешелүү деңгээлдеги жана профилдеги квалификациялуу, эмгек рыногунда атаандаштыкка жөндөмдүү, компетенттүү, жоопкерчиликтүү, өз ишин эркин

билген жумушчуну даярдоо. Кесиби жана өз адистиги боюнча иштөөгө дүйнөлүк стандартка ылайыктуу, үзгүлтүксүз кесиптик өсүүгө даяр, социалдык жана кесиптик мобилдүүлүккө, инсандын тийиштүү билим алуудагы керектөөлөрүн канааттандырууга багытталган” [129, 21-б.].

Ошол эле учурда заманбап билим берүүнүн өнүгүү тенденцияларынын бири катары техникалык университеттерде математика курсун окутууга бөлүнгөн сааттардын санынын кыскарышын карасак болот. Аны менен катар эле болочок инженерлердин кесиптик компетенттүүлүгүнө эмгек рыногундагы коюлуучу талаптардын саны өсүп жаткандыгын байкоого болот.

Жогоруда айтылгандарды эске алганда, учурда инженердик багыттагы студенттерди даярдоодо математиканы окутууну өнүктүрүүнүн жолдору интенсивдүү изделип жатат. Болочок инженерлерди математикалык даярдоону өнүктүрүүнүн негизги багыттарын карай кетели.

Ата мекендик жана чет элдик педогогдор, математиктер орто жана жогорку билим берүүдө математиканы окутуунун методикасын өнүктүрүүнүн түрдүү варианттарын сунуштап жатышат. Жогорку кесиптик билим берүү системасында математика курсун окутуунун методикасы боюнча жүргүзүлгөн диссертациялык жумуштун анализи – көпчүлүк сунуштар математиканы окутуу менен студенттин болочоктогу кесиптик ишмердүүлүгүнүн ортосундагы байланышка арналгандыгын көрсөттү.

Математиканы кесипке багыттап окутуу маселеси көптөгөн изилдөөчүлөр тарабынан изилденген жана алардын баары окутуунун мындай методикасы окутуудагы мотивацияны жогорулатаарын белгилешкен, ошондой эле жогорку деңгээлде берилген мотивация окутуунун эффективдүүлүгүн жогорулатуучу маанилүү фактор болуп саналат. Жогорку окуу жайында математика курсун кесипке багыттап окутууну күчөтүү маселеси акыркы жылдарда И. Бекбоев, Ш. Алиев, К. Төрөгельдиева, Н. Кайдиева, Ю. В. Абраменкова, М. С. Аммосова, М. А. Васильева, Л. В. Васяк, И. Н. Гридчина, Е. И. Исмагилова, О. И. Кузьменко сыяктуу окумуштуулардын илимий диссертациялык иштеринде негизги маселе катары каралган.

Кесиптик багыт түшүнүгү өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт: “инсандын кесиптик багыты (ишке жана белгилүү бир кесипке), жалпы билим берүүнүн кесиптик багыты жана кесиптик билим берүүнүн кесиптик багыты”. Студенттин келечектеги кесиптик ишмердигинин предметтик жана социалдык мазмуну дидактикалык формалардын, методдордун, каражаттардын бүткүл системасынын жардамы менен моделдештирилген жана анын абстракттуу билимдерди өздөштүрүүсү болуп саналат. Математиканы кесипкөйлүүлүккө багыттап окутуу деп окутуу материалдарынын жана окутууну уюштуруу иштериндеги формалары, системалык логикалык математикалык курсту түзүү иштери менен дал келип, таанып билүү, билим алуу практикалык талаптардын шайкеш келүүсү. Окутуудагы кесиптик багыт дегенибизде кесиптик маанилүү билимди, билгичтикти, көндүмдөрдү адистерди калыптандыруунун зарылдыгын эске алуу менен материалдын мазмунун жана түзүмүн, методикалык каражаттарды тандоону жөнгө салуучу мазмундук жана процессуалдык аспектилердин биримдиги түшүнүлөт. Ошону менен бирге, мазмундук аспект математика курсун кесипке багыттап окутуу, ал эми процедуралык аспект өз алдынча иштөө жана кесиптик өз алдынча иштөө көндүмдөрүн калыптандыруу үчүн зарыл болгон окуу-таануу иштерин уюштуруунун ыкмаларын, формаларын жана каражаттарын тандоону билдирет.

Алсак, Ш. Алиев ЖОЖдо математика курсун кесипке багыттап окутуу маселеси боюнча көптөгөн эмгектеринде белгилеген [5].

Ал эми М. С. Аммосованын жумушунда жогорку окуу жайларындагы студенттерге математиканы кесипке багыттап окутуу алардын математикалык компетентүүлүгүн калыптандыруу каражаты катары каралган [6].

Н. Кайдиева диссертациялык ишинде лингвистика багытындагы студенттерди даярдоодо математика курсун кесипке багыттап окутуу маселесин көтөргөн [54].

А. И. Исмагилованын диссертациясында болочоктогу электротехникалык багыттагы инженерлерди даярдоодо математиканы кесипке багыттап окутуунун интегративдик - модулдук компоненти изилденген [51].

М. А. Васильева математика курсунун кесиптик - колдонмо багытын жогорку агрардык окуу жайларындагы студенттердин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу каражаты катары эсептейт [19].

Л. В. Васяк өз диссертациялык эмгегинде кесипке багытталган маселелердин жардамында атайын дисциплиналардын жана математиканын интеграциялануу шартында болочок инженерлердин кесиптик компетенттүүлүгүнүн калыптанышын караган [20].

И. М. Гридчина өз диссертациялык ишинде инженерлерди даярдоодо атайын жана математикалык дисциплиналардын ортосундагы өз ара байланышка токтолгон [35].

М. Нассер өз диссертациясында жогорку окуу жайларында математиканы окутуу процессинде колдонмо маселелерди чыгаруу каражаттарынын жардамында предметтер аралык байланышты ишке ашыруу методикасын иштеп чыккан [86].

Жогоруда математика курсун кесипке багыттап окутууга арналган жумуштарды талдоо менен биз студенттерди математикалык даярдоонун эффективдүүлүгүн көтөрүүгө төмөнкү факторлор түрткү берет деген чечимге келдик:

- математикалык билим берүүнүн мазмууну менен кесиптик дисциплиналардын ортосундагы өз ара байланыш;
- кесипке ориентирленген тапшырмалардын жардамында атайын дисциплиналар менен математиканын интеграциялануусу [66];
- окутууда математикалык моделдөө методдорун колдонуу;
- математика сабагында кесипке багытталган математикалык маселелерди чыгаруу.

Биз өз изилдөөбүздө кесипке багытталган маселелер катары кесиптик ишмердүүлүктө пайда болуучу шарттары жана талаптары белгилүү болгон кандайдыр бир кырдаалдын моделин карайбыз, ал эми бул кырдаалды математикалык каражаттардын жардамында изилдөө келечектеги адистин кесиптик компетенттүүлүгүнүн калыптанышына түрткү берет. Математикалык

дисциплиналарды кесипке багыттап окутууну камсыздоо үчүн кесипке багытталган математикалык маселелер системасын иштеп чыгуу жана ал маселелерди студенттердин окуу ишмердүүлүгү болгон аудиториялык сабактарга ошондой эле өз алдынча иштерине системалуу түрдө кошуу зарыл.

Көптөгөн алдыңкы окумуштуулар математика курсун окутууда дидактикалык алдыга озуу идеясын колдонуу тууралуу да өз пикирлерин айтышкан. Алсак, белгилүү педагог-математик В. А. Тестов [118] жогорку окуу жайда пропедевтикалык жумуштардын түрдү варианттарын активдүү колдонууга чакырат. Е. М. Вечтомов окутуунун мотивациясы катары алдыдагы бир нече лекциянын текстин студенттерге алдын ала таанышуу үчүн берүү зарыл экендигин көрсөткөн [25].

Математика боюнча окуу китептин авторлору А. М. Тер-Крикоров жана М. И. Шабунин [117] “удаалаш фаза” принцибин сунушташкан, бул принциптин маңызы төмөнкүдөй: окуу материалы алгач студенттерге интуитивдик деңгээлде окутулат, андан кийин терминология, аныктамалар жана далилдөөлөр өздөштүрүлөт, андан кийин гана предметти өздөштүрүү, түшүнүктөрдү кеңейтүү жана алынган билимди колдоно билүү фазасы окутулат.

Математика курсун окутуунун кесиптик багытын эки аспектиде кароо керек. Биринчи, математика тармагындагы билимди жана көндүмдөрдү ырааттуу өздөштүрүү; математикага тиешелүү тармактар боюнча кесиптик билимди өздөштүрүү же билим, билгичтик, көндүмдөрдү такыр башка предметтик тармакка которуу. Бул эки маанилүү багыт боюнча окуу процессинде педагогикалык компетенттүүлүктүн ийгиликтүү калыптанышы үчүн ар кандай шарттарды талап кылат, ошондуктан долбоорлоо кесиптик багыт принцибинин структуралык жактан каралышын талап кылат. Илимий-изилдөө иштерин уюштурууда да, педагогикалык таасир этүүнүн жана окутуунун усулдарын иштеп чыгууда да математиканы окутуунун методикасы инсанды калыптандыруу боюнча жалпы педагогикалык фундаменталдык жоболордон, анын ичинде окуучунун адеп-ахлактык сапаттарын, интеллекттүүлүгүн, чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн, анын кесиптик багытын өнүктүрүүгө

негизделет. Анын дүйнөгө көз карашынын калыптанышы келип чыгат.

Н. В. Лушникова жогорку техникалык окуу жайларында жогорку математика курсун окутуунун дидактикалык алдыга озуу идеясын ишке ашырууну өз диссертациялык жумушунда изилдеген [73]. Сызыктуу алгебра курсунун мисалында автор тарабынан студентке жогорку математика курсун окутуу процессинин эффективдүүлүгү дидактикалык алдыга озуу идеясын ишке ашыруу боюнча методикалык жумуштардын системасы менен аныкталаары көрсөтүлгөн жана бул, түрдүү методикалык каражаттарды б.а окуу материалынын предметтик байланыш матрицасын, математикалык түшүнүктөрдүн структуралык - логикалык схемасын, окуу дисциплинасынын логикалык-маңыздык моделин колдонуу менен аткарууга мүмкүн болот.

Болочок инженерлерге математика курсун окутууда дидактикалык алдыга озуу идеясын ишке ашырууга мисал катары Е. Г. Евсеева тарабынан сунушталган “түшүнүктөр пирамидасы” методикасын карасак болот [44].

Окутууда “түшүнүктөр приамидасын” теманы окуп баштоодон алдын колдонуу максатка ылайыктуу. Жаңы түшүнүктөрдү кийирүү менен окутуучу студенттерге алардын “түшүнүктөр пирамидасындагы” ордун алардын башка түшүнүктөр менен болгон байланышын, аларды окуп - үйрөнүүнүн логикалык удаалаштыгын көрсөтүүсү мүмкүн.

Бүгүнкү күндө жогорку билим берүүдө компетенттүлүүлүк ыкманы жайылтуу боюнча изилдөөлөр активдүү жүргүзүлүп жаткандыгын байкоого болот.

Жогорку окуу жайларында компетенттүүлүк ыкманын негизинде математика сабагын окутууда кесиптик компетенциялардын өнүгүшүнө И. Бекбоев, Ш. Алиев, К. Төрөгельдиева, Л. В. Васяк, И. В. Дробышева, Е. Г. Евсеева, О. И. Кузьменко, В. А. Петрук, С. П. Сорокоумов, Е. В. Шищенко, сыяктуу изилдөөчүлөр өз салымдарын кошушту.

Болочокто инженердик кесипке ээ болгон адистердин кесиптик компетенцияларын калыптандыруу маселелери В. А. Петрук тарабынан изилденип чыккан жана физикалык - математикалык циклдеги дисциплиналарды

окутуунун методикасы өркүндөтүлгөн, ошондой эле фундаменталдык дисциплиналарды окуп үйрөнүү процессинде калыптануучу базалык кесиптик компетенциялар түшүнүгү аныкталган [101].

Албетте биз В. А. Петруктун болочоктогу жогорку техникалык билимге ээ болгон адистин базалык кесиптик компетенцияларынын калыптанышы анын фундаменталдык, тактап айтканда математикалык даярдыгы катары каралышы керек деген пикирин толук колдоого алабыз.

И. В. Дробышева студенттерге компетенттүүлүккө багытталган математиканы дифференцирленген окутуунун технологиясынын теориялык негизин түзгөн жоболорду аныктап чыкты [119].

Алар: предметтик приоритеттүүлүк принциптери, биргеликте ишмердүүлүк жана кызматташтык, студенттердин өз алдынча иштеринин приоритети, туруктуу кайтарым байланыш жана системалуулук, дифференцирленген окутуунун негизин түзүүчү индивидуалдуу өзгөчөлүктөрдү тандоону жөнгө салуучу процедура ж.б [119]. Студенттерге математикалык билим берүүнү долбоорлоодо жана уюштурууда окуучулардын индивидуалдык өзгөчөлүктөрүн эске алуу зарыл деген окумуштуулардын пикирине кошулабыз, бул келечектеги инженерлерге математикалык билим берүүнүн натыйжалуулугун жогорулатуунун шартында өзгөчө мааниге ээ.

Студенттердин окуу жана илимий ишмердүүлүгүн калыптандыруу А.А.Ермакованын эмгектеринде да каралат, бирок техникалык жогорку окуу жайларында математиканы окутуунун базалык каражаты катары гана. [106]. Студенттердин окуу жана илимий ишмердүүлүгүн болочок инженерлерди математикалык жактан даярдоо жана кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу каражаты катары карай турган болсок анда автордун оюна толук кошулууга туура келет жана окутуудагы мындай ишмердүүлүктү уюштурууну зарыл деп эсептейбиз.

Математикалык компетенттүүлүк, инженердин кесиптик компетентүүлүк структурасында эң маанилүүсү болуп саналат.

В. А. Шершнева математикалык компетенттүүлүктү студенттин өз

кесиптик ишмердүүлүгүндө математикалык моделдөө методдорун колдонууга болгон даярдыгын жана жөндөмүн мүнөздөөчү интегративдик динамикалык жеке сапат катары аныктайт [126].

Математикалык компетенттүүлүк Мамлекеттик стандарттарда каралган математикалык билимдерди, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү, ошондой эле математиканын предметтик чөйрөсүнө болжолдонгон жалпы маданий жана кесиптик компетенцияларды бириктирет – алардын өзөгүн бүтүрүүчүнүн алган билимдерин кесиптик ишмердүүлүктө колдонуу жөндөмдүүлүгүн түзөт [34].

Бүгүнкү күндө жогорку инженердик билим берүүдө математиканы окутуунун эффективдүүлүгүн предметтер аралык байланыш каражаттарынын жардамында жогорулатуу өзгөчө мааниге ээ болуп бара жатат. Бул маселени көптөгөн окумуштуулар эмгектеринде изилдешкен.

Өз изилдөөлөрүнүн жыйынтыгында окумуштуулар жогорку инженердик билим берүүдө фундаменталдык атайын даярдыкты интеграциялоо өзгөчө мааниге ээ экендигин белгилешкен.

Ошол эле учурда физика, информатика, теоретикалык механика, физикалык химия, электротехниканын теоретикалык негиздери сыяктуу табигый илимдер дисциплиналары менен математиканын ортосундагы предметтер аралык байланыштар эч кандай маанисин жоготпойт.

Анткени бул дисциплиналардын жардамында атайын дисциплиналарды окуп үйрөнүүнүн фундаменти түзүлөт жана окуп үйрөнүү процессинде инженерлердин кесиптик компетенттүүлүгү калыптанат.

Математиканы окутуунун дагы бир заманбап каражаты бул компьютерге ориентирленген системалар, бул системалар студенттердин кесиптик ишмердүүлүгүнө, чыгармачыл адис болуп калыптанышына таасирин тийгизет.

Жогорку кесиптик билим берүү системасында маалыматтык коммуникациялык технологияларды колдонуп, техникалык багыттагы студенттерге математиканы окутуу маселелери акыркы учурларда актуалдуу болууда жана бул темага Н. А. Галибина, С. Ф. Катержина, А. Н. Потапова жана башка окумуштуулар өз эмгектерин арнашкан.

Жогорку техникалык окуу жайында маалыматтык технологияларды колдонуп математиканы окутуу А. Н. Потапованын эмгегинде системалуу каралган. Окумуштуу өз эмгегинде техникалык университетте математикалык анализди окутуунун компьютерге ориентирленген методикалык системасын тургузууну сунуштаган [100].

С. Ф. Катержина өз эмгегинде жогорку техникалык окуу жайында окуган студенттерге Web-технологияларды колдонуу менен математиканы окутууда студенттин оз алдынча таанип билүү жөндөмүнүн өнүгүүсүнө токтолгон [56].

Н. А. Галибина өз эмгегинде курулуш багытындагы студенттерди даярдоодо компьютерге ориентирленген тактап айтканда Mathcad, Derive, Maple, Mathematica, GRAN1, GRAN2, GRAN3, Equation Grapher, Advanced Grapher, Graph, Microsoft Mathematics 4.0 прикладдык программаларын колдонууну сунуштаган [26].

Албетте биз жогорудагы авторлордун сунуштарына жана ой пикирлерине толугу менен кошулабыз, анткени окутуу процессинде маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу окутуунун интенсивдүүлүгүн күчөтөт, студенттердин окууга болгон мотивациясын жогорулатат, математиканы кесипке багыттап окутуу процессин толуктайт.

Коомдук жашоонун демократизациялануусу гуманистикалык позицияларга кайрылууну шарттайт. Бүгүнкү күндө жогорку билим берүүдө гумандаштыруу маселелери аябагандай актуалдуу. Билим берүүнүн жогорку сапаты билим берүү процессинде окутуунун максаттарынын, тарбия берүүнүн жана өркүндөтүүнүн бирдиктүүлүгү менен аныкталат, бул максатты ишке ашыруу менен студенттердин кесиптик эле эмес жеке сапаттарынын да калыптанышын камсыздоого мүмкүнчүлүк түзүлөт.

Окутуунун заманбап технологияларын иштеп чыгууда окутуу процессинде жеке инсандык сапатка багытталган ыкманы гумандаштыруу каражаты катары колдонуу зарылчылыгы тууралуу көптөгөн окумуштуулардын эмгектеринде айтылган.

Айрыкча жеке инсандык сапатка ориентирленген ыкманын

контекстиндеги өзгөрүүлөр математикалык билим берүүнүн жана математиканы окутуунун усуларынын мазмундарына таасирин тийгизди.

Окутууда студенттин жеке инсандык сапаттары, анын кызыкчылыктары, жөндөмү, жана ички жан дүйнөсү биринчи орунга коюлган окутуунун усулу окутууну гумандаштыруу катары каралат.

Жалпы билим берүүдө анын ичинде математикалык да билим берүүдө гумандаштыруунун маңызы ар бир студенттин жеке инсандык сапаттарын коомдун жогорку баалуулугу катары таанууда турат. Гумандаштыруу принциптерин ишке ашыруунун негизин математиканы окутууда жеке инсанга ориентирленген ыкманы колдонуу, окутуу процессинин студенттердин талаптарын канааттандырууга багыттоо, алардын жөндөмдөрүн өркүндөтүү саналат. Мисалы Л. Б. Гиль техникалык жогорку окуу жайлардын студенттерин математикалык даярдоо процессинде интелектуалдык өркүндөөсүн жана өзүн өзү өнүктүрүү жөндөмүн болочок инженерлердин кесиптик компетентүүлүгүнүн калыптануу жолу катары караган [27].

Көп окумуштуулар өз изилдөөлөрүндө техникалык жогорку окуу жайларында математиканы окутууда жеке инсанга багытталган ыкманы колдонушкан.

Н. В. Сычеванын эмгегинде математиканы окутуунун жеке инсанга багытталган ыкмасын ишке ашыруу үчүн, математика сабагынын мазмуунун - студенттерди окутуунун субьектисинин ордунда караган жана ар бир студент үчүн мааниге ээ болгон маалыматтарды камтыган процессуалдык түзүүчүлөр менен толукталышы керек экендиги тууралуу сөз болгон. Ушундай жеке инсанга багытталган колдонмо математикалык маселелердин толуктоолору, автордун пикири боюнча студенттердин изденүү ишмердүүлүгүн уюштуруу болуп саналат [115].

О. Н. Ефремова техникалык жогорку окуу жайларынын студенттеринин өз алдынча иштеринин мазмуундук-процессуалдык компоненти катары математика боюнча интегративдик долбоорлорду алууну сунуштаган [46].

Л. М. Глушкова жеке инсанга ориентирленген ыкманын негизинде

техникалык жогорку окуу жайынын студенттерин математикалык даярдоочу методикалык системаны иштеп чыккан жана болочок инженерлер үчүн индивидуалдык билим берүү багытын түзүүнү сунуштаган [28].

А. Г. Пригодина биринчи курстардын студенттеринин илимий түшүнүктөрдү окуп үйрөнүүчү дидактикалык адаптацияlануусун жогорку инженердик окуу жайдын студенттерине математиканы инсанга, багыттап окутуу үчүн зарыл шарты катары карайт [101].

Математиканы окутуунун эффективдүүлүгүн жогорулатуу үчүн: окутуу инсанга ориентирленген ыкмасын колдонуу жана окутуунун мотивациясын жогорулатуу, студенттин изденүү ишмердүүлүгүн уюштуруу, окутуу процессинде илимий түшүнүктөрдү, маселелерди маалыматтык технологиялардын жардамында визуалдаштыруу зарыл.

Окутуунун дал ушундай жол менен жүрүшү ар бир студентти гуманизмдин принциптерине ылайык тарбиялоонун өнүгүшүн, техникалык университетте адисти математикалык каражаттардын жардамында жеке инсан катары калыптануусун жана тарбиялануусун камсыздайт, интеллектуалдык, чыгармачылык жөндөмүнүн, нравалык сапаттарынын, кесиптик өзүн өзү баалай билүүсүнүн өнүгүүсүн шарттайт.

Математиканы окутуунун практикасынын анализи акыркы жылдардагы диссертациялык изилдөөлөр көрсөткөндөй математиканы окутуунун методикасынын жана теориясынын кайсы бир маселесин кандайдыр бир методологиялык ыкманын алкагында чечүү мүмкүн болбой баратат. Акыркы он жылдыкта окумуштуулар педагогикалык долбоорлоонун практикалык жыйынтыкка багытталган изилдөө иштеринде көп ыкмалуулук жана көп парадигмалуулук перспективалуу экендигин белгилеп жатышат деген жыйынтыкка келген [113].

Ушул эле идеяны В. А. Шершнева да өз ишинде тастыктайт жана ал математиканы окутууда компетенттүүлүк парадигмасынын жетекчилиги астында контексттик, дисциплиналар аралык, маалыматтык-предметтик жана башка ыкмаларды колдонууну сунуштайт. Автордун пикири боюнча

ыкмалардын мындай айкалышы болочок инженерлердин кесиптик компетенттүүлүгүнүн бардык компоненттеринин калыптануусун камсыздайт [126].

Жаңы билим берүү парадигмасында математиканы окутуунун максаттары жөнүндө Л. Х. Чомаеванын корутундуларына кошулабыз: окутуунун жалпы максаттарынан тышкары, математика илиминин өзгөчөлүктөрү менен аныкталган конкреттүү максаттар да бар. Алардын бири математикалык ой жүгүртүүнүн калыптанышы жана өнүгүшү [125].

Математика тарабынан иштелип чыккан интеллектуалдык касиеттердин ичинен логикалык ой жүгүртүүгө тиешелүү болгондор көбүнчө белгиленет - дедуктивдүү ой жүгүртүү, абстракциялоо, жалпылоо, адистештирүү, ойлонуу, талдоо, сындоо жөндөмдүүлүгү. Математикадагы көнүгүү ой жүгүртүүнүн рационалдуу сапаттарын жана анын туюнтуусун, ирееттүүлүгүн, тактыгын, кыскалыгын өздөштүрүүсүнө шарт түзөт. Бул фантазияны жана интуицияны талап кылат. Объективдүүлүк, интеллектуалдык чынчылдык, изилдөөнүн даамын берет, ошону менен илимий акыл-эстин калыптанышына шарт түзөт. Математиканы үйрөнүү дайыма чыңалууну, көңүл бурууну, топтоо жөндөмүн; өжөрлүктү талап кылат жана максат коюу менен келечектеги кесибине колдонууну бекемдейт [127].

Математикалык билим берүүнү калыптандыруунун тажрыйбасын талдап, математиканы окуу процессинде студенттин инсандыгын калыптандыруу концепциясына таянып, максаттардын үч бөлүгүн аныктайт.

Математиканы окутуунун максаттарынын биринчи бөлүгү ар бир студенттин калыптанган инсандыгынын негизги компоненти болуп саналган математикалык билимдердин, билгичтиктердин жана жөндөмдүүлүгүнүн негиздерин бардык студенттердин аткаруусу менен байланышкан. Бул бөлүк окуу планы жана окуу процессин жөнгө салуучу окуу куралдарынын тиешелүү системасы менен аныкталат. Азыркы учурда дифференцияланган окутуунун ар кандай формаларын колдонуунун заманбап тенденцияларына байланыштуу бул бөлүктүн курамына жана мазмунуна өзгөртүүлөр киргизилүүдө. Математикалык

билим берүүнүн максаттарынын экинчи жыйындысы инсандын ушундай жөндөмдүүлүктөрүн калыптандыруу менен байланышкан, аларды калыптандырууда математиканы окутуу маанилүү орунду ээлейт [53].

Аларга төмөнкүлөр кирет: психикалык тарбияны түзгөн жеке сапаттар; дедуктивдүү ой жүгүртүү (студенттердин логикалык өнүгүүсү); абстракциялоо, жалпылоо, адистештирүү, түшүнүктөрдү аныктоо, баа берүү, маселени чечүүнүн жолдорун табуу; бул өбөлгөлөрдөн логикалык натыйжаларды чыгара билүү (тыянак чыгаруу жөндөмдүүлүгү); объекттерди талдоо, анын маңызын аныктоо, майда деталдардан абстракциялоо, андан өзгөчө учурларды бөлүп алуу; суроонун негизги түзүүчүсүнөн моделге өтүү (имитациялоо); тартип жана критикалык ой жүгүртүү; ойду оозеки билдирүүнүн тактыгы, кыскалыгы, тактыгы; көңүл бурууну жана топтоо жөндөмүн ээн баштык менен башкаруу.

Чыгармачыл мүнөздү түзгөн жеке сапаттар: жеке адамдын чыгармачылык жөндөмдөрү; билимди өз алдынча алуу жөндөмү; корутундуларды колдоно билүү: салыштыруу, алынган корутундуларды жалпылоо, шарттардын натыйжаларга тийгизген таасирин баалоо.

Дүйнө таанымын калыптандыруу менен байланышкан жеке сапаттар: дүйнө мыйзамдарын, билимдин принциптерин түшүнүү; чындыкты таануунун ар кандай ыкмаларына ээ болуу, курчап турган дүйнөнүн кубулуштарын таанып билүү мүмкүнчүлүгүн түшүнүү; илим жана анын концепциялары практика менен тыгыз байланышта деген ойлорду калыптандыруу, ага жалпы методдорду түзүү, анын негизги маселелерин чечүү мүмкүнчүлүктөрү. Аппараттын иштөө принциптерин түшүнүү жана заманбап технологияларды колдонуу: илимий математикалык түшүнүктөрдү, идеяларды кабыл алуу; концептуалдык ой жүгүртүү; өз көз карашын жана ишенимин коргой билүү; билимдин тарыхын, келип чыгышын жана өнүгүшүн так түшүнүү.

Адеп-ахлактык тарбия менен байланышкан жеке сапаттар: максатка умтулуу, жоопкерчилик, максатка жетүүдөгү туруктуулук, демилге.

Эмгекке тарбиялоого байланышкан жеке сапаттар: эмгекчилдикке тарбиялоо; тарбия иштеринин жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү; системалуу, ирээттүү иштөө адаттары.

Математиканы окутуу максаттарынын үчүнчү бөлүгү математикалык билим берүүгө гана тиешелүү болгон социалдык мүнөздөгү милдеттерди камтыйт, б.а. башка предметти изилдөө мүмкүнчүлүгү жокко эсе.

Биздин көз карашыбызда жогорку инженердик билим берүү системасында математика курсун окутуунун эффективдүүлүгүн камсыздоо үчүн интегративдик ыкманын негизинде окутуунун методикалык системасын түзүү зарыл. Ал эми интегративдик ыкма катары компетентүүлүкү жана ишмердүүлүктү калыптандыруучу ыкмалардын айкалышын колдонуу керек, себеби дал ушул ыкмалар студенттерге болочоктогу кесиптик ишмердүүлүгүн өздөштүрүүгө мүмкүнчүлүк түзөт. Мындан ары математиканы окутуу үчүн жогорудагы ыкмалар жана аларды комплекстүү колдон муунун шарттары каралат.

Инженердик профилдеги адистерди математикалык даярдоонун сапатын жогорулатуу зарылдыгы К. Бергстен, О. Каджестен, Дж. Энгельбречт, Р. Бехлер, С. Шрѐбер, Р. Хохмут, сыяктуу чет элдик окумуштуулар тарабынан да белгиленген. Алардын иштеринде чечими инженердик обьектилердин математикалык моделине негизделген кесиптик маселелерди математиканы окутууда колдонуу максатка ылайыктуу болот деп көрсөтүлгөн. Ошондой эле математика инженердин кесиптик ишмердүүлүгүнүн инструменти катары каралган.

Болочок инженерлерге математиканы окутууда анын кесипке багытталган мазмунун аныктоого өзгөчө басым жасалат.

Жогоруда айтылгандарды жалпылап келип төмөнкүдөй жыйынтык чыгарууга болот. Жогорку инженердик билим берүүдө математиканы окутууну өркүндөтүүнүн негизги багыттары:

- окутуунун кесипке багытталышы;
- жогорку математиканын предметтер аралык байланышын колдонуу;

- дидактикалык алдыга озуу кырдаалдарын жаратуу;
- математиканы окутуунун компетенттүүлүк ыкмасы;
- окутууда маалыматтык технологияларды колдонуу;
- математиканы окутууда компетенттүүлүк ыкмасы менен катар эле башка ыкмаларды да колдонуу (интегративдик, ишмердүүлүк, инсанга багытталган, ж.б.).

## 1.2. Математика курсун болочок инженерлерге окутуунун учурдагы абалы, андагы проблемалар жана аны жаңылоонун зарылчылыгы

Болочок инженерлерди даярдоодо билим берүүдөгү негизги программада төмөнкү дисциплиналар циклин жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоону студент окуп үйрөнүүсү шарт:

- гуманитардык, социалдык жана экономикалык цикл (ГСЭЦ);
- математикалык жана табигый илимдер циклы (МТИЦ);
- кесиптик цикл (КЦ).

**(**ОшМУда, М. М. Адышев атындагы ОшТУда, И.Арабаев атындагы КМУда**)**

Инженердик багыттагы бакалаврларды даярдоодо акыркы жылдардын окуу пландарын талдоо менен математикалык жана табигый илимдер циклинин (МТИЦ) өзөгүн “Математика” дисциплинасы түзөөрүн байкоого болот.

Жогоруда аталган окуу жайлардын баарынын окуу пландарынан бул дисциплинанын өзүн же анын болочок инженерлерге окутулуучу бөлүмдөрүн табууга болот (мисалы “Сызыктуу алгебра жана аналитикалык геометрия”, “Математикалык анализ”, “Дифференциалдык теңдемелер”, “Ыктымалдуулук теориясы жана математикалык статистика” ж.б).

Математика жана табигый илимдер циклинин табигый илимдер бөлүгүнүн өзөгүн жаратылыш менен байланышта болгон физика, химия, теоретикалык механика, электротехника сыяктуу дисциплиналар түзөт. Алар математика менен биргеликте инженердик билим берүүнүн базиси болуп саналат, кесиптик

циклдеги дисциплиналардын маңызын эффективдүү өздөштүрүүгө шарт түзүшөт, инженердин кесиптик компетентүүлүгүн калыптандырышат. Ушундай жол менен, окуу планынын түзүмү эле математикалык жана табият таануу дисциплиналарын интеграциялоонун жана ага тиешелүү илимий-педагогикалык негиздемени иштеп чыгуунун зарылчылыгы келип чыгат.

ЖОЖдордогу (ОшТУ, ОшМУ, И.Арабаев атындагы КМУ) математика курсунун курамы (мазмуну) 2-тиркемесинде чагылдырылган.

Мисал катары, техникалык университеттеги табият таануу дисциплиналарынын ичинен эң белгилүү болгон жогорку математика курсунун “Вектордук алгебра” бөлүмүн карап көрөлү. Мисалы мектептеги физика предметин окутууда бул бөлүмдүн маанилүүлүгү Н. В. Сычеванын [115] эмгегинде көрсөтүлгөн.

Мектептерде вектордук алгебраны - табигый-математикалык циклдин дисциплиналарынын ортосундагы дисциплиналар аралык байланыштарды ишке ашыруу аспектисинде так изилдөө зарылдыгы мурда да каралган.

Математика мугалимине заманбап математикалык билим берүүнүн негизи болгон вектордук алгебра жөнүндө Л. Л. Креш жана Н. В. Працевитыйдын эмгектеринде айтылган. Вектордук алгебра боюнча билимдер жана көндүмдөр жогорку математика курсунун өзүндө, анын “Аналитикалык геометрия”, “талаалар теориясы”, “бир нече өзгөрмөлүү функцияларды дифференциалдык эсептөө”, “эселүү жана ийри сызыктуу интегралдар” сыяктуу бөлүмдөрүндө ошондой эле коюлган маселени чыгаруу учурунда физика, теоретикалык механика, электротехниканын теоретикалык негиздери сыяктуу табигый илимдер дисциплиналарында колдонулат.

Д. Б. Эльконин жана В. В. Давыдовдун окутуу ишмердүүлүгүнүн теориясына таяна турган болсок, окутуу ишмердүүлүгү мотивация катары негизинен төмөнкүдөй үч компоненттен турган сырткы структурага ээ:

- окутуунун түрдүү формаларындагы белгилүү кырдаалдардагы окуу тапшырмалары, окуу иш аракеттери;

- өзүн өзү көзөмөлдөө;

- өзүн өзү баалоо.

Ошол эле учурда окуу тапшырмаларын чечүүгө зарыл болгон окуу иш араекттери окуу шарттарында студенттер тарабынан өздөштүрүлөт.

Дисциплиналар аралык интеграцияга негизделген математиканы окутууда окуу кырдаалдары да интегративдик мүнөздө болот.

Окутуудагы коюлган маселени чечүүдө бир дисциплинадагы көндүмдөрдү башка дисциплинанын предметте колдонгон окуу кырдаалы катары интегративдик окуу кырдаалын карап көрөлү.

Математиканын предметтик интегративдик окутуунун кырдаалын негизинен эки типке бөлүүгө болот:

I - Типтеги интегративдик окутуу абалы. Эгерде математиканы окутуу учурунда кайсы бир маселени чечүү үчүн башка дисциплинанын билимдери жана көндүмдөрү түздөн түз колдонулса, (мисалы физика боюнча формулалар, эрежелер, касиеттер) мындай абал 1-типтеги интегративдик окутуу абалы катары каралат. Мындай учурда коюлган маселе бир кадам менен аткарылат, маселени аткарууда башка дисциплинанын билимдери түздөн түз колдонулганы менен ал дисциплинанын локалдык предмет түзүлбөйт.

II - Типтеги интегративдик окутуу абалы. Математиканы окутууда математиканын предметтик алкагында “башка дисциплинанын локалдык предмети түзүлсө жана анда математика боюнча көндүмдөр колдонулса мындай абал II - Типтеги интегративдик окутуу абалы катары каралат. Бул учурда маселени чыгаруу эки кадам аркылуу ишке ашырылат, биринчи кадам – сырткы дисциплинанын локалдык предметин түзүү, экинчи кадам – бул предметте баштапкы дисциплинанын билимдерин колдонуу. Мисалы, математика сабагында инженердик маселелерди чыгарууда математикалык көндүмдөр аткарылат. Сырткы дисциплинанын локалдык предметти түзүүнүн кандай зарылчылыгы бар деген суроо жаралышы мүмкүн. Мында локалдык предмет окутулуп жаткан дисциплинанын алкагында түзүлөт, студенттер анын мазмуну менен мурдатан тааныш жана андагы зарыл болгон билимдерге ээ.

Педагогикалык жөндөмдөрдүн биринчи деңгээли перцептивдүү-рефлексивдүү болуп, аларга “сезимталдыктын үч түрү” кирет: эмпатия менен байланышкан объектти сезүү жана студенттердин керектөөлөрүнүн талаптары менен дал келүүсүн баалоо; бөлүштүрүү сезими, же сылыктык жана таандыктык сезими. Педагогикалык жөндөмдүүлүк экинчи деңгээли - окутуунун жаңы ыкмаларын түзүүгө болгон сезимталдык менен өзгөртүлгөн жөндөмдүүлүктөр. Бул деңгээл гностикалык, дизайн, конструктивдүү, коммуникативдик жана уюштуруучулук жөндөмдөрдү камтыйт.

**Гностикалык жөндөмдүүлүктөр** - студенттерди окутуунун методдорун тез жана чыгармачылык менен өздөштүрүүдөн, тапкычтыгынан көрүнөт. Долбоорлоо жөндөмдөрү студенттерди өз алдынча маселелерди чечүүгө даярдаган окутуунун бүткүл мезгили үчүн өз убагында жайгашкан тапшырмаларда тарбиялык окутуунун акыркы натыйжасын көрсөтүү жөндөмдүүлүгүнөн көрүнөт.

**Конструктивдүү жөндөмдүүлүк** - окуучунун билим алып калыптанышына, максаттарды кое билип ишке ашыруу, өнүгүү чыгармачылык, ишмердүүлүк менен жумушчу атмосфераны түзүүдөн пайда болот.

**Коммуникативдик жөндөмдүүлүк** - байланыш, педагогикалык максатка ылайыктуу мамилелерди түзүүдө көрүнөт. Ийгиликтин эки түрү өзгөчөлөнөт: Жекече (адамдын өзүнө карата жетишкендиктери) жана социалдык (бир адамдын башка адамдардан жетишкендиктерине салыштырмалуу жетишкендиктери). Биринчи түрү - жеке (ресурстук) ийгилик, экинчиси - атаандаштык.

Ийгиликтин жеке мүмкүнчүлүгү катары (терминалдык жөндөмдөр) адамдын жеке психологиялык мүмкүнчүлүгүнүн, артыкчылык жөндөмүнүн негизинде ийгилик жаратып ким болбостон кайсы бир тармак боюнча ал иштин ал тармактын атаандаштыгын күчөтүп, башка адамдарга ийгилик жаратууга себеп болуп атаандаштык пайда кылат деп эсептейт.

Жогорку окуу жайларынын дидактикасынын өзүнө тиешелүү өзгөчөлүктөрү бар: жогорку билим берүүнүн максаттары жалпы дидактикалык

принциптердин системасында билим берүүнүн кесипке багыттап окутууга басым жасоонун олуттуу өзгөрүшүн билдирет.

Ар бир предметтер боюнча бул принципти калыптандырууга жана ишке ашырууга өзгөчө көңүл бурууну талап кылат; орто кесиптик билим берүү өзүнүн маңызы жана максаты боюнча ар дайым кесипкөй болуп келген жана боло берет, ошондуктан окуу процессинин кесиптик багытын талап кылуу ар бир окуу предметинин эң маанилүү талабы болуп саналат.

Математиканын предметтик областына тиешелүү болгон дисциплиналар аралык принциптерди дисциплиналар аралык интеграциянын компетенттүүлүк принцибине чейин өркүндөтүү зарыл, ал үчүн: математиканы окутууда I жана II типтеги предметтер аралык интеративдик окутуу абалдарын колдонуучу кырдаалдарды систематикалык түрдө түзүп туруу керек, бул кырдаалдар математиканын предметтин жана башка студенттердин жаңы шарттарда математикалык иш аракеттерди аткаруу көндүмдөрүн калыптандыруучу фундаменталдык дисциплиналардын предметинин түзүлүшү кажет. Бул иш аракет дисциплиналар аралык байланыштын статикалык мүнөзүн ийкемдүү, динамикалык түргө өзгөртөт.

Азыркы доордогу инженердик практикадан улам барган сайын инженердик илимге айланып бара жатканы негизделди, демек анын практикалык чөйрөдөгү талаптары математиканын татаал апараттарын – моделдерин колдоно билүүгө мажбурлоодо. Анткени математика илими инженерлер үчүн алардын жасап жаткан иштеринин натыйжасына жетүүнүн негизги “акыл каражаты” боло тургандыгын практика күндөн күнгө негиздеп келе жатат. Ал эми азыркы жаңы доордогу инженердик практикадагы дээрлик көптөгөн маселелери татаал жагдайлар менен, анын алкагында көпчүлүгү негизинен кокустук кубулуштар менен дагы тыгыз байланышта болгондуктан, мурдагы детерминанттык же кадимки өзгөрмөлүү математикалык апараттардын жардамы менен аткарылуучу иштердин чечимин эсептөө жетишээрлик болбой калды. Андыктан жаңы доордун учурундагы инженердик илим жана анын практикасы татаал илимге айланып бара жатат жана анын талаптарын аткарууда фундаменталдык

математикада, башка табыгий илимдер менен биргеликте, өзүнүн жогорку татаалдыктагы математикалык моделдерин колдонуу зарылчылыгы жаралып олтурат.

Бардык илимдерди математикалаштыруу жаңы доордун илим жана техникадагы эң маанилүү кыймылдаткыч күчү болуп калды. Бул кыймылдаткыч күч биринчи кезекте инженердик илимдеги жана анын практикасындагы маселелердин чыгарылыштарын (жообун) табуу менен аны адамдын жашоо практикасына колдонуу каражаттарын жасап чыгуу процесси күнүгө өнүгүп бара жаткандыгын белгилөөгө болот. Ошондуктан, Математика илими менен Инженердик илимдин жана практикалык ишмердүүлүктүн өз ара тыгыз байланышынын айрым тарыхый учурларына токтоло кетүүгө болот.

- Математика менен инженердик практиканын байланышын түзө алган алгачкы тарыхий инсандардын таланттууларынын бири болгон Леонардо да Винчини баса белгилөөгө болот. Ал кайра жаралуу доорунда жашаган "универсалдуу инсан" деген атакка татыктуу болгон. Анткени ал: сүрөтчү, ойлоп табуучу, жазуучу, музыкант, ошондой эле математика, физика, химия жана механиканы дагы ошол доордун деңгээлинде мыкты билген инсан эле. Арифметикалык жана жөнөкөй алгебралык аппаратты колдонуу менен (ал доордо азыркы фундаменталдык математиканын негизи түзүлө элек болчу) Леонардо да Винчи өзү ойлоп тапкан инструменттердин, инженердик буюмдардын чиймелери, кол жазмалары, ойлоп тапкан нерселердин (изобретение) проектилеринин математикалык эсептөөлөрү табылган. Анын илимин жана практикасын кийинки окумуштуулар, инженерлер колдонуу менен анын ойлоп табуулары азыркы заманга чейин жетип олтурат;
- Өткөн кылымдын экинчи жарымынан баштап космостук ааламга чыгуу процесси тез өнүгө баштады. Ошол доордун Сергей Королёв башында турган инженерлер илиминин алдынкы өкүлдөрү космонавтика илиминин алкагында биринчилерден болуп алгылыктуу иштерди аткарышкан. Алар түзгөн ракеталардын жардамы менен космосту биринчилерден болуп өздөштүрө баштаган. Анын эң мыкты жараткан ракетасы "Союз" деп аталган. Мындай

иштерди жаратууда фундаменталдык физика – математика илимдери менен инжненердик илимдин жана анын практикасынын, техника менен технологиянын терең айкалышынын негизинде, колдонмо математиканын так эсептөөлөр апаратынын биргелешкен биримдиги ишке ашырган.

- Ал эми байыркы гректеги математиктердин "конустук кесилиш теориясын" бир нече кылымдан кийин Кеплер тарабынан түзүлгөн "асман телолорунун так кыймылынын теориясына" колдоно алса жана бир кыйла абстрактуу математикалык эсептөөлөрдүн негизинде планеталардын орбитасынын эллиптикалык формада экендигинин математикалык моделин түзгөн. Андан бир аз убакыт өткөндөн кийин Исаак Ньютон жана анын кесиптештери ал теорияны колдонуу менен жалпы физиканын жана инженердик техниканын негизи боло турган "механика теориясын" түзүп олтурат. Ал эми механиканын, материалдык телонун кыймыл законун изилдөөдө, стандарттуу эмес фигуралардын аянтын, көлөмүн эсептөөлөрдү жүргүзүү зарылчылыгынан - дифференциалдык жана интегралдык эсептөөлөрдүн теориялык негиздери түзүлүүсүн баса белгилөөгө туура келет.

Ошентип, мурдагы математиканын физикадагы колдонулушу механика жана оптика менен гана чектелсе, эми аларга электродинамика, магнетизм теориясы жана термодинамика кошулду. "Үзгүлтүксүз чөйрө механикасынын" маанилүү бөлүктөрү да кеңири өнүгүүгө ээ болду. Ошол учурда инженердик техниканын математикалык керектөөлөрүнүн талаптарына ылайык, механиканын жана математикалык физиканын жаңы аппараты катары кадимки дифференциалдык теңдемелердин жана математикалык физиканын теңдемелеринин теориялары иштелип чыкты. Ал эми өзгөрмө чоңдуктар же функциялардын математикасынын жаралуу доору жаралып, анда механика менен физиканын негизги закондорун негиздеген дифференциалдык теңдемелер теориясы келип чыккан жана анын негизги закондору дифференциалдык теңдемелер аркылуу жазыла баштаган.

Мындай теориялардын пайда болуусу кыймыл законуна байланыштуу көптөгөн маселелерди окуп үйрөнүүгө жана стандарттуу эмес фигуралардын

аянттарын, көлөмдөрүн так маанисин табуу маселелерин чыгарунун жолдорун табышкан. Дифференциалдык эсептөөлөр теориясынын негизинде кыймылда бара жаткан материалдык чекиттин (геометриялык чекиттин) убакыттын ар бир моментиндеги (ар бир белгилүү маанисиндеги) ылдамдыгынын маанисин аныктоо мүмкүнчүлүгүнө жол ачылды. Дифференциалдык жана интегралдык эсептөөлөрдүн жана анын негизинде пайда болгон дифференциалдык теңдемелер теориясын колдонуунун негизинде механика илими зор ийгиликтерге жетишти. Планеталардын кыймыл закондорун изилдеген астрономия илими математиканын бул бөлүмдөрүн өзүн проблемаларын чечүүгө ийгиликтүү колдоно алды. Ал эми айрым туундулардан түзүлгөн дифференциалдык теңдемелерди колдонуу менен (бир аргументүү функция $(f(x))$ жана анын туундуларынан түзүлгөн, теңдемелер дифференциалдык, эки же үч (чектүү сандагы) аргументтүү функциялардын $(f(x,y), f(x,y,z))$ жана анын айрым туундуларынан түзүлгөн теңдеме-айрым туундулары дифференциалдык теңдемелер деп аталышат) гидродинамиканын кубулуштарын, жылуулуктун таралышын катуу нерсенин серпилгичтигин жана башка көптөгөн маселелерди чечүүдө математикалык каражат - куралы болуп берди.

Ал эми акыркы жүз жылдыкта математика илимин колдонуу, өзгөчө инженердик илимде жана анын практикасындагы областын кескин түрдө кеңейтип, колдонмо математиканын ролу абдан жогорулап бара жатат. Алсак: молекулалардын эволюциясына байланыштуу кубулуштарды даана байкоо үчүн көп өлчөмдүү геометрияны киргизүүгө туура келди, кийинчерээк чексиз өлчөмдүү геометрия дагы түзүлдү. Мындай объектилердин негизинде математика илиминде функционалдык анализ бөлүмү пайда болду жана ал классикалык анализ (дифференциалдык жана интегралдык эсептөөлөр, вариациялык эсептөө, дифференциалдык жана интегралдык теңдемелер жана алардын системи), көптүктөр теориясы, сызыктуу алгебра жана көп өлчөмдүү геометриянын түрдүү бөлүмдөрүнүн маселелерин бир идеяга (функционалдык талдоо идеясына) бириктирет жана жалпы теория жарата алды, б.а. бири -

биринен байланышы алыс сыяктуу көрүнгөн математиканын ар түрдүү бөлүмдөрүнүн байланыштары түзүлдү. Мындай математика илиминин жаңы бөлүктөрүнүн бири болгон Ыктымалдар теориясы жана анын азыркы инженердик практикадагы колдонулуштары жөнүндө айтпай коюуга болбойт. Өткөн кылымдын башында ыктымалдар теориясы турмуштун практикалык керектөөсүнүн талабынын негизинде байкоонун каталар теориясы (теория ошибок наблюдений), атуунун теориясы, кийин газдардын кинетикалык теориясында жана биологияда колдонула баштады. Ал эми азыркы учурда бул ыктымалдар теориясынын катышы болбогон илимдер жана практикалык тармактар болбосо керек. Ыктымалдар теориясы азыркы учурда биологиянын жана медицинанын, физиканын, байланыш теориясынын, өндүрүштү уюштуруунун, социалдык процесстердин, инженердик изилдөөлөрүндө жана практикасында, айыл чарба жана агрардык маселелердин проблемаларын математикалык изилдөөлөрдөгү негизги аппарат болуп калды деп айтууга болот. Математикада эсептөө анын эң негизги аппараты болгондуктан жана ал математиканы колдонуу учурлардын бардык этаптарында керектелгендиктен электрондук эсептөөчү машиналардын, азыркы учурда компьютерлердин жаралышы математика илиминин абалына өтө катуу таасир берди.

1. Таза инженердик изилдөөлөргө жана практикасына дагы бир нече мисалдарды келтирели. Учак куруу же авиациялык өнөр жайындагы инженердик практикада фундаменталдык математика курсундагы Гидромеханиканын, аэро – Газодинамиканын физикалык кубулуштардын, ал эми татаал архитектордук – курулуш проектилеринин инженердик практикасында “Катуу телонун механикасы” теориясынын закондорунун математикалык моделдери колдонулат. Алсак: “ийилме деформациянын каршылыгы (сопротивление упругим деформациям), флаттер, чыңалуунун концентрациясы (концентрация напряжений) сыяктуу факторлорду изилдөөдө көп өлчөмдүү математикалык анализ же Интегро – дифференциалдык эсептөөлөр теориясын базалык негиз кылып алуу зарылчылыгы жаралат.

2. Ошондой эле, физикалык кубулуштардын Скалярдык жана Вектордук

талаалардын касиеттерин жана закондорун окуп үйрөнүүдө анын “Деңгээл бети” жана “Вектордун градиенти”, Векторлор агымы жана Вектордун дивергенциясы, Вектордун циркуляциясы, Вектордук талаанын куюну (ротору) ж.б. факторлорду изилдөөдө жана аны инженердик практикада колдонуудагы эсептөөлөр системасын иштеп чыгууда зарыл болот. Мындай кубулуштардын математикалык моделдеринин чыарылыштарын аныктоодо көп өлчөмдүү Интегро – дифференциалдык эсептөөлөр теориясы колдонулат, алсак: Гаусс – Остроградскийдин (беттик интегралдар жана көп кайталанма интегралдарды эсептөө) жана Стокстун формуласы ж.б. Бул кубулуштар менен байланыштуу инженердик ар түрдүү апараттарды, буюмдарды, деталдарды даярдоо процессиндеги эсептөөлөр санарипке өткөрүлгөн, б.а. Аналитикалык чыгарылыш - Колдонмо математикага өткөрүлүп (жакындаштырып эсептөө жолуна), аны ЭЭМди колдонуу программасына жиберилген.

3. Дагы бир областы белгилей кетели. Азыркы учурдагы татаал техникалык системадагы дагы бир маселе – автоматикалык башкаруу системасы. Автоматикалык башкаруу системасынын теориялык негиздери инженердик практикада эң маанилүү маселенин бири болууда. Алсак: энергетикалык тармактагы автоматикалык башкаруу системасын уюштуруу же мейкиндикте тез уча турган объектилердин (самолеттордун, ракеталардын, зениттик артилериялардын снаряддарынын ж.б.) траекториялары, учуу ылдамдыктары боюнча маалыматтарды убакыттын ар бир моментиндеги автоматикалык башкаруу системасы ж.б. Мындай система үчүн, мисалга, инженерлер тарабынан радардык установка жасалат жана анын жардамында учуп келе жаткан самолетту (же башка объектилердин ) атып түшүрүү үчүн анын азимуту жана атуучу батереянын (радиус вектордун) бурчу алдын ала автоматтык түрдө эсептелип турат. Көпчүлүк учурда фундаменталдык математиканын негиздеринин инженердик практикада колдонулушу детерминировандык (же кокустук эмес) кубулуштар эмес, стохастикалык (кокустук чоңдуктар аркылуу туюнтулуучу) кубулуштарга байланыштуу маселелерге туш келишет.

Жогоруда белгиленген автоматикалык башкаруу системасындагы радардык эсептөө учурунда стохастикалык – “эң чоң ыктымал маанисин” эсептөө алынат. Колдонмо математиканын бул бөлүмү “Ыктымалдар теориясы жана математикалык статистика” деп аталат.

Инженердик практикада байыртан колдонуп келе жаткан Колдонмо математиканын эсептөө жүргүзүү бөлүмү – “Жакындаштырып эсептөөнүн негиздери” болуп эсептелет. Катарлар теориясынын негизинде, аналитикалык же функционалдык туюнтмалардын сандык маанилерин табуу “Арифметикалык эсептөөлөрдүн” жолуна которулган. Ал эми азыркы ЭЭМдин мүмкүнчүлүгү бул операцияны “көз ачып жумгача” аткара турганы белгилүү.

Тез эсептөө технологиясынын улам өркүндөп бара жатышы, инженердик техника, технология менен математиканын арасында тыгыз байланыштын түзүлгөнүнүн далили болот. Ошондуктан, заманбап техниканын алдыда дагы өнүгүүсүндө - инженердик илим жана практика үчүн жалпы математикалык компетенттүүлүктүн калыптанышы зарыл жана жетишээрлик шарт болуп эсептелет.

Жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттарында инженердик-техникалык кызматкер (ИТК) фундаменталдык билимдердин жана көндүмдөрдүн, кесиптик компетенттүүлүктүн системасына ээ болууга тийиш деп айтылат; ага коюлуучу талаптар: кесиптик чөйрөдө мобилдүү жана дүйнөлүк эмгек рыногунда атаандаштыкка жөндөмдүү болуу [34].

Математиканы окутуунун техникалык профилдик стандарттарында фундаменталдык жалпы билим берүүчү дисциплиналардын биринин ролу белгиленген. Техникалык жогорку окуу жайларында жалпы билим берүү менен кесиптик даярдыктын ортосундагы өз ара байланыштын зарылчылыгы бул окуу жайлардын өзгөчөлүгүнө мүнөздүү, бул табигый түрдө математикалык билим берүүнүн кесиптик багытка ээ болушуна алып келет. Окутуунун кесиптик багыты, биринчиден, каражат катары каралат: математиканын жардамы менен окуу процессин профилдик, ал эми кээ бир жагдайларда кесиптик багыттагы

кылуу. Экинчиден, ал спецификалык дисциплиналар аралык байланыштын формасы катары каралып, жалпы билим берүү жана кесиптик билимдердин ортосундагы адистештирилген байланыш катары мүнөздөлөт. Бул байланыштын эки негизги түрү бар: түз жана кыйыр. Түз байланыш математика курсунун кесиптик мүнөзү аркылуу ишке ашырылат. Колдонмо математиканы окутуунун кесиптик багыты атайын тандалган тапшырмалар системасы аркылуу ишке ашырылат, анын мазмуну техникалык профилге мүнөздүү болууга тийиш. Кыйыр байланыш колдонмо математиканын жардамы менен ой жүгүртүүнүн (техникалык ой жүгүртүүнүн) айрым касиеттерин калыптандырууда жатат, бул студенттерге жалпы техникалык жана атайын дисциплиналарды окуп жатканда гана эмес, келечектеги кесиптик ишмердигинде да ыктыярдуу кырдаалдарды математикалаштырууга мүмкүндүк берет. Кыйыр байланыштын алдыңкы багыты болуп математикалык моделдөө саналат – математиканын өзүндө да, билимдин жана өндүрүштүн башка тармактарында да математикалык билимдерди кыйыр колдонуу процесси.

**Компетенция** - дүйнө таанымдын, билим, билгичтик, көндүмдүн динамикалык комбинациясы болуп эсептелет. Компетенцияларды өнүктүрүү- билим берүү программаларынын милдети. Алар конкреттүү анык бир сфера үчүн темалар боюнча бөлүштүрүлөт жана жалпы компетенциялар (бардык курс үчүн жалпы) кесиптик компетенциялар болуп бөлүнүшөт.

**Компетенттүүлүк -** адамдын белгилүү бир кырдаалда, чөйрөдө кандайдыр бир билим, билгичтиктерге, көндүмдөргө ээ болуусу, алар аркылуу турмушта жемиштүү ийгиликтерге жетишүүсү.

Билим берүүнүн стандартында компетенттүүлүктүн үч түрү сунушталат: маалыматтык компетенттүүлүк; социалдык-коммуникативдик компетенттүүлүк; өз ишин уюштуруу жана маселелерди чече билүүчүлүк компетенттүүлүгү.

**Маалыматтык компетенттүүлүктө** – ар бир өздөштүрүлгөн билимдин практикалык жактан зарылчылыгы, керектүүлүгү тастыкталат. Мисалы, математика предмети боюнча математикалык терминдердин туура колдонулуусу, математикалык тилдин так өнүгүүсү жана алардын турмушта

колдонулушу, өз оюн башкаларга так, толук түшүндүрө алышы, билимин, билгичтигин, көндүмүн турмуштук тажрыйбада колдонуусу, математикалык амалдарды так аткаруусу, суроо бере билүүсү, өз айтканын тастыктай алуусу, өз билимин баалоосу, өз ара баалоочулугу, башкалардын пикирин уга билүүсү ж.б.

**Социалдык - коммуникативдик компетенттүүлүгүндө** – студенттердин башкалар менен мамиле кылуунун, сүйлөшө билүүнүн, маектешүүнүн, баалоонун, оозеки жана жазуу жүзүндө предметтик тилдеги кептин өнүгүшүн, өз оюн айтуу, башкаларды уга билүү, улуттар аралык байланышты чыңдоо ж.б. проблемаларды камтыйт.

**Өз ишин уюштуруу жана маселелерди чече билүү компетенттүүлүгүндө** – предметтер боюнча өз алдынча иштөөгө толук шарт түзүлөт. Мисалы, көнүгүү, машыгуу, мисал-маселелер, практикалык тапшырмалар, жуптук, топтук тапшырмаларды аткаруусу. Өз алдынча ой жүгүртө билүүгө, өз ишин пландап, талдап, ага баа бере билүүгө, билгичтикке, каалоого ээ болот. Буларды ишке ашырууда дидактикалык принциптердин (илимдүүлүк, системалуулук жана ырааттуулук принциби, жеткиликтүүлүк принциби, аң–сезимдүүлүк жана активдүүлүк принциби, көрсөтмөлүүлүк принциби, билимдердин бекемдиги принциби) сакталышы жана талаптардын (өз билимдерин өркүндөтүү, санитардык – гигиеналык эрежелердин сакталышы, мультимедиалык презентациялардын ачык, так жана даана даярдалышы керек ж.б.) аткарылышы зарыл болот.

**Окутууга компетенттүү мамиле жасоо** – окуп-үйрөнүүнүн натыйжалары окуу процесси аяктагандан кийин окуучу эмнени билүүгө, түшүнүүгө жана же демонстрациялоого милдеттүү экендигин аныктоо.

Окутуунун компетенттүүлүк мамилесин калыптандыруунун багыттары, милдеттери: билимдердин сапатын контролдоонун бирдиктүү принциптерин; билим берүү программаларында ачыктыкты жана вариативдүүлүктү күчөтүүнү иштеп чыгуу.

Компетенттүүлүк мамиле билим берүү процессин, системалуу–ишмердүүлүк мүнөздөгү компетенцияларынын калыптандырылуусунун

негизинде түзүүнү талап кылат.

Математикалык компетенттүүлүктөрдү өнүктүрүү үчүн кесиптик кызыкчылыктар чөйрөсүндө изденүү ишмердүүлүгүнүн пайдубалын түптөө, алынган маалыматты талдоо жана аны мүмкүн болушунча эртерээк ылайыктуу пайдалануу керек. Бул студенттердин теориялык жана практикалык даярдыгын туура айкалыштырууну талап кылат [13].

**Математикалык компетенттүүлүк** төмөнкүлөрдү: математикалык ой жүгүртүүнү, математикалык далилдөөлөрдү, маселенин коюлушун жана чечилишин, математикалык моделдештирүүнү, математикалык объектилерди жана жагдайларды ар түрдүү формаларда көрсөтүп колдонууну, математикалык тилди колдонууну, коммуникативдик билгичтикти (жазуу жана ооз эки математикалык тилде сүйлөө), азыркы учурдагы техникалык каражаттарды колдонууну камтыйт.

Биздин изилдөөбүздө принциптердин системасын түзүү үчүн биз инженердик багытта окуган бүтүрүүчүлөрдүн окутуунун багыттары боюнча жалпыланган эмгек функцияларын талдоо, алардын окуу процессинде математикалык каражаттарга ылайык келишин камсыз кылуу максатында аныктадык. Төмөнкү принциптердин системасын карадык, алар:

- **кесиптик багыттуулук** студенттин ЖОЖдогу окуусунун алгачкы этаптарынан баштап келечектеги кесибине даярдоого түрткү берүүчү факторлордун комплекси катары каралат. Математиканы окутууда кесиптик жактан маанилүү көндүмдөрдүн жана компетенциялардын өздөштүрүүсү, студенттердин кесиптик көндүмдөр менен предметтик компетенциялардын дал келиши. Студенттерди даярдоодо билим берүү стандарттарынын билим берүүнүн максаттарына, мазмунуна туура келиши;
- студенттерди даярдоонун тарбиялык жана кесиптик багыттардын биримдигин аныктоодо интегративдүүлүктүн дал келиши. Кесиптик көндүмдөрдү, компетенцияларды, математикалык каражаттарды тандоо, аныктоодо билим берүү жана кесиптик даярдыктардын дал келиши. Студенттердин математикалык каражаттарынын көп түрдүүлүгүн түшүнүү үчүн

математикалык методдордун, кесиптик көндүмдөрдүн биримдигинин дал келиши;

- студенттердин активдүү таанып билүү ишмердүүлүгүндө кесиптик жөндөмдөрдү жана компетенцияларды калыптандыруудагы **практикалык багыттуулук** кесиптик даярдыктын процесси, максаты жана натыйжасы болот. Практикалык ишмердүүлүктө математикалык каражаттар тарабынан түзүлүүчү кесиптик компетенцияларды өнүктүрүүгө багыт алуу студенттердин кесиптик даярдыгын рационалдаштыруунун жана технологиялаштыруунун негизги жолу катары каралат. Даярдоо багыттары боюнча профилдик окуу материалдарын конструкциялоо үчүн математикалык каражаттарды колдонуу мүмкүнчүлүктөрүнө профилдик билимдердин мазмунунун дал келиши.

Студенттердин практикалык багытта окутуу принцибин ишке ашыруу кесиптик багытын жогорулатууда ишке ашат, ал эми интегративдүүлүк принциби студенттерди даярдоонун билим берүү жана кесиптик милдеттеринин биримдигин студенттердин билим берүү жана кесиптик даярдыгынын биримдиги, студенттердин кесиптик жөндөмдөрүнүн жана математикалык билимдеринин биримдигин ишке ашырууда көрүнөт.

Математикалык инструменттердин жардамы менен болочок студенттерин кесиптик даярдоодо кесипке багытталган ыкманы тандоо, студенттердин математикалык сабактарды өздөштүрүүдөгү негизги кыйынчылыктарын талдоо менен аныкталды. Талдоо үчүн биз анкета даярдадык (3-Тиркеме). Кесиптик дисциплиналарды өздөштүрүүдөгү кыйынчылыктар жөнүндө студенттердин сурамжылоосунда математикалык даярдыктын жетишсиздиги менен байланышкан кыйынчылыктар көрсөтүлгөн. Окутууда студенттер алардын кесиптик билим алуу боюнча математикалык окутуунун таасирин белгилешти. Бул сурамжылоого 203 студент катышты.

Кесиптик багыттагы орто жана жогорку деңгээлдеги студенттердин көп пайызы мотивациялык баалуулуктар аталган студенттердин функционалдык сабаттуулугунун төмөндөшүнүн себеби эмес экендигин көрсөттү.

Студенттерге “Колдонмо математика” предметинин маанилүүлүгү боюнча

“Сиздин оюңузча, студенттерди даярдоодо математика курсу эмне үчүн керек?” деген суроо берилген. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, сурамжылоого катышкандардын көбү математиканы окуу жана кесиптик маселелерди чечүүдө маанилүү деп эсептешет. Ошондой эле “Сиздин оюңузча, “Математика” дисциплинасы кайсы сабактар менен байланыштуу?” деген суроо берилген. Көп студенттер физика сабагын белгилешкен.

Сурамжылоонун аягында биз, математика боюнча материалды өздөштүрүүгө болгон тоскоолдуктар бар экенин байкадык.




1.1-сүрөт. Студенттерден алынган анкетанын жыйынтыгы

Заманбап эмгек рыногунда талап кылынган сандык методдордун, математикалык моделдөөнүн жана маалыматтык технологиялардын контекстинде бакалаврларды кесиптик даярдоонун жетиштүү деңгээлин камсыз кылуу үчүн биз төмөнкү шарттарды түздүк.

**Шарт I.** Теориялык, практикалык жана маалыматтык технологияларды кеңири колдонуу аркылуу окутуунун колдонмо кесиптик багытын бекемдөө;

**Шарт II.** Бакалаврдын студенттери тандаган окуу дисциплиналарынын үлүшүн жогорулатуу, алардын келечектеги кесиптик ишмердүүлүгүнүн өзгөчөлүктөрү менен толук таанышууга мүмкүндүк берүү;

**Шарт III.** Өз алдынча иштердин үлүшүн жогорулатуу жана текшерүүчү заманбап ыкмаларын жана каражаттарын колдонуу;

**Шарт IV.** Камсыз кылуучу заманбап педагогикалык жана маалыматтык технологияларды, психологиялык-дидактикалык түшүнүктөрдү колдонуу билим берүү ишмердүүлүгүн кесиптик ишке жакындатуу [22].

**Шарт V.** Жаңы кесиптик мааниге ээ окуу дисциплиналарын долбоорлоо жана аларды окуу-методикалык камсыздоо.

**Шарт VI.** Базалык кесиптик тиешелүү курстарды окутуунун усулдук системаларын модернизациялоо.

## 1.3. Болочок инженерлерге математика курсун окутууда интегративдик ыкманын методологиялык негиздери (Педагогикалык интеграциянын психологиялык-педагогикалык феномен катары каралышы

Билим берүүдөгү интеграция маселелери анын маани-маңызын окуп түшүнүү үчүн маанилүү болгон бай тарыхка ээ. Интеграция деп (integration латын сөзүнөн алынган – калыбына келтирүү, толтуруу деп которулат) бир нече майда бөлүктөрдүн бир бүтүнгө биригүүсү же ушундай жыйынтыкка алып келүүчү процессти айтабыз.

Педагогикалык энциклопедияда интеграция түшүнүгүнө төмөнкүдөй аныктама берилет: “элементтер ортосундагы өз ара байланыштын, өз ара аракеттенишүүнүн интенсивдүүлүгү жана көлөмүнүн чоңоюшу менен мүнөздөлүүчү элементтердин жана мурда бири биринен айырмаланган бөлүктөрдү бир бүтүнгө биригүүсү, аларды ирээтке салуу жана кайра баштан уюштуруу менен жаңы сапаттык касиеттерге ээ болгон бир бүтүндүктүн жаралышына байланышкан өнүгүү процесси” [98, 116-бет].

Советтик билим берүүдө интеграция негизинен предметтер аралык байланыш формасында изилденген, анда интеграциялоо жана предметтик билимдерди кординациялоо болуп эки түрдө иш жүзүнө ашырылган. Аны менен катар эле билим берүүдө интеграциялоо түшүнүгү катары түрдүү окуу предметтеринин элементтеринен бир бүтүндүктүн түзүлүшү каралган. Ал эми координациялоо түшүнүгү катары циклге бириктирилген түрдүү предметтер боюнча окуу программаларынын макулдашуусу каралган. Предметтер аралыктык байланыштын жардамында билим берүүнүн негизги максатына - ар тараптуу инсанды тарбиялоого түрткү берүүчү интеграциялоо жана координациялоо процесстери иш жүзүнө ашырылып келген. [74, 48].

Келечекти окутуунун эң маанилүү дидактикалык принциптеринин бири

катары адистерге бүгүнкү күндө предметтер аралык байланышты окутуу көптөгөн окумуштуулар тарабынан каралган.

Предметтер аралык байланыш маселелерин өз алдынча багыт катары педагогикалык изилдөөгө төмөнкү фактор негиз болгон: мазмуну боюнча бири бирине жакын болгон дисциплиналардын ортосундагы байланыш теоретикалык билимдин сапатын гана жогорулатпастан, келечек кесип ээлерин даярдоодо кесиптик ишмердүүлүктүн калыптанышында да чоң өбөлгө түзөт.

Ошону менен бирге эле окумуштуулар предметтер аралык байланыштын маңызын ар кандай чечмелешет, мисалы:

- дидактикалык шарттар;
- систематикалык принциптин пайда болушу, өзгөчө дидактикалык принцип;
- окуу дисциплиналарынын мазмунундагы жаратылышта обьективдүү иш аракет жасаган жана заманбап илимдерде таанылган диалектикалык өз ара байланыштын чагылуусу.

Э. Мамбетакуновдун пикиринде, предмет аралык байланыштарды окутуунун принциптери категориясына киргизүүгө болбойт, себеби алар жалпы окутуу процессине мүнөздүү болгон жетектөөчү педагогикалык жоболор болуп эсептелинбейт жана бардык окуу предметтерине таандык [77, 29-б].

Ал эми Н. В. Бровка төмөнкү аныктаманы колдонууну сунуштайт: “предмет аралык байланыш бул – объектер ортосундагы интегративдик карым катышты, чыныгы жашоодогу процесстерди жана кубулуштарды синтездөөчү, окутуу-тарбиялоо процесстеринин усулдарында, формаларында мазмуундарында чагылдырылуучу жана билим берүүчү, тарбиялоочу, өркүндөтүүчү функияларын аткарган педагогикалык категория” [16, с. 29]. Бул аныктама автордун пикири боюнча алда канча перспективдүү, анткени предметтер аралык байланышка аны педагогикалык категория катары аныктама берүүдө негизги басым “предметтер аралык байланыш” түшүнүгүнө жасалат, ал эми бул түшүнүк “илимдер аралык байланыш” катары чечмеленгендиктен предметтер аралык байланышты педагогикалык интеграциянын каражаты

катары кароо мүмкүнчүлүгүн берет [16, 52-53-б].

Окумуштуулар тарабынан предметтер аралык байланыш түшүнүгү предметтүүлүк сыяктуу эле дидактиканын принциби катары каралат. Ал тургай көптөгөн орус педагогдордун пикиринде предметтер аралык байланыш түшүнүгү теоретикалык, предметтүүлүк практикалык планда колдонулат. Ошол эле учурда интеграция предметтер аралык байланыш жана предметтүүлүк түшүнүктөрүнүн биригүүсү катары каралат [8, 61-б].

Предметтер аралык байланыштарды ишке ашыруу студенттерге курчап турган чындыктын кубулуштарын жана алардын ортосундагы өз ара байланышты толук түшүнүүнү калыптандырууга жардам берет, бул билимди практикалык жактан маанилүүрөөк жана келечектеги кесипте колдонууга жарамдуу кылат жана өз кезегинде тандап алган кесипке болгон кызыгууну өнүктүрүп, окууга болгон мотивациясын жогорулатат. Көп тараптуу предметтер аралык байланыштардын жардамы менен студенттерди окутуу, өнүктүрүү жана тарбиялоо милдеттери гана сапаттык жаңы деңгээлде чечилбестен, билим берүүдө студенттеринин кесиптик жактан өзүн өзү аныктоосуна жана өсүүсүнө негиз түзүлөт. Мына ошондуктан предмет аралык байланыштар билим берүүдө студенттерди окутууга жана тарбиялоого комплекстүү мамиле кылуунун маанилүү шарты жана натыйжасы болуп саналат. Математика менен атайын предметтер ортосундагы предметтер аралык байланыштарды ишке ашыруу төмөнкү шарттарды камсыз кылуу менен болочок адистин математикалык да, кесиптик да даярдыгынын деңгээлин жогорулатууга көмөктөшөт: математиканы окутуу процессинде дисциплиналар аралык байланыштарды ишке ашыруу математикалык билим берүүнүн сапатын жогорулатат жана билимдердин, билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн калыптанышын камсыз кылат; башка сабактар менен математиканын предметтер аралык байланыштарын ишке ашыруу каражаты болуп, студенттердин математика жана кесиптик окууга түрткү түзүүчү окутуу багыттары аларды чечүүгө өбөлгө болуучу предметтер аралык маселелер эсептелет [123].

Жогорку техникалык окуу жайындагы окутуу процессиндеги предметтер

аралык интеграция С. Ю.Бурилова [17] тарабынан изилденген. Автор өз эмгегинде мындай интеграциянын элементтик базасы катары студенттин таанып билүүчүлүк иш аракеттерин калыптандырууда ачыкка чыгуучу предметтер аралык байланыштарды эсептейт.

Предметтүүлүк же дисциплинардуулук түшүнүктөрүнө ошондой эле дисциплиналар аралык түшүнүгүнө көптөгөн чет элдик окумуштуулардын эмгектери арналган.

Ошол эле учурда мультидисциплинардуулук же мультипредметтүүлүк түшүнүктөрү бөлүнүп көрсөтүлөт. Бул процесс бир объектини окуп үйрөнүү үчүн түрдүү дисциплиналар тартылган учурларда жүргүзүлөт.

Темалар төмөнкү үч критерийге шайкеш келиши керек:

- студенттер үчүн түшүнүктүү жана жекече дисциплиналар маанилүү;
- дисциплиналар аралык болушу кажет, аларды окутуу - түшүнүктөрдү өздөштүрүүнү жакшыртуусу керек;
- чоң маселелерди түшүнүүгө жана чечимин табууга ылайыктуу, ошондой эле ар бир дисциплинанын объектисинин алкагынан чыга алуучу потенциалды камсыздашы керек.

Инженердик багыттагы жана адистиктеги студенттерге жогорку математика курсун окутууда жогорудагы айтылып өткөн “темага” мисал катары вектордук алгебраны жана баардык табигый илимдер дисциплинасында объект катары колдонулуучу вектор түшүнүгүн алсак болот.

XX кылымдын акырынан бери интеграциялоо эң маанилүү педагогикалык категориялардын бири катары каралат жана дидактиканын принциби катары таанылат. Предметтер аралык байланыштар окуу дисциплиналарынын өз ара системалык аракеттенишүүсүн шарттайт, эгерде өз ара системалык аракеттенишүү жок болсо анда предметтик байланыш да жок болот.

Бүгүнкү күндө интеграциялоо “билим берүүнүн бүтүндүк, уюшкандык, ирээттүүлүк ченеми” катары карала баштады [38, 62-б], бул - предметтер аралык түшүнүк предметтүүлүк түшүнүгүнүн ажыратылгыс бөлүгү, ал эми алардын кошулуусу билим берүүдөгү интеграциялоо экендигин билдирет.

Түрдүү интегративдик программалардын, интегративдик курстардын, интегративдик методикалардын, интегративдик сабактардын өнүгүүсү илимдин, техниканын жана маданияттын түрдүү тармактарында өз ара кошулуучу терең интеграциялык процесстерди жаратат. Педагогикалык интеграциялоонун мүмкүнчүлүктөрү чексиз экендигин түрдүү дисциплиналардын интеграциялануусуна тиешелүү жумуштардын көптүгү күбөлөндүрүп турат.

Биздин изилдөөбүздө жогорку инженердик билим берүү системасына жогорку математика менен башка дисциплиналарды интеграциялоодо система түзүүчү фактор болуп вектор түшүнүгү жана ал изилденүүчү "вектордук алгебра" бөлүмү боло алат. Анткени вектордук чоңдуктар болочок инженерлер окуй турган бардык дисциплиналарда активдүү колдонулат.

Заманбап окуу жайлардагы окутуунун инновациялык формаларынын бири метапредметтерди колдонуу болуп саналат.

"Метапредмет" - билим берүүнүн мазмуну менен иштөөчү жумуштун өзгөчө формасы катары аныкталат, анын жөндөмдүүлүктү калыптандыруу үчүн алдыга коюлган максаты анын универсиалдуулугун мүнөздөйт.

А. А. Пинский [99] өз иликтөөсүндө мектеп окуучуларына табигый-гуманитардык билим берүүнүн мазмунун интеграциялоонун метапредметтик концепциясын түзгөн, анын өзөгү психологиялык, педагогикалык, социалдык жана экологиялык билимдердин өз ара аракеттенүүсүн аныктоочу жалпы философиялык, жалпы илимий жана атайын илимий деңгээлдердеги категориялар, ошондой эле жеке инсандын тарбиялык мейкиндигин калыптандыруучу факторлордон турат.

Эгерде математикалык жана табият таануу дисциплиналары болочок инженерлерди кесиптик даярдоонун негизин түзүүчү бирдиктүү предметтик чөйрө катары каралса, ушундай эле процесстер жогорку окуу жайларынын системасында кадрларды даярдоонун техникалык багыттары боюнча жүргүзүлүшү мүмкүн. Мындай интеграциялоонун өзөгүн метапредметтик түшүнүктөрдү жана ишмердүүлүк жөндөмдөрүн калыптандыруу процесси

түзүшү мүмкүн.

Мындай түшүнүктөрдүн жалпы философиялык, жалпы илимий жана атайын илимий деңгээлдеги категориялары катары “матрица”, “вектор”, “туунду”, “интеграл” сыяктуу математикалык түшүнүктөрдү жана бир гана табигый илимдер алкагында эмес гуманитардык илимдер алкагында кездешүүчү , метапредметтик мүнөздөгү түшүнүктөрү кароого болот,

Биздин изилдөөбүздүн контексинде Л. П. Слободскаянын [112] көз карашына өзгөчө көңүл бурабыз. Анын пикиринде окутуу дисциплиналарын интеграциялоо төмөнкү шарттарды канааттандырса гана мааниге ээ болот:

- окутулуп жаткан объектилер окуу предметинин алкагында бири бирине дал келишсе же жетишээрлик деңгээлде жакын болушса;
- интеграциялануучу окуу предметтеринде изилдөөнүн бирдей же бири бирине жакын методдору колдонулса;
- дисциплиналар жалпы мыйзам ченемдүүлүктө, жалпы теориялык концепцияларда түзүлсө;

Дал ушул шарттарды жогорку математикада жана табигый илимдер дисциплиналарында аткарылат, алардын аткарылышы аталган дисциплиналарды интеграциялоого мүмкүнчүлүк гана түзбөстөн аларды интеграциялоо максаттуу экендигин көргөзөт.

Алардын баары бир универсалдуу метод – математикалык моделдөө методунун жардамында инженердик - техникалык объектилерди физикалык закондордун жана математикалык теоретикалык жоболордун негизинде окуп үйрөнүүгө багытталган, бул жогорудагы айтылгандарды жогорку окуу жайында инженерлерди даярдоонун интеграцияланган фундаменталдык базасы катары кароого мүмкүнчүлүк берет.

Окутуу процессинде предметтер аралык байланыштар түшүнүгүнөн интеграциялоо түшүнүгүнө өтүүнүн зарылдыгын предметтер аралык байланыштардын көп түрдүүлүгү билим берүүнүн негизги маселелерин оорлоткондугу менен түшүндүрүүгө болот.

Предметтер аралык байланыштар түрдүү предметтердин түзүмдөрүнүн

элементтер ортосундагы карым катыш катары жалпыланган маанини туюнтушат [48, 46-б]. Бул эмнени билдирет? Бул, эгерде окутуу процессинин фундаменти катары интеграцияны ала турган болсок анда интеграциянын ар тараптуу бардык предметтер аралык байланыштары анын каражаттары болуп эсептелет дегенди билдирет.

Ал эми Н. К. Кайдиева [54] гуманитардык жана техникалык дисциплиналарды интеграциялоону мурда бири биринен айырмаланып жайгашкан элементтерди анык бир бүтүндүккө айландыруу процесси катары карайт.

Интеграциялоону - математика илимин окутууда колдонуу К. Черняк, К. Стинсон, Г. Пирсон, М. Хани, сыяктуу көптөгөн чет элдик окумуштуулар тарабынан изилденген.

Интеграциялоо маселелеринин түрдүү аспектилери изилдөөнүн объектисине айланды жана математиканы окутуу боюнча эл аралык конгресстерде активдүү талкууланып келет.

Ошондой эле математиканы үйрөнүүдө атайын дисциплиналарды окутуунун пропедевтикасына, алардын предметтин алкагындагы мыйзам ченемдүүлүктөрүн аныктоого, алгоритмдик ыкмаларды колдонуу мүмкүнчүлүктөрүнө, маселенин физикалык-математикалык коюлушуна, типтүү маселелерди чыгарууга жана алынган натыйжаларды талдоого өзгөчө басым жасалат.

Студенттерге түшүнүүнү калыптандырууда билим берүүнүн мазмунун ар түрдүү көз караштар аркылуу окуп үйрөнүү артыкчылыкка ээ экендигин көптөгөн изилдөөлөр ачып көрсөттү.

Дисциплиналар аралык долбоорлор академиялык дисциплиналардын ортосундагы салттык чектерди кесип өтүү тенденцияларына ээ.

Тактап айтканда, математиканы окутуу жана предмет аралык байланыштын жардамында сабак берүү жөнүндө сөз болгондо илимдин, математиканын, технологиянын жана инженериянын интеграциясы (Science,Technology, Engineering and Mathematics (STEM)) бир сабактын, курстун

же интеграцияланган программанын алкагында “эки же андан көп академиялык аймак” түшүнүгүнө синоним боло алат.

STEM - билимин интеграцияланган окуу планы катары жайылтуу бүгүнкү күндө дүйнө жүзүндөгү көптөгөн өлкөлөрдө алдыңкы илимий-техникалык коомду даярдоо максатындагы билим берүү саясатынын негизги аспектиси болуп саналат. Бирок бул программаны мектептердин жана университеттердин деңгээлинде ишке ашыруу мурдагыдай эле татаал маселе боюнча калууда жана мындай окутууну изилдөө иштери азыркы учурда дүйнөнүн бардык өлкөлөрү тарабынан жүргүзүлүүдө. Мисалы европадагы STEM – билиминин статусу жөнүндөгү жакында жарыяланган отчетунда ал мектептеги билим берүүнүн теориясына багытталгандыгы көрсөтүлөт.

И. Н. Козловская педагогиканын закондорун жана закон ченемдүүлүктөрүн дидактикалык интегрологиялык контекстте карайт. Өз изилдөөсүнүн натыйжасында окумуштуу билим берүүдө мыйзам ченемдүүлүктөрдүн, принциптердин жана интегративдик процесстердин мүнөздөмөлөрүнүн көпчүлүк бөлүгүн интеграциялоонун базалык закондорунун жыйынтыгы деген бүтүмгө келген. Аларды түзүүнүн негизин реалдуулукка болгон синергетикалык ыкма жана интеграциянын атрибутивдик өзгөчөлүктөрүн аныктоо түзөт [59].

Дүйнөлүк билим берүүдөгү интеграциялык процесстердин негизги тенденциялары А. П. Лиферов тарабынан изилденген.

Окумуштуу өз иликтөөсүндө интернационалдаштырууну жана интеграциялоону билим берүүнүн өнүгүүсүнүн учурдагы этабындагы негизги тенденциялар катары карап, окутууну долбоорлоонун жана уюштуруунун бардык этаптарында интеграциялык көрүнүштөрдү эске алуу зарылдыгын көрсөтөт [71].

“Педагогикалык интеграция” түшүнүгүн кароону жыйынтыктап жатып, психологиялык-педагогикалык изилдөөлөрдө төмөнкүдөй мүнөздөмөлөр өзгөчөлөнөөрүн белгилей кетүү зарыл:

- интеграциялоонун деңгээли (предметтик, предметтер аралык,

метапредметтик);

- интеграциялоонун түрлөрү (бидисциплинардык, мультидисциплинардык);
- интеграциялоонун типтери (жалпы методологиялык, жалпы илимий, жеке илимий);
- педагогикалык функциялар (методологиялык, дүйнө таануучулук, мотивациялык, маданий, өнүктүрүүчү, стуруктура түзүүчү, координациялык, долбоордук [16, 16-б].

Системалык кубулуш катары интеграция татаал түзүлүшкө ээ, ал аны түзүүчү элементтердин ортосундагы ички байланыштар менен аныкталат.

Бул байланыштар математикалык жана табият таануу дисциплиналары тарабынан изилденүүчү ар түрдүү объектилер, студенттин аң-сезиминде инженердик билим берүүнүн фундаменталдык негизин куруунун жалпы усулдук ыкмалары менен аныкталат.

В. И. Алексеев жогорку техникалык билим берүүдө табигый илимдердин дисциплиналарын интеграциялоо маселелерин изилдеген. Өз изилдөөсүндө автор кесиптик билим берүү алкагында табигый илимдер боюнча даярдоону өркүндөтүү үчүн кесиптик предметтердин маалыматтарынын фрагменттерин таңуулабастан кесиптик ишмердүүлүктүн өзгөчөлүктөрүн окутуу процессине аралаштырууну сунуштайт, башкача айтканда кырдаалды талдоодо комплекстүү ой жүгүртүү көндүмдөрүн калыптандыруу зарыл, мына ошол көндүмдөрдү болочок адистер өз кесиптик ишмердүүлүгүндө белгилүү бир деңгээлде колдонушат деген пикирде [3].

Биздин оюбуз боюнча мындай ыкманы болочок инженерлерге математика курсун окутууда да колдонууга болот.

Предметтер аралык интеграцияга берилген аныктамасына таянуу менен жогорку кесиптик билим берүү системасында математика менен табигый илимдер дисциплиналарынын ортосундагы интеграцияга математикалык жана табигый илимдер дисциплиналарынын мазмунун тактоочу жана ишке ашыруучу ишмердүүлүктүн түрү, уюштуруу формалары жана окутуунун усулу,

студенттердин объектилерди, предметтерди, кубулуштарды таанып билүү процессиндеги кабыл алуу процесстерин жакшыртуу жана алардын болочок кесибиндеги ишмердүүлүгүн жогорулатуучу математикалык даярдыктын деңгээли деп аныктама берсек болот.

Математиканы окутуунун практикасы менен теориясынын интеграциясына Н. В. Бровка [16, 23-б.] тарабынан берилген аныктаманын негизинде биз өз изилдөөбүздө төмөнкү аныктамага басым жасайбыз: келечектеги инженерлерге жогорку математиканы окутуунун теориясы менен практикасын интеграциялоо – бул инженердик билим берүү системасында математикалык дисциплиналардын предметтик чөйрөсүндөгү теориялык жоболор менен практикалык ыкмаларын максаттуу бириктирүү.

Н. В. Бровканын пикири боюнча, студенттерге математика курсун окутуунун теориясы менен практикасынын интеграциясы эки багыт боюнча жүргүзүлөт: теориядан практикага жана практикадан теорияга [16].




1.2-сүрөт. Жогорку инженердик билим берүү системасында математикалык жана табигый илимдер дисциплиналары

1.2-сүрөттө предметтик интеграциянын деңгээлинде түзүүгө мүмкүн болгон жогорку математиканын теориялык жоболорунун жана ишмердүүлүк ыкмаларынын негизги типтери көрсөтүлгөн.




1.3- сүрөт. Жогорку математика курсундагы негизги математикалык жоболор жана ишмердүүлүктүн түрлөрү

Болочок инженерлерге математиканы окутууда мета-предметтик интеграциянын ишке ашырылышы эки багытта жүргүзүлгөндүгүн көрүүгө болот:

- метапредметтик мүнөздөгү математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу;
- метапредметтик көндүмдөрдү калыптандыруу.




1.4-сүрөт. Математикалык түшүнүктөрдөгү метапредметтик интеграция

1.3 - сүрөттө жогорку математика курсундагы метапредметтик түшүнүктөр жана ал түшүнүктөр колдонулуучу табигый илимдер дисциплиналары

көрсөтүлгөн.

1.4-сүрөтүндө жогорку математика курсун окутууда калыптануучу көндүмдөрдүн системасы көрсөтүлгөн, ал көндүмдөрдүн арасында метапредметтик көндүмдөр негизги орунду ээлейт. Алар негизинен студенттердин жалпы илимий таанып билүү усулдарын колдонуу жөндөмдүүлүгүн аныктоочу жалпы методологиялык көндүмдөр.

Бул көндүмдөр болочок кесип ээси өз ишмердүүлүгүн пландоодо, өзүн өзү баалоодо, өзүн өзү көзөмөлдөөдө, жана башка учурларда колдонулат.

Маселелерди чыгарууда студенттерге издөө стратегияларын түзүүгө мүмкүндүк берүүчү көндүмдөрдүн өзгөчө тобу болуп эвристикалык көндүмдөр саналат. Башкача айтканда адам өз ой жүгүртүү ишмердүүлүгүндө эвристика деп аталуучу синтез, анализ, талдоо, жалпылоо, классификациялоо, түшүнүктү калыптандыруу жана башка ушул сыяктуу көндүмдөрдү колдоно билүү керек. Жогоруда айтылган көндүмдөр студенттерге бир гана математиканы өздөштүрүүдө ийгилик алып келбестен жогорку инженердик билим берүү системасындагы башка дисциплиналарды да өздөштүрүүдө чоң жардам берет.




1.5-сүрөт. Инженердик багыттагы студенттерди даярдоодо жогорку математика курсун окутууда калыптануучу көндүмдөр

Ошондуктан жогорку инженердик билим берүү системасындагы үч катмарлуу интеграциялоо методикасын жана теоретикалык-методологиялык негиздерди иштеп чыгуу зарыл:

- предметтик катмар: техникалык багыттагы студенттерди даярдоодо жогорку математиканы окутуунун теориясы жана практикасы;
- предметтер аралык катмар: жогорку инженердик билим берүү системасындагы жогорку математика жана табигый илимдер дисциплиналары;
- метапредметтик катмар: жогорку математика курсун окутууда метапредметтик түшүнүктөрдү жана иш аракеттердин ыкмаларын калыптандыруу.

Жогорку педагогикалык билим берүүнү интеграциялоонун мазмундук багытынын алкагында дисциплиналар аралык байланыштарды ишке ашыруунун негизги ыкмаларын, азыркы математиканын предметин жана функцияларын талдайт. Бул ыкмаларды ишке ашырууда колдонмо математиканын ролу изилденип, анын негизинде математикалык, табият таануучулук жана кесиптик

дисциплиналар ортосундагы дисциплиналар аралык байланыштарды ишке ашырууда колдонмо математиканын интеграциялык потенциалы ачылат. Биздин изилдөөбүз үчүн дисциплиналар аралык байланыштар мамиле катары каралышы, анын негизинде дисциплиналар аралык (жана дисциплинардык) билимдердин жалпыланган системалары түзүлүүсү маанилүү. Кесиптик педагогикалык даярдоонун интеграцияланган дисциплиналар аралык мазмунунун негизги максаты алардын предмет аралык билимдердин жалпыланган системаларынын негизинде ар кандай татаалдыктагы педагогикалык маселелерди чечүү жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү болгон.

Билим берүүнү фундаменталдаштыруунун негизинде дисциплиналар аралык байланыштарды ишке ашыруунун негизги өзгөчөлүктөрү аныкталган. Фундаментталдаштыруу феноменинин ар кандай интерпретацияларын талдоонун натыйжасында билим берүүнүн фундаменталдык мүнөзү билим берүүнүн мазмунун дисциплиналар аралык байланыштарды ишке ашырууда методологиялык жактан маанилүү, узак мөөнөттүү жана инварианттык багытка бурууну билдирет деген маанилүү тыянак негизделген. Студенттин чыгармачылык дараметин өнүктүрүүгө жана анын интеллектуалдык маданиятынын сапаттык жаңы деңгээлине көмөктөшүүчү адам маданиятынын элементтери керектүү. Төмөндө дисциплиналар аралык ишке ашыруунун негизги өзгөчөлүктөрү баяндалат: компетенттүүлүккө негизделген мамилеге негизделген дисциплиналардын ортосундагы байланыштар. Дисциплиналар арасындагы байланыштарды ишке ашырууда бул түшүнүктү аныктоодо анын педагогикалык ЖОЖдордун бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик деңгээлин жогорулатуудагы маанисин чагылдырган мамиле эң маанилүү болуп саналат.

Физика менен математиканын ортосундагы предметтер аралык байланыштар Г. М. Семѐнова, Э. Мамбетакунов жана башка көптөгөн окумуштуулар тарабынан изилденген.

Биздин изилдөөбүздүн концептуалдык аппаратында интеграциянын объекттик интегративдик окуу кырдаалдарында ишке ашырылат, анда физикалык түшүнүктөрдү колдонуу маселени чыгаруу үчүн физиканын

**1.2.Вектордук алгебранын жана аналитикалык геометриянын элементтери.**

**Мисал 3.** Экинчи тартиптеги беттин мейкиндик диаграммасын түз.

$\frac{x^2}{2}+\frac{y^2}{2}=2z$ (эллиптикалык параболоид), $x \in [-3;3],\ \Delta x = 0{,}2;$

$y \in [-2;2]; \Delta y = 0{,}2.$

**II. Математикалык анализдин элементтери (функция, функциянын туундусу, аныкталган жана аныкталбаган интегралдык, сандык жана функциялык катарлар).**

**2.1. Функция. Функциянын чекиттеги мааниси. Функциянын чөйрөсү. Функция графиги. Функциянын туундусу.**

Белгилүү болгондой, функция - бул кандайдыр бир маанинин (өзгөрмөнүн) башка мааниге же бир нече мааниге (аргументтерге) көз карандылыгы.

Функцияны көрсөтүүнүн жолдорунун бири таблица болуп саналат, ал изилдөөнүн түрдүү тармактарында кеңири колдонулат: эксперименталдык өлчөөлөр, эсепке алуу таблицалары, статистикалык изилдөөлөр ж.б.

**Мисал 4.** $y=\frac{1}{(x-2)\cdot(x+5)}$ функциясын электрондук таблицада *x*=2 жана *x*= -5 манилеринде эсептөө үчүн математикалык моделин түз.

*x* = 2 жана *x* = -5 маанилери үчүн текстти көрсөт: "аныкталбаган функция" (эмне үчүн түшүндүр.), калган бардык учурларда функциянын сандык маанилерин чыгар.

**Мисал 5.** Электрондук таблицада y = 2*x* +1 функциясын *x*∈ [0;3] диапазонундагы $\Delta x = 0{,}1$ кадам менен таблицага келтир. Берилген функциянын графигин түз. Функциянын туундусун табуу боюнча аныктоо алгоритмин түз.

**2.2. Белгисиз жана аныкталган интеграл. Сандык интеграция.**

Электрондук таблицада аныкталган интегралды трапеция ыкмасы менен эсептөөгө болот. Трапециялык ыкмада интеграциялык областа белгилүү бир кадамы бар кесиндиге бөлүнөт жана ар бир кесиндидеги функциянын

графигинин астындагы аянт трапециянын аянтына барабар деп эсептелет. Андан кийин эсептөө формуласы төмөнкү формада колдонулат:

$S_N = \int_a^b f(u)du \approx \frac{h}{2}\sum_{i=0}^{n-1}\left[f(a + h \cdot i) + f\big(a + h \cdot (i + 1)\big)\right]$, бул жерде h=$\frac{b-a}{n}$ – бөлүштүрүү кадамы, $n -$ бөлүштрүү чекиттеринин саны. Тактыгын жогорулатуу үчүн бөлүү чекиттеринин саны эки эсеге көбөйтүлүп, интеграл кайра эсептелет. Талап кылынган тактыкка жеткенде баштапкы интегралдын бөлүштүрүүсү токтотулат.

**Мисал 6.** $\int_0^{0,8} \frac{\sin x}{x+2} dx$ интегралын трапеция ыкмасын колдонуу менен эсептегиле.

**2.3. Сандык жана функционалдык катар.**

Кээ бир маселелерди чыгарууда көбүнчө сандардын ырааттуулугун колдонуу керек болот. Катар - элементтери кошуу же кемитүү арифметикалык амалдары аркылуу жуптарга бириктирилген сандардын чексиз ырааттуулугу.

Электрондук таблица сандык удаалаштыктар жана катарлар менен иштөөдө да колдонулат. Мезгилдүү функциянын $y = f(x)$ Фурье катарларынын суммасын эсептөө үчүн тапшырмаларды чыгарууда сумманы топтоо маселесин чечүү зарылчылыгы келип чыгат, ал өз кезегинде программалоодо циклди колдонуу менен эсептелет.

**Мисал 7.** Прогрессиялык командасынын жардамы менен электрондук таблица барагында сандык тизмектерди түзгүлө (1-сүрөт). Математикадагы эң белгилүү прогрессияны (арифметикалык, геометриялык ж.б.) түзүү үчүн Excel программасында атайын “Прогрессия” командасы бар.

| | | |
|---|---|---|
| 1,2 | 1 | 1,50 |
| 1,3 | 2 | 3,00 |
| 1,4 | 4 | 6,00 |
| 1,5 | 8 | 12,00 |
| 1,6 | 16 | 24,00 |
| 1,7 | 32 | 48,00 |
| 1,8 | 64 | 96,00 |

1-сүрөт. Сан удаалаштыктары

**III. Дискреттик математика.**

**3.1. Бульдун алгебрасы, логикалык функциялар.**

Excel программасында таблицаларды түзүү, логикалык функциялардын эквиваленттүүлүгүн текшерүү боюнча “Колдонмо математика” курсунда стандарттык маселелерди чыгаруу каралган. “Интернеттен маалымат издөө” темасын окуп жатканда, орус тилиндеги “жана”, “же” байланыштарына мааниси

боюнча окшош логикалык байланыштарды колдонуу менен мисалдарды кароо. Логикалык байланыштыруучуларды графикалык диаграмма - Эйлер тегерекчелери (Эйлер-Венн диаграммалары) аркылуу иллюстрацияласа, мааниси айкыныраак болот.

**Мисал 8.** Логикалык схема аткарган логикалык кайра түзүүнү чагылдырган формуланы (б.а. логикалык функцияны) жазгыла (2-сүрөт). Логикалык схема үчүн чындык таблицасын Excel программасын колдонгула.

3-сүрөттө 3.1. мисалды чыгаруу үчүн, башкача айтканда Excel программасын колдонуу менен логикалык функцияны эсептөө: жок (), ЖАНА(), ЖЕ() логикалык функциялары берилген.




2-сүрөт. Логикалык схема

| | A | B | C | D | E | F | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Логическая функция | | | $\overline{(A \vee B)} \wedge \overline{(\bar{A} \vee \bar{B})}$ | | | |
| 2 | | | | | | | |
| 3 | **A** | **B** | $\bar{A}$ | $\bar{B}$ | $\overline{(\bar{A} \vee \bar{B})}$ | $\overline{(A \vee B)}$ | |
| 4 | 0 | 0 | ИСТИНА | ИСТИНА | ЛОЖЬ | ИСТИНА | Л |
| 5 | 0 | 1 | ИСТИНА | ЛОЖЬ | ЛОЖЬ | ЛОЖЬ | Л |
| 6 | 1 | 0 | ЛОЖЬ | ИСТИНА | ЛОЖЬ | ЛОЖЬ | Л |
| 7 | 1 | 1 | ЛОЖЬ | ЛОЖЬ | ИСТИНА | ЛОЖЬ | Л |

3-сүрөт Excelде логикалык функцияны эсептөө

## IV. Ыктымалдуулук теориясы жана математикалык статистика.

Массивде камтылган маалыматтарды талдоодо эң жөнөкөй статистикалык тапшырма анын максималдуу, минималдуу жана орточо маанилери бар элементтерин табуу болуп саналат. ЭТдеги тиешелүү функциялар: MAX (a; b; ...) – эң чоң элементти кайтарат; MIN (a; b; ...) – минималдуу элементти кайтарат; AVERAGE (a; b; ...) – ортоңку элементти кайтарат; MAX (a; b;...) –MIN (a; b; ...) – тизмедеги элементтердин диапазону. Татаал статистикалык маселелерге алынган маалыматтардын касиеттеринин жыйындысын аныктоо зарыл болгон маселелер кирет: статистикалык мүнөздөмөлөр, жакшылык критерийлери жана башка бир катар. Ошол эле учурда алынган маалыматтардын графикалык интерпретациясын куруу зарыл.

**Мисал 9.** Приборлордун партиясынын ишенимдүүлүгүн баалоо үчүн толук масштабдуу сыноолор өткөрүлдү. Сыноолордун натыйжалары дихотомиялык шкала боюнча бааланды: бир упай иштебей калганы үчүн, ал эми тестирлөө

учурундагы бузулуулар үчүн нөл балл берилди (4-сүрөт). Аппараттын номерлери боюнча да, бузулуу режимдери боюнча да маалыматтарды статистикалык иштетүүнү өткөрүү. Стандарттык статистикалык мүнөздөмөнү эсепте, тест маалыматтарынын дисперсиясынын гистограммасын түзгүлө.

Техникалык университеттердин болочок инженерлери үчүн маалыматтык-математикалык дисциплиналар боюнча программаларды жана тиешелүү окуу материалдарын талдоо программалоо чөйрөсүндө изилденүүчү бөлүмдөрдүн/темалардын тизмесин аныктоого жана аларды математикалык дисциплиналардын тиешелүү бөлүмдөрү/темалары менен салыштырууга мүмкүндүк берди.

Мында байланыш, иштин максаты - информатика жана математика интеграциясы жаатында үзгүлтүксүз билим берүү үчүн келечектеги инженерлерди даярдоонун усулдук аспектилерин жана мазмунун аныктоо. Алынган натыйжалардын негизинде "Математика" дисциплиналары боюнча сабактарды өткөрүү боюнча методикалык сунуштар түзүлгөн. Математика сабагы боюнча түзүлгөн бир үлгү сабакты көрсөтө кетсек. Мисалы:

## 1. КАТАРЛАР ТЕОРИЯСЫНЫН ЭЛЕМЕНТТЕРИ

Төмөндө баяндалуучу кыскача маалыматтар – алынуучу жыйынтыкты туура түшүнүгө, аларды интерпретациялоого жана так каттоо үчүн зарыл.

**Аныктама 1**. С чоңдугу менен анын кандайдыр бир жакындаштырылган х маанисинин ортосундагы айырма х жакындаштырылган маанисинин чыныгы катасы деп аталат: $ЧК(x) = C - x.$ (1)

Эреже катары (1) формулада көрсөтүлгөн чыныгы ката табылуусу мүмкүн эмес, анткени С чоңдугунун так мааниси эч качан белгилүү болбойт. Бирок бул эреже алгоритмдердин мүчүлүштүктөрүн оңдоо үчүн түзүлгөн, тесттик же отладкалык деп аталуучу, алдын ала чыныгы жыйынтыгы белгилүү болгон жасалма маселелер үчүн орун албайт.

**Аныктама 2**. абсолюттук чектеги каталар деп чыныгы катанын модулунун каалагандай жогорку баасы аталат: $\Delta x \geq |C - x|$ (2)

Ошондуктан x чоңдугунун бир эле маанисинен түрдүү маанидеги абсолюттук чектеги каталар алынышы мүмкүн. (мисалы №2,3 лабораториялык иштеги Рунге формуласы абсолюттук чектеги каталардын дал өзүн берет. Сандык методдор курсундагы тиешелүү теоремалар бул учур үчүн (2) барабарсыздыктын негизине арналган).

(2) барабарсыздык бизге төмөнкүдөй кесиндини берет: $x - \Delta x \le C \le x + \Delta x$.

Мындан жакындаштырылган сандарды жазуунун жалпыга кабыл алынган формасы жазылат, мисалы: y=16.3967 $\pm$ 0.0006

жакындаштырылган сандардын тактыгына анын абсолюттук катасы боюнча эмес салыштырмалуу катасы боюнча баа берүү керек.

**Аныктама 3**. Жакындаштырылган сандардын салыштырмалуу катасы деп ал сандын абсолюттук катасы менен ал сандын өзүнүн абсолюттук чоңдугунун катышы аталат. $\delta_x = \frac{\Delta x}{|x|}$. (3)

Каталарды баалоонун бардык методдору кандай гана болбосун $\Delta x$ абсолюттук катасын табууга жардам берет. Бирок ал (3) формуладагы $\delta x$ табууга гана жардам берет. (мисалы , Эгерде эки $I_1$ жана $I_2$ түрдүү интегралдарды эсептөөдө Рунгенин формуласы биринчи учурда $\Delta I_1$=0.01, ал эми экинчи учурда $\Delta I_2$=0.1 маанилерин берди дейли. Мындан биринчи учурдагы интегралдын мааниси тагыраак деп атоого болот, себеби ал төмөнкү чоңдуктар менен аныкталат. $\delta_1 = \Delta I_1 / |I_1|$ жана $\delta_2 = \Delta I_2 / |I_2|$).

**Аныктама 4**. Сандын маңыздуу цифралары деп, нөлдөн айырмалуу болгон алгачкы сандан башталып сандын аягына чейинки туруктуу чекиттеги (же анын мантиссасындагы калкыма чекиттүү сандар) бардык жазуулар аталат. Мисалы, 0.00<u>50070</u> – санында беш маныздуу цифра бар (алардын алды сызылган).

**Аныктама 5**. Маңыздуу цифра **туура** деп аталат, эгерде анын ирээтинин бирдигинин жарымы сандын абсолюттук катасынан кем болбосо: $\frac{1}{2}p \ge \Delta$.

Туура, маңыздуу цифралардын эсеби сандын тактык даражасы деп аталат.

**1 мисал**. 16.<u>3967</u> ± 0.006 санынын тактык даражасын тапкыла жана аны туура

цифраларга чейин тегеректегиле.

**Чыгаруу:** $\Delta y = 0.0006 \le 0.005 = \frac{1}{2} \cdot 0.01$- бул сандын абсолюттук катасынан кем болбогон, эң кичине ирээтинин жарымы мындан, у санынын **акыркы туура цифрасы** жүздүк разрядда турганын көрүүгө болот. Бирок бул өзү сандын тактык даражасын мүнөздөбөйт: ал акыркы туура сандан мурун канча маңыздуу цифра бар экенинен көз каранды.

у санында туура, маңыздуу сандардын эсеби төртөө (алардын асты сызылган). Мындан анын тактык даражасы келип чыгат: m=4. Ал цифраларды туура цифрага чейин тегеректейбиз жана төмөнкү санды алабыз: y=16,40 (4)

(мында маани берүүчү жагдай тактык даражасы ондук чекиттин жайгашуу абалына, башкача айтканда өлчөөнүн масштабына эч кандай таасир тийгизбейт).

*Чекиттен (үтүрдөн) кийинки туура белгилердин саны менен туура маңыздуу цифралардын санын адаштырбоо керек.* Чекиттен кийинки туура белгилердин эсеби сандын ирээтине (өлчөөнүн масштабына) байланышкан жана анын салыштырмалуу катасын гана мүнөздөйт. Ал эми туура маңыздуу цифралардын саны (тактык даражасы) ондук чекиттин жайгашуу абалына эч кандай байланышы жок жана ал сандын абсолюттук катасын мүнөздөйт.

Жакындаштырылган сандарды жазууда төмөнкүдөй жалпы кабыл алынган эрежелерди колдонуу зарыл: Эгерде сандын катасы так көрсөтүлбөсө – ал санды туура цифрага чейин тегеректешет; же тескерисинен: ката деп эсептелинген сандын тактык даражасы көрсөтүлбөсө, анын маңыздуу цифраларына барабар болгон санды алышат, ал эми анын чектик абсолюттук катасы - акыркы цифранын ирэтинин жарымы катары бааланат.

Мисалы, (4) жазууга ылайык $y$ саны үчүн төмөнкүдөй каталардын баасы табылат. $\Delta_y = \frac{1}{2} \cdot 0.01 = 0.005.$

**2 мисал**. Кайсыл сан тагыраак: $x_1 = 0.022$ же $x_2 = 355.2$?

**Чыгаруу**. Биринчи сандын тактык даражасы - $m_1 = 2,$ ал эми экинчиси - $m_2 = 4.$ демек $x_2$ саны эки ирээт тагыраак.

**3 мисал**. Кайсыл сан тагыраак: $x_1 = 0.020$ же $x_2 = 5.0$?

**чыгаруу**. Бул сандардын тактык даражасы бирдей: $m_1 = m_2 = 2$. Бирок биринчи сандын абсолюттук катасы $\Delta_{ч_1} = \frac{1}{2}\cdot 0.01 = 0.0$(, ал эми экинчисиники $\Delta_{ч_2} = \frac{1}{2}\cdot 0.1 = 0.05$. мындан салыштырмалуу каталарды тапсак:

$$\delta_{\tilde{\delta}_1} = \frac{\Delta\tilde{\delta}_1}{|\tilde{\delta}_1|} = \frac{0.005}{0.020} = 0.25(25\%); \qquad \delta_{\tilde{\delta}_2} = \frac{\Delta\tilde{\delta}_2}{|\tilde{\delta}_2|} = \frac{0.05}{5.0} = 0.01(1\%).$$

Демек $x_2$ саны $x_1$ санына караганда тагыраак деп айтсак болот.

Кандай гана маселе болбосун аны чечүүнүн жыйынтыгынын катасы негизинен үч нерседен көз каранды:

1) Оңдоого болбой турган ката – баштапкы берилгендердин катасы;

2) Эсептөө учурундагы (арифметикалык) ката – эсептөө процессинде баш тартууга болбой турган аралыктык тегеректөөлөрдөн келип чыккан каталар.

3) Методикалык ката – жакындаштыруу формулаларын жана методдорун колдонуудан келип чыккан каталар.

Мисалы алгебралык сызыктуу теңдемелер системаларын түз методдору так болуп эсептелет; бирок бул айтылгандар маселени чыгаруудагы жыйынтык да так болот дегенди билдирбейт. Ал гана эмес баштапкы маалыматтар (матрицанын элементтери) так болгон учурда да жыйынтык эсептөөлөрдөн кетирилген каталарды кармап турат, алгоритм канчалык көп сандагы арифметикалык операцияны камтыса ката да ошончолук чоң болот.

Андан тышкары баштапкы маалыматтар каталарды камтыган учурда Гаусстун методу боюнча айрым бир системаларды чыгаруунун жыйынтыгы сезилээрлик чоң катаны кармашы мүмкүн (чечимдин туруктуулугунун жоголушу).

Квадратуралык формулалардын жардамында (мисалы Симпсондун формуласынын) интегралдарды эсептөөдө, жыйынтык формуланын калдык мүчөсү менен шартталган методикалык каталарды өзүнө камтыйт.

Бөлүштүрүүнүн кадамын кичирейткен учурда $(h \to 0)$ бардык квадратуралык

формулалардын калдык мүчөлөрү тездик менен азаят. Бирок жетишээрлик өлчөмдөгү кичине кадамды колдонуу менен интегралдын каалагандай так маанисин алганга болот деп ой жүгүртүү туура эмес.

Анткени $(h \to 0)$ болгон учурда бөлүштүрүүнүн саны $n$ чоңоет $(n \to \infty)$, ошону менен биргеликте (чоң көлөмдүү пропорцияда) арифметикалык операциялардын саны да чоңоет ( $N_{\text{оп}} \to \infty$ ) – жана арифматикалык каталар жетишээрлик деңгээлде чоң болушу мүмкүн $(\Delta_{арифм} \to 0)$.

Маселени так чечүү үчүн каталарды түзүүчү үч негизги катышуучусун эске алуу керек, бирок бул жөнөкөй иш эмес. (эсептөө математика курстарында булар үчүн атайын теоремалар каралган).

## 2. АНЫКТАЛГАН ИНТЕГРАЛДАРДЫ ЭСЕПТӨӨ МЕТОДДОРУ

Бул жумушту аткарууда $\mathrm{I} = \int_a^b f(x)dx$, (мында $f(x)$- жетишерлик деңгээлдеги жылма функция) анык интегралын жакындаштырып эсептөөнүн эки методун салыштырабыз. Эки метод тең квадратуралык формуланы тургузууга негизделеген, башкача айтканда интегралдын суммасын $I \approx I_n = \sum_{i=1}^{n} q_i f(x_i)$ көрүнүшүнө келтирүүгө. (мында $x_i$ и $q_i$, $i = 1, 2, ..., n$ - квадратуралык формуланын түйүндөрү жана коэффициенттери)

$R_n = |I - I_n|$ чоңдугу квадраттык формуланын катасы деп аталат.

1. Орточо тик бурчтуктар формуласы. Айталы $f(x)$ функциясы экинчи үзгүлтүксүз туундуга ээ болсун, ал эми $\{x_i\}$ түйүндөрү $[a, b]$ кесиндисинде бирдей бөлүктөргө бөлүнгөн: $x_i = a + \left(i - \frac{1}{2}\right)h$, мында $h = (b - a)/n$.

Функцияны алмаштырабыз $f(x)$ функциясы менен анын $f(x_i)$ орточо чекитиндеги маанисин ар бир $i$- бөлүкчөсүндөгү кесиндисинде алмаштырабыз.

Анда $I \approx I_h = h\sum_{i=1}^{n} f(x_i)$ - орточо тик бурчтуктар формуласы башкача айтканда интегралды аралыктык чекиттерди жана кесиндинин бөлүкчөлөрүн тандоо учурунда интегралдык сумма менен алмаштырылат ийри сызыктуу трапециянын

аянты тепкичтүү фигуранын аянты менен алмаштырылат. 1 –сүрөт.) Анык интегралды тик бурчтуктар методу менен чыгаруудагы каталарды баалоо үчүн, башкача айтканда ийри сызыктуу трапециянын аянтын тепкичтүү фигуранын аянты менен алмаштырып жаткан учурда $f(x)$ функциясынын өзүн үзгүлтүксүз, биринчи жана экинчи туундулары жашайт деп кабыл алабыз. Ал эми $f^{!}(x)=F(x)$ примитивдүү функциясынын аныктамасына жана Ньютон-Лейбництин формуласына ылайык анык интеграл төмөнкүдөй жазылат:

$$\int_{x_{i-1}}^{x_i} f(x)dx = F(x_i)-F(x_{i-1}) \quad (1)$$

$F(x_i), F(x_{i-1})$ функциясын $z_i=\dfrac{x_i+x_{i-1}}{2}$ интервалынын орто тушунан Тейлордун катарына жайгаштыруу менен төмөнкүнү алабыз:

$$F(x_i)=F(z_i)+\frac{h}{2}F^{!}(z_i)+\left(\frac{h}{2}\right)^2\frac{1}{2!}F^{!!}(z_i)+\left(\frac{h}{2}\right)^3\frac{1}{3!}F^{!!!}(\xi_i) \qquad (2)$$

$$F(z_{i-1})=F(z_i)-\frac{h}{2}F^{!}(z_i)+\left(\frac{h}{2}\right)^2\frac{1}{2!}F^{!!}(z_i)-\left(\frac{h}{2}\right)^3\frac{1}{3!}F(\xi_i) \qquad (3)$$

где $\xi_{i1}\in[z_i,x_i]$, $\xi_{i2}\in[x_{i-1},z_i]$. Бул амалды (1) барабардыктын оң жагына жайгаштыруу менен төмөнкүнү алабыз: $\int_{x_{i-1}}^{x_i} f(x)dx = hf(z_i)+\dfrac{h^3}{24}f^{!!}(\xi)$ (4)

Мында $f^{!!}(\xi)=0.5(f^{!!}(\xi_1)+f^{!!}(\xi_2)$. Акыркы барабардык (4) ар бир интервал үчүн каталарды аныктайт, башкача айтканда: $R_i=\dfrac{h^3}{24}f^{!!}(\xi)$ (5)

Жалпысынан $[a,b]$ интервалы боюнча квадратуралык формуланын катасы төмөнкү барабардык менен эсептелет.

$$R = |I - I_h| = \frac{b-a}{24} h^2 \left| f''(\xi) \right|, \quad \xi \in [a,b].$$




Ошентип, $f(x)$ көрсөтүлгөн чекте $R_h = |I - I_h| = O(h^2)$ квадратуралык формуласындагы $\alpha = O(\beta)$ жазуусу: $\alpha / \beta$ катышы сөз болуп жаткан чекиттин тегерегинде чектелген дегенди билдирет, мисалы $h \to 0$ болгон учурда тиешелүү квадратуралык формула экинчи ирээттеги тактыкка ээ. анда $R_h \approx Ch^2$, мында $Ch^2$ - катанын негизги мүчөсү.

1-сүрөт. Катанын мааниси интеграл астындагы функциянын экинчи туундусуна байланыштуу болгондуктан практикада артыкчылык Рунгенин эрежеси(эки эселеп саноо эрежеси) деген эрежени колдонууга артыкчылык берилет. Айталы кандайдыр бир $I$ чоңдугу үчүн (интеграл болушу шарт эмес) $I = I_h + ch^k$ барабардыгы аткарылат дейли. Бул учурда $I \approx I_h$ жакындаштырылган барабардыгы $h$ка салыштырмалуу $k$ - тартиптеги тактыкка ээ деп айтышат. Ушул эле чоңдукту $h/2$ кадамы аркылуу эсептөө менен, төмөнкүнү алабыз: $I = I_{h/2} + C\left(\frac{h}{2}\right)^k$. Мындан $I_{h/2}$ маанисинин катасына баа берүү жеңилдетилет:

$R_{h/2} = |I - I_{h/2}| = \tilde{N}\left(\frac{h}{2}\right)^k$ (*) С турактуусун жалгыз жана жарым кадам боюнча ар бир мүчөсүн ажыратуу менен анык интегралды жакындаштыруу формуласынан аныктайбыз. $\tilde{N} = \frac{I_{h/2} - I_h}{\left(h/2\right)^k \left(2^k - 1\right)}$ $k$

Алынган маанини (*) барабардыгына коюу менен төмөнкүнү алабыз:

$$R_{h/2} = |I - I_{h/2}| \approx \frac{I_{h/2} - I_h}{2^k - 1}.$$

Тик бурчтуктар формуласы үчүн $k = 2$ жана $R_{h/2} \approx \frac{|I_{h/2} - I_h|}{3}$. Мындан $\varepsilon$ кетирилген каталуу интегралды эсептөө алгоритмин алабыз: андан ары $I_h$, $I_{h/2}$ жана $R_{h/2}$ чоңдуктарын табабыз..

Эгерде алынган чоңдук $R_{h/2} < \varepsilon$ болсо, анда эсептөө токтотулат жана

интегралдын жакындаштырылган мааниси катары $I \approx I_{h/2} + (I_{h/2} - I_h)/3$ чоңдугу кабыл алынат (Экинчи кошулуучу Ричардсон боюнча тактоо аталышындагы атка ээ. Эгерде жогорудагы шарт аткарылбаса анда кадам дагы экиге бөлүнөт жана интегралды эсептөө улантылат.

*2. **Симпсондун формуласы.*** Каралып жаткан методдордун экинчиси интеграл астындагы функцияны парабола менен алмаштырууга негизделген жана симпсондун методу деп аталат.

Айталы $f(x)$ функциясы төртүнчү тартиптеги үзгүлтүксүз туундуга ээ болсун. Анда $[a, b]$ кесиндисин барабар n бөлүккө бөлөбүз жана ар бир алынган майда кесиндиге экинчи даражадагы интерполяциялык көп мүчө тургузабыз. Бөлүнгөн кесиндиниин жарымын $h$ деп белгилейбиз: $h = (b-a)/(2n)$, ал эми $x_i$ аркылуу чекиттерди белгилейбиз: $x_i = a + ih, \quad i = 0,1,2,...,2n.$

Интерполяциялык көп мүчө $x_{2i-2}, x_{2i} \quad i = 1,2,...,n.$ түйүндөрү аркылуу тургузулат. (2 - сүрөт).

Анда [ 5 ] ден төмөнкү көрүнүтү алууга болот:

$$\int_{x_{2i-z}}^{x_{2i}} P_2^i(x)dx = \frac{h}{3}(f_{2i-2} + 4f_{2i-1} + f_{2i}), \text{ мында } f_k = f(x_k)$$

Мындан $\int_a^b f(x)dx \approx I_h = \frac{h}{3}(f_0 + 4f_1 + 2f_2 + 4f_3 + ... + 2f_{2n-2} + 4f(2n-1) + f_{2n}).$

Акыркы барабардык Симпсондун формуласы деген атты алып жүрөт. Алынган формула квадратуралык формула экендигин оңой эле байкоого болот. Ал эми Симпсондун формуласынын катасы [5]

$$R_h = |I - I_h| = \frac{b-a}{180} h^4 |f^{IV}(\xi)| = 0(h^4),$$

Башкача айтканда төртүнчү тартиптеги тактыкка ээ. $(k = 4), \quad \xi \in [a,b].$

Мында Рунгенин эрежеси боюнча каталарды баалоо төмөнкү көрүнүшкө келет: $R \approx I_{h/2} + (I_{h/2} - I_h)/15$, ал эми интегралдын жакындаштырылган мааниси:

$$I \approx I_{h/2} + (I_{h/2} - I_h)/15$$

Көрсөтүлгөн катадагы интегралды эсептөө алгоритми тик бурчтуктар

формуласыныкына окшош эле тургузулат.

***Эскертүү***. Интегралды эсептөөнү:

Тик бурчтуктар методу үчүн $h \approx \sqrt{\varepsilon}$ ал эми Симпсондун методу үчүн $h \approx \sqrt[4]{\varepsilon}$ кадамдарынан баштап эсептөө сунушталат. ал эми кесиндини бөлүктөргө бөлүү саны n бүтүн сан болгондуктан төмөнкү алгоритмдерди колдонуу ыңгайлуу:

Тик бурчтуктар формуласы: $n = \left[\dfrac{b-a}{\sqrt{\varepsilon}}\right] + 1,\ \ h = \dfrac{b-a}{n}$;

Симпсондун формуласы: $n = \left[\dfrac{b-a}{2\sqrt[4]{\varepsilon}}\right] + 1,\ \ h = \dfrac{b-a}{2n}$

(мында квадраттык кашаа анын ичиндеги амалдын бүтүн бөлүгүн билдирет).

## Тапшырма

1. Тик бурчтуктар формуласынын жана Симпсондун формуласынын жардамында, Рунгенин эрежесин колдонуп 0,0001 тактыгына интегралды эсептегиле.
2. Эки метод менен алынган интегралдын маанилерин өз ара жана так мааниси менен салыштыргыла (Рунгенин тактоосу боюнча жана аны колдонбостон). Андан тышкары берилген тактыкты алуу үчүн кесиндини бөлүктөргө бөлүү санын салыштыргыла(n – тик бурчтуктар методу үчүн, 2n- Симпсондун методу үчүн).

## Модулдук суроолор

1. Маселенин коюлушу жана аны чыгаруунун кыскача баяндамасы.
2. Интегралдын так мааниси.
3. Эки метод менен алынган, интегралдын жакындаштырылган мааниси.(тактоо менен биргеликте жана ансыз).
4. Кесиндини бөлүктөргө бөлүү санынын акыркы мааниси: $n$ (тик бурчтуктар методу үчүн) жана $2n$ (Симпсондун методу үчүн).
5. Листинг программы.

## Өз алдынча иштер

| Варианттын номери | $a$ | $b$ | $f(x)$ |
|---|---|---|---|
| 1 | 0 | 4 | $e^{\sqrt{x}}$ |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 2 | 0 | 3 | $x\sqrt{x+1}$ |
| 3 | 0 | 2 | $0{,}25xe^{x^2/2}$ |
| 4 | 0 | $\pi$ | $2x\cos(x/2)$ |
| 5 | 0 | 3 | $x\sqrt{x+1}$ |
| 6 | 1 | E | $x\ln x$ |
| 7 | 0 | 4 | $4arctgx/(x^2+1)$ |
| 8 | 0 | 2 | $x^2e^{-0,5x}$ |
| 9 | 0 | $(\pi/2)^2$ | $2\sin\sqrt{x}$ |
| 10 | 0 | $\pi$ | $x\sin^2 x$ |
| 11 | 1 | 4 | $(x+4)/(x^2+1)$ |
| 12 | 0 | 4 | $4x^3/(x^8+1)$ |
| 13 | -1 | 2 | $\sqrt{x^2+4}$ |
| 14 | 0,25 | 4 | $\ln(4x)/x$ |
| 15 | -2 | 1 | $(x+2)e^{x-1}$ |
| 16 | 0 | $\ln 4$ | $xe^x$ |
| 17 | 1/e | e | $\ln^2 x/x$ |
| 18 | 2,79 | 2,88 | $e^{1/x}/x^2$ |
| 19 | 0 | $\pi/2$ | $\cos^3 x\sin(2x)$ |
| 20 | 0 | $\pi/2$ | $(x+\sin x)/(1+\cos x)$ |
| 21 | 0,25 | 2 | $1/(x+x^2)$ |
| 22 | 0,5 | 2e | $\ln(2x)$ |
| 23 | 0,5 | 2 | $(1+x)e^{x/2}$ |
| 24 | 0 | 2 | $arctgx$ |
| 25 | -0,5 | 2,5 | $x/(x^2-2x-3)$ |
| 26 | 0 | $\pi$ | $\sin x\cos(x/2)$ |
| 27 | 0 | 3 | $x\sqrt[3]{x+5}$ |
| 28 | -1 | 1,5 | $x/(x^2-4)$ |
| 29 | 0 | $\pi$ | $x\cos^2 x$ |
| 30 | -1 | 2 | $x^2e^{x-2}$ |

# ЭКИЛИК ИНТЕГРАЛДЫ ЖАКЫНДАШТЫРЫП ЭСЕПТӨӨ

Экилик интегралды табуунун негизги методдорунун бири – ячейкалар методун карайбыз. Айталы төмөнкү интегралды эсептөө талап кылынсын:

$\iint_D f(x,y)dxdy$, мында $D=\{a\le x\le b,\quad c\le y\le d\}$- координаталык тик бурчтук, ал эми $f(x,y)$- $D$ областында эки жолу дифференцияланууучу функция.



1-сүрөт.

Ячейкалар методунун маңызы төмөнкүдөй: орточолор теоремасы боюнча: $\iint_D f(x,y)dxdy = S\cdot f(\xi,\eta)$. Мында $S=(b-a)(d-c)$ - $D$ областынын аянты, $M(\xi,\eta)$ - бул $D$ областындагы кандайдыр бир чекит. Айталы $f(\xi,\eta)\approx f(\bar{x},\bar{y})$ болсун, мында $(\bar{x},\bar{y})$ - $D$ областынын борбору: $\bar{x}=(a+b)/2,\quad \bar{y}=(c+d)/2$ . Анда $\iint_D f(x,y)dxdy = S\cdot f(\bar{x},\bar{y})$.

Мындан, алынган формуладагы катанын негизги мүчөсү экенин байкоого болот:

$$\iint_D f(x,y)dxdy = S\cdot f(\bar{x},\bar{y}) \approx \frac{S}{24}\left[(b-a)^2 f''_{xx}(\bar{x},\bar{y}) + (d-c)^2 f''_{yy}(\bar{x},\bar{y})\right]$$

Катаны азайтуу үчүн областты тик бурчтуктарга бөлөбүз(1-сүрөт):

$x_i = a + ih_x,\quad h_x=(b-a)/n_x,\quad i=0,1,...,n_x$; $y_i = c + jh_y,\quad h_y=(d-c)/n_y,\quad j=0,1,...,n_y$

Алынган формуланы ар бир ячейка үчүн колдонуп төмөнкүнү алабыз:

$I\approx I_h=\sum_{i=1}^{n_x}\sum_{j=1}^{n_x} S_{ij}(\bar{x}_i,\bar{y}_j) = h_x h_y \sum_{i=1}^{n_x}\sum_{j=1}^{n_y} f\left(a+(i-0{,}5)h_x,\quad c+(j-0{,}5)h_y\right)$. [11] жумушта: $R\approx C_1h_x^2 + C_2h_y^2$, б.а $R\approx(h_x^2+h_y^2)$ .жакындаштыруусу катанын негизги мүчөсү экендиги көрсөтүлгөн.

№ 2 жумуштагыдай эле, практика жүзүндө ката рунгенин эрежеси менен бааланат, тактап айтканда интегралды $\{h_x, h_y\}$ жана $\{h_x/2,\ h_y/2\}$ кадамдары менен эсептелет жана алынган жыйынтыктарды салыштырышат. Ката [11] чоңдугу менен бааланат. $R\approx|\,h_{n/2}-h_h\,|/3$

Шарт аткарылгандан кийин интеграл катары төмөнкүнү алышат:
$i^* \approx I_{h/2} + (I_{h/2} - I_h)/3$. Рунгенин эрежесин колдонууда $n_x / n_y$ катышы турактуу боюнча калыш керектигин баса белгилейбиз. Алынган интегралды эсептөө формуласы жөнөкөй область - координаттык тик бурчтук үчүн туура болуп саналат. Ал эми область тик бурчтуу болбогон учурда ал өзгөрүлмөнү алмаштыруунун жардамында тик бурчтукка оной айландырылат. Айталы область $D = \{a \le x \le b,\ \varphi(x) \le y \le \varphi_2(x)\}$ барабарсыздыгы менен берилсин: (2 - сүрөт). Өзгөрүлмөнү алмаштыруу

$$x = a + u(b-a),\ y = \varphi_1(a + u(b-a)) + v(\varphi_2(a + u(b-a)) - \varphi_1(a + u(b-a)))$$



2-сүрөт.

$D' = \{0 \le u \le 1,\ 0 \le \upsilon \le 1\}$ областын тик бурчтук кылып өзгөртөт.

экилик интегралда өзгөрүлмөнү алмаштыруу төмөнкү формула менен жүргүзүлөөрүн эскерте кетели. $\iint_D f(x,y)dxdy = \iint_{D} f(x(u,\upsilon), y(u,\upsilon)) | J(u,\upsilon) | dud\upsilon$, Мында

$J(u,\upsilon) = \begin{vmatrix} x_u' & x_\upsilon' \\ y_u' & y_\upsilon' \end{vmatrix} \neq 0$ - өзгөртүп түзүү, $J(u,\upsilon) = (b-a)(\varphi_2(a + u(b-a)) - \varphi_1(a + u(b-a)))$.

**Тапшырма**

1. Интегралды Рунгенин эрежесин колдонуп, ячейкалар методу менен, 0,0001 тактыгында эсептегиле.
2. Интегралдын алынган маанисин интегралдын так мааниси менен салыштыргыла.

**Модулдук суроолор.**

1. Маселенин коюлушу жана методду кыскача баяндоо.
2. Интегралдын так мааниси.
3. Өзгөрүлмөнү алмаштыруу боюнча эсептөөлөр, якобиан жана жаңы өзгөрүлмөлүү интеграл үчүн амалдар.
4. Интегралдын эки метод менен алынган, жакындаштырылган мааниси (тактоосу менен жана тактоосу жок).

5. Программанын жазылышы.

**Өз алдынча иштер**

| Номер варианта | Область D | | | | $f(x,y)$ |
|---|---|---|---|---|---|
| | $a$ | b | $\varphi_1(x)$ | $\varphi_2(x)$ | |
| 1 | 0 | 1 | $x^2$ | $1+x$ | $xy^2$ |
| 2 | 1 | 2 | 0 | $1+\ln x$ | $e^y$ |
| 3 | 0 | $\pi/3$ | 0 | cosx | sinx/(1+y) |
| 4 | 1 | $e$ | $x-2$ | $\ln x$ | y/$x$ |
| Ө5 | 1 | 2 | 0 | $x$ | $x^2\sqrt{1+xy}$ |
| 6 | 0 | 1 | $x^2$ | $1+x$ | $x^2$y |
| 7 | 1 | 2 | $\ln x$ | $1+\ln x$ | $e^y$ |
| 8 | $\pi/6$ | $\pi/2$ | 0 | $\sin x$ | $\cos x/(1+y)$ |
| 9 | 1 | 2 | $x$ | $2x$ | $x\ln(xy)$ |
| 10 | 1 | $e$ | $\ln x$ | $x$ | $y/x$ |
| 11 | 1 | 2 | 0 | 3-$x$ | $x+y^2$ |
| 12 | 1 | 2 | $\ln x$ | $1+\ln x$ | $e^{x+y}$ |
| 13 | 0 | | 0 | $1/\cos x$ | $ytgx$ |
| 14 | 1 | 2 | 0 | $x$ | $4x^2\ln(1+xy)$ |
| 15 | 1 | 2 | 0 | $\sqrt{x}$ | $2x^2y\sqrt{1+xy^2}$ |
| 16 | 0 | 1 | 0 | $1+x$ | $-x+y^2$ |
| 17 | 0 | 1 | $\ln(1+x)$ | $1+2\ln(1+x)$ | $e^{x+y}/(1+x)$ |
| 18 | $\pi/6$ | $\pi/2$ | 0 | $1/\sin x$ | $yctgx$ |
| 19 | 1 | 3 | $x$ | $2x$ | $\ln(y/x)$ |
| 20 | 1 | 2 | 0 | $1/x$ | $x\sqrt{1+xy}$ |
| 21 | 0 | 1 | 0 | $1+x$ | $x+y^2$ |
| 22 | 0,25 | 1 | 0 | $\sqrt{x}$ | $x\sqrt{x}\cdot e^{xy}$ |
| 23 | 0 | 1 | 0 | $e^x$ | $(x+x^2)e^{-x}\cos(xy/4e^x)$ |
| 24 | 1 | 2 | $1-x$ | $x$ | $\ln(x+y)/x$ |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 25 | 1 | $\sqrt{3}$ | 0 | $x^2$ | $1/\left(1+x^2\right)(1+y)\sqrt{y}$ |
| 26 | 1 | 2 | $x/2$ | $x$ | $x/(x^2+y^2)$ |
| 27 | 1 | 2 | $x$ | $2x^2$ | $2e^{y/x}$ |
| 28 | $\pi/3$ | $\pi/2$ | 0 | $x$ | $\cos(x+y)$ |
| 29 | 1 | 2 | 0 | $\sqrt{x}$ | $8x^2 y \ln(1+xy^2)$ |
| 30 | 1 | 3 | 0 | $x$ | $1/\sqrt{1+e^{2y/x}}$ |

**Экинчи глава боюнча жыйынтык**

Келечектеги инженерлерге математиканы окутуунун методикасын иштеп чыгуу - педагогикалык долбоорлоого системалуу мамиле жасоого ылайык ишке ашырылууга тийиш, ага ылайык окуу процессинин элементтери математиканы окутуунун методикалык системасына бириктирилиши керек, алар төмөнкү компоненттер: математиканы окутуунун максаттары, мазмуну, ыкмалары, каражаттары жана уюштуруу формалары.

Интегративдик мамиленин негизинде болочок инженерлерге математикалык билим берүүнү долбоорлоого жана уюштурууга карата методикалык талаптар колдонулду: 1) жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик стандартына ылайык компетенциялар боюнча окуу максаттарын, ошондой эле математикалык предметтик жана интегративдик аракеттерди жана билимдерди түзүү; 2) математика боюнча окуучунун интегративдик предметтик модели түрүндө окутуунун мазмунун көрсөтүү; 3) окутууда атайын окутуу ыкмаларын колдонуу (интегративдик маселелерди чыгаруу ыкмасы, дидактикалык алдыга жылдыруу ыкмасы, интегративдик долбоорлор методу); 4)интегративдик практикалык сабактар, интегративдик билим берүү долбоорлорун ишке ашыруу боюнча чыгармачылык өз алдынча иштөө сыяктуу окутуунун интегративдик формаларын уюштуруу; 5)окутууда окуу куралдарынын автордук комплексин (математикалык билим берүү-интегративдик маселелер, интегративдик жана активдүүлүккө негизделген мамилелердин принциптеринде иштелип чыккан окуу куралдары, жогорку математика боюнча студенттин интегративдик предметтик модели,

“Математика” окуу куралы) пайдалануу инженердин кесиптик ишмердигинде»); 6) жогорку математикалык билим берүүнү долбоорлоодо жана уюштурууда үч деңгээлде интеграцияны камсыз кылуу: предмет ичиндеги (теория жана практика), предмет аралык (математика жана табият таануу), мета-предметтик (мета-предметтик түшүнүктөрдү жана көндүмдөрдү калыптандыруу).

Болочок инженер бакалаврга математиканы окутуунун салттуу системасынын жана интегративдик мамиленин негизинде математиканы окутуунун натыйжаларына салыштырмалуу талдоо төмөнкү критерийлерге жана алардын көрсөткүчтөрүнө ылайык жүргүзүлдү: 1) мотивациялык критерий (көрсөткүч - колдонмо математиканы окууга мотивациянын калыптануу деңгээли жана келечектеги кесиптик ишмердүүлүктө математикалык ыкмаларды колдонуу мүмкүнчүлүгү жөнүндө болочок инженерлердин идеяларын өнүктүрүү); 2) интегративдик-ишкердүүлүк критерийи: (көрсөткүч - математикалык билим берүү аракеттерин өздөштүрүү деңгээли; интегративдик аракеттерди жана аракеттин ыкмаларын аткаруу көндүмдөрүн калыптандыруу деңгээли); 3) интегративдик-билимдик критерий: (көрсөткүч - математикалык интегративдик билимдерди өздөштүрүү деңгээли). Бардык көрсөткүчтөр бирдей шкала боюнча өлчөнөт, анын ичинде үч деңгээл (жогорку, орто, төмөнкү).

Студенттерди табият таануу боюнча окутуунун математикалык куралдарын колдонуунун өзгөчөлүгү студенттерди даярдоонун кесиптик багыттары математика сыяктуу эле фундаменталдуу сабактардын тобуна кирген дисциплиналарга негизделгендиги менен мүнөздөлөт. Математикалык каражаттарды колдонууда практикага багытталган мамилени колдонууда математиканын компоненти гана ачылбастан, сандык мамилелер менен материалдык дүйнөнүн биримдигин чагылдырган дүйнө таанып билүү да ачылат.

Главада математикалык каражаттарды колдонуу менен кесипке багыттап окутуу боюнча студенттерди кесиптик даярдоо системасынын модели иштелип чыккан. Модель мазмунду, математикалык каражаттардын функцияларын жана диагностикалык материалдын түрлөрүн тандоо критерийлерин камтыйт.

# III.ГЛАВА. ПЕДАГОГИКАЛЫК ЭКСПЕРИМЕНТТИ УЮШТУРУУ ЖАНА АНЫН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫН ТАЛДОО

## 3.1. Педагогикалык экспериментти уюштуруу

Эксперименттин максаты - жүргүзүлүп жаткан изилдөөнүн гипотезасын текшерүү: кесиптик багыттагы методологиялык ыкмаларды ЖОЖдордогу инженердик бакалавр студенттерге математиканы окутуу кесиптик багыттагы милдеттердин комплексин, математикалык даярдыгынын деңгээлин, ошондой эле окуу мотивациясы жогорулатуу менен бирге жаңы маалыматтык технологияларды колдонуу. Кесиптик багыттагы сунуш кылынган ыкмалар математиканы окутуунун максаттары менен аныкталат, алар арналган методикалык системаны киргизүү төмөнкүлөрдү камсыз кылат: математиканы колдонуу боюнча билимдерди, көндүмдөрдү калыптандыруу, атайын предметтер боюнча маселелерди чыгаруу ыкмалары; студенттердин билим берүү мотивациясынын деңгээлин жогорулатуу жана мотивацияны туруктуу жогорку деңгээлде уюштуруу.

Эксперименталдык база катарында И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жаңы маалыматтык технологиялар институту, М. М. Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин кибернетика жана маалымат технологиялар факультети, Ош мамлекеттик университетинин математика, физика техника жана маалыматтык технологиялар институту алынды.

Педагогикалык изилдөөнү жүргүзүүдө жана экспериментти өткөрүүдө ар түрдүү методдор колдонулду: илимий эмгектерге теориялык жана практикалык анализ жүргүзүү жана жалпылоо, аңгемелешүү жана баарлашуу, анкета алуу, тестирлөө, педагогикалык байкоо жүргүзүү, конкреттүү эксперименталдык жагдайларды анализдөө, окутуучулардын, тажрыйбаларына байкоо жүргүзүү.

Педагогикалык эксперименттин жыйынтыктарын чыгарууда ыктымалдуулуктар теориясын колдондук.

Тандалган изилдөө темасы боюнча эксперименталдык иштер 2020-2023-

жылдары жүргүзүлгөн. Педагогикалык эксперимент үч этапта жүргүзүлдү: аныктоочу, изденүүчү, окутуучу.

Аныктоочу эксперимент: 2020-2021 окуу жылдары; изденүүчү эксперимент: 2021-2022 окуу жылдары; окутуучу эксперимент: 2022-2023 жылдарды камтыды.

Аныктоочу эксперименттин алдына төмөнкүдөй милдеттер коюлду:

- Жогорку окуу жайында болочок инженерлерди окутуудагы математика курсунун окуу - методикалык документацияларында каралган мазмунун талдоо.

- Математиканы табигый илимдер дисциплиналары менен предметтер аралык байланыштын негизинде окутуунун практикадагы абалын изилдөө;

- математика курсунда колдонулуучу кесипке багыттап окутуу үчүн материалдарды даярдоонун, аларды математика курсунун мазмунуна киргизүүнүн мүмкүнчүлүгүн аныктоо.

Милдеттерди чечүүнүн негизги каражаттары болуп төмөнкүлөр саналат: математика курсу менен кесиптик циклинин атайын предметтери ортосунда эффективдүү предметтер аралык байланыштарды түзүү; компетенттүүлүккө багытталган милдеттерди системалуу чечүү; математика курсунда жана ага жакын предметтер боюнча кесиптик багыттагы маселелерди чечүү үчүн колдонмо программалык пакеттерди колдонуу.

Эксперименттин изденүүчү жана окутуучу этабында төмөнкү иштер аткарылды:

- текшерилген методикага айрым түзөтүүлөрдү киргизүү менен аларды окутуучулардын колдонуусуна сунуштоо;

- педагогикалык эксперименттин жүрүшүндө студенттердин математика курсун өздөштүрүү боюнча билимдеринин деңгээлинин өзгөрүү динамикасын изилдөө. Бул божомолдорду текшерүү эксперименталдык иштердин жүрүшүндө жүргүзүлүп, ага И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жаңы маалыматтык технологиялар институту, М. М. Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин кибернетика жана маалымат технологиялар факультети, Ош мамлекеттик университетинин математика, физика техника жана

маалыматтык технологиялар институтунун студенттери жана окутуучулары катышышты.

Аныктоочу эксперименттин этабында негизги милдеттер: мамлекеттик стандартты, окуу пландары, математика курсу боюнча окуу-методикалык комплекстери, окуу китептери, окуу-методикалык колдонмолору, маселелер жыйнактары талданды.

Изденүүчү эксперимент учурунда төмөнкү милдеттерге көңүл бурулду:

- изилденип жаткан маселе боюнча иштелип чыккан технологиянын жана методикалык сунуштардын эффективдүүлүгүн окуу процессине колдонуунун жолдорун аныктоо жана апробациядан өткөрүү;

- тийиштүү түзөтүүлөрдү, кошумчаларды киргизүү.

Ошондой эле, бул эксперименттин жүрүшүндө текшерилген окуу материалдары менен окутуу технологияларын окутуу процессине киргизүү, алынган жыйынтыктарды талдоо, жыйынтык чыгаруу иштери аткарылды.

Эксперименттин окутуучу жана текшерүүчү этабында төмөнкү иштер аткарылды:

- текшерилген методикага айрым түзөтүүлөрдү киргизүү менен аларды окутуучулардын колдонуусуна сунуштоо;

- педагогикалык эксперименттин жүрүшүндө студенттердин математика боюнча алган билимдеринин деңгээлинин өзгөрүү динамикасын байкоо жана тактоо.

Аныктоочу эксперименттин милдеттерине ылайык жогоруда көрсөтүлгөн жогорку окуу жайларында кесипкөй инженерлерди даярдаган институттарынын мамлекеттик стандарты, окуу пландары, математика курсу боюнча жумушчу программалары, окуу-методикалык комплекстери, окуу китептери, маселелер жыйнактары, окуу-методикалык колдонмолору талкууланды. Анын мазмуну жана алынган жыйынтыктар диссертациянын 1-главасынын 2-параграфында берилген.

Ошондой эле жогорудагы аты аталган ЖОЖдордун инженердик адистиги боюнча окуган студенттер менен аңгемелешүүлөр, баарлашуулар болуп,

анкеталык сурамжылоолор жүргүзүлдү. Бул экспериментке баардыгы болуп 178 студент, 28 педагогикалык ЖОЖдун окутуучулары тартылды.

Заманбап методикаларды жана интерактивдүү ыкмаларды колдонуу менен математика курсун кесипке багыттап окутуу болочок инженерлердин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандырат жана алардын кесиптик даярдыгына оң таасирин тийгизет. Андан сырткары ЖОЖдогу билим берүү процессинин натыйжалуулугун жогорулатууга өбөлгө түзөт.

Изденүүчү эксперименти проблемалык жана прикладдык окуу контекстинде болочок инженер адистигинин студенттеринин математикалык компетенттүүлүгүн өнүктүрүүнүн методологиясын теориялык жактан негиздөөгө жана иштеп чыгууга мүмкүндүк берди. Техникалык жогорку окуу жайларынын студенттеринин математикалык компетенттүүлүгүнүн структурасы такталды, ишмердүүлүктүн компонентинин өзгөчөлүктөрү, түзүмдүн элементи, критерийлери, деңгээлдери жана математикалык компетенттүүлүктүн өнүгүшүн баалоо каражаттары аныкталды. Бул этапта прикладдык маселелерди чыгаруу жана ар кандай темадагы теориялык математикалык маселелерди чыгаруу системасынын методикасы иштелип чыккан.

Окутуунун методдору, формалары жана каражаттары иштелип чыкты жана өркүндөтүлдү, маселелер жыйнагы иштелип чыкты.

Окутуучу этапта автор тарабынан иштелип чыккан технологиянын негизинде изилдөө гипотезасы текшерилди.

Окутуучу этаптын милдеттери:

- статистикалык маанилүү айырмачылыктардын жоктугуна негизделген контролдук группа (мындан ары КГ) жана эксперименттик группа (мындан ары ЭГ) түзүү;

- ЭГде биз иштеп чыккан технологияны ишке ашыруу;

- КГ жана ЭГден студенттерге жыйынтыктоочу сурамжылоону жүргүзүү;

- алынган натыйжаларды математикалык статистиканын методдорун колдонуу менен текшерүү;

- бардык көрсөткүчтөр боюнча алынган маалыматтарды салыштыруу жана

жыйынтык чыгаруу.

Изилдөө материалында 1-курстун студенттери үчүн математика боюнча анкетанын, студенттердин тесттери (1, 2 жана 3-семестрлер), семинарлардын жана өз алдынча студенттердин иштеринин жыйынтыктары каралды.

Студенттер жана мугалимдер менен ар кандай сурамжылоолор жүргүзүлдү.

Экспериментти жүргүзүүдө төмөнкү өзгөрүлмө эмес шарттар аткарылды: бирдей көлөмдөгү билим берүү маалыматын изилдөө, бирдей сандагы тесттер, алардын түзүмү жана мазмуну, бирдиктүү баалоо критерийлери.

Баалоо 100 баллдык системаны колдонуу менен жүргүзүлдү, математикалык компетенттүүлүктүн өнүгүү деңгээли боюнча баллдарды бөлүштүрүү төмөнкүдөй болду:

**Таблица 3.1.-Компьютердик тармактарды башкаруу дисциплинасынын технологиялык картасы**

| Баары | | Ауд. саат | СӨИ | 1-модул (60 с., 30 б.) | | | | 2-модул (60 с., 30 б.) | | | | Жыйынт. текш. (ЖТ) (40 б.) | | | | | Жалпы балл |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | Ауд. саат | | СӨАИ | **1-аралыктагы текш. (АТ1)** | Ауд. саат | | СӨАИ | **2-аралыктагы текш.(АТ2)** | Лекция | Лаборатория | СӨАИ | Сыйлык балл | **ЖТ (ИК)** | |
| | | | | Лекция | Лаборато-рия | | | Лекция | Лаборато-рия | | | | | | | | |
| 150 | | 75 | 75 | 15 | 23 | 37 | | 15 | 22 | 38 | | | | | | | |
| | Баллдар | | | 30 | 30 | 30 | **30 б.** | 30 | 30 | 30 | **30 б.** | 30 | 30 | 30 | 10 | **40 б** | |
| | Модулдар жана жыйынтыктоо-чу текшерүүлөр | | | УТ=(Лек+Лаб+ +СӨАИ)/3, М1=(УТ1+УТ2+ +АТ1)/3 | | | | УТ=(Лек+Лаб+ +СӨАИ)/3, М2=(УТ3+УТ4+ +АТ2)/3 | | | | ЖТ=(Лек+Лаб+ +СӨАИ)/3, Экз=(М1+М2+ +ЖТ)/3+10 | | | | | 100 |

Ауд. – аудиториялык, УТ – учурдагы текшерүү, АТ – аралык текшерүү, М – модулдар, СӨАИ – студенттин өз алдынча иши, ЖТ – жыйынтыктоочу текшерүү.

***Баллдарды топтоонун картасы*** – сабактардын бардык түрлөрүндөгү текшерүү боюнча канча балл (максималдуу) ала тургандыгы жөнүндө студенттерге жеткирилүүчү маалымат.

Студенттер баллдарды модулдарда төмөнкүдөй топтошот:

Модулда эки учурдагы текшерүү (УТ1, УТ2) жана бир аралыктагы текшерүү (АТ) уюштурулат. Ар бир текшерүү үчүн 60 баллдык баалоо системасы колдонулат. Баллдар тапшырмалар менен кошо тааныштырылат.

УТ1 текшерүүсү 2-жумада, УТ2 текшерүүсү 3-жумада уюштурулат, ал

эми аралыктагы текшерүү дагы 4-жумада уюштурулат.

УТ1 деп 2-жумага чейин өтүлгөн лекциялык материалдарды өздөштүргөндүгү, аткарылган лабораториялык жана өз алдынча иштер боюнча баалоонун арифметикалык орточосун алабыз: $УТ1 = \frac{Лек + Лаб + СӨАИ}{3}$.

УТ2 деп сабак башталгандан баштап 3-жумадан 4-жумага чейин өтүлгөн лекциялык материалдарды өздөштүргөндүгү, аткарылган лабораториялык жана өз алдынча иштер боюнча баалоонун арифметикалык орточосун алабыз: $УТ2 = \frac{Лек + Лаб + СӨАИ}{3}$.

Ведомостко жана журналга УТ1, УТ2 лердин жыйынтыктары коюлат.

4-жумада аралыктагы текшерүү уюштурулат. Мында модулда өтүлгөн лекциялык материалдарды өздөштүргөндүгү, аткарылган лабораториялык жана өз алдынча иштер боюнча баалоонун арифметикалык орточосун алабыз: $АТ = \frac{Лек + Лаб + СӨАИ}{3}$.

Модулда баалоо учурдагы текшерүүлөрдүн жана 1-аралыктагы текшерүүнүн арифметикалык орточосу менен аныкталат: $М = \frac{УТ1 + УТ2 + АТ}{3}$.

Экзамендеги баалоо модулдардын жана жыйынтыктоочу текшерүүнүн суммасы менен аныкталат:

$$Экз = М + ЖТ.$$

Баллдар тапшырмаларды берүүдө кошо көрсөтүлөт. *С* – сыйлык баллдар “Билимди баалоо системасы” жөнүндөгү жободо көрсөтүлгөн.

## Таблица 3.2.-Дисциплина боюнча балл топтоонун картасы

| I модуль | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| № | Лекция | | Лабораториялык жумуш | | СӨИ | |
| | Часы | Балл (№1 тема+№2 тема+...+№11 тема)/11 | Часы | Балл (№1 тема+№2 тема+...+№11 тема)/11 | Час ы | Балл (№1 тема+№2 тема+...+ №11 тема)/11 |
| **ТК-1** | | | | | | |
| **№1 тема** | 1 | 30 | 1 | 30 | 2 | 30 |
| **№2 тема** | 1 | 30 | 1 | 30 | 2 | 30 |
| **№3 тема** | 1 | 30 | 1 | 30 | 2 | 30 |
| **№ 4 тема** | 1 | 30 | 1 | 30 | 2 | 30 |
| **№ 5 тема** | 1 | 30 | 1 | 30 | 2 | 30 |
| **№ 6 тема** | 1 | 30 | 1 | 30 | 2 | 30 |
| **№7 тема** | 1 | 30 | 1 | 30 | 2 | 30 |
| **№ 8тема** | 1 | 30 | 1 | 30 | 2 | 30 |
| **Баары** | | **30** | | **30** | | **30** |
| **ТК-2** | | | | | | |
| **№1 тема** | 1 | 30 | 1 | 30 | 2 | 30 |
| **№2 тема** | 1 | 30 | 1 | 30 | 2 | 30 |
| **№3 тема** | 1 | 30 | 1 | 30 | 2 | 30 |
| **№ 4 тема** | 1 | 30 | 1 | 30 | 2 | 30 |
| **№ 5 тема** | 1 | 30 | 1 | 30 | 2 | 30 |
| **№ 6 тема** | 1 | 30 | 1 | 30 | 2 | 30 |
| **№7 тема** | 1 | 30 | 1 | 30 | 2 | 30 |
| **Баары** | | **30** | | **30** | | **30** |
| **Жалпы** | **15** | **(ТК1+ ТК2)/2** | | **(ТК1+ ТК2)/2** | | **(ТК1+ТК 2)/2** |
| | | **30** | | **30** | | **30** |

**I модуль**

| Текущий контроль | | | РК1 | М1=(Лек+Лаб+СРС+РК1)/4 |
|---|---|---|---|---|
| Лек. | Лаб. | СӨИ | | |
| 30 | 30 | 30 | 30 | 30 |

| *II модуль* | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| № | Лекция | | Лабораториялык жумуш | | СӨИ | |
| | Саат | Балл (№1 тема+№2 тема+...+№11 тема)/11 | Саат | Балл (№1 тема+№2 тема+...+№11 тема)/11 | Саат | Балл (№1 тема+№2 тема+...+ №11 тема)/11 |
| **ТК-3** | | | | | | |
| **№1 тема** | 1 | 30 | 1 | 30 | 2 | 30 |
| **№2 тема** | 1 | 30 | 1 | 30 | 2 | 30 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **№3 тема** | 1 | 30 | 1 | 30 | 2 | 30 |
| **№ 4 тема** | 1 | 30 | 1 | 30 | 2 | 30 |
| **№ 5 тема** | 1 | 30 | 1 | 30 | 2 | 30 |
| **№ 6 тема** | 1 | 30 | 1 | 30 | 2 | 30 |
| **№7 тема** | 1 | 30 | 1 | 30 | 2 | 30 |
| **№ 8тема** | 1 | 30 | 1 | 30 | 2 | 30 |
| **Баары** | | **30** | | **30** | **16** | **30** |
| **ТК-4** | | | | | | |
| **№1 тема** | 1 | 30 | 1 | 30 | 3 | 30 |
| **№2 тема** | 1 | 30 | 1 | 30 | 3 | 30 |
| **№3 тема** | 1 | 30 | 1 | 30 | 3 | 30 |
| **№ 4 тема** | 1 | 30 | 1 | 30 | 3 | 30 |
| **№ 5 тема** | 1 | 30 | 1 | 30 | 3 | 30 |
| **№ 6 тема** | 1 | 30 | 1 | 30 | 3 | 30 |
| **№7 тема** | 1 | 30 | 1 | 30 | 4 | 30 |
| **Баары** | | **30** | | **30** | **22** | **30** |
| **Жалпы** | | **(ТК3+ ТК4)/2** | | **(ТК3+ ТК4)/2** | | **(ТК3+ТК 4)/2** |
| | | **30** | | **30** | | **30** |

**II модуль**

| Текущий контроль | | | РК2 | М1=(Лек+Лаб+СРС+РК2)/4 |
|---|---|---|---|---|
| **Лек.** | **Лаб.** | **СӨИ** | | |
| 30 | 30 | 30 | 30 | 30 |

Акыркы этапта инженердик адистигинин 1-курсунун группасынын студенттери эксперименталдык ишке катышты.

ЭГ 77 студентти, КГ 76 студентти (ар биринде үч академиялык топ) камтыды. Топтор математика боюнча бирдиктүү мамлекеттик экзамендин орточо баллынын негизинде тандалып алынган (ЭГ -63.25; КГ – 62,61) жана математика боюнча кирүү контролунун орточо баллы (ЭГ – 43,31; КГ – 43,72), математиканы окуган бардык студенттер үчүн биринчи практикалык сабакта өткөрүлөт. Тапшырмалардын түзүлүшү жана мазмуну баардыгы үчүн бирдей. Бир варианты 4-тиркемеде берилди. ЭГ жана КГ студенттеринин алган баллдарын бөлүштүрүү жана салыштыруу ыктымалдуулуктар теориясынын негизинде эсептелди.

Эксперименттин изденүүчү этабында үч семестрден ашык убакытта КГнын студенттери салттуу түрдө окушту, ал эми ЭГ студенттери үчүн кесипке багыттап окутуу контексти уюштурулду. Студенттердин окуу мезгилинде

топтордун курамында өзгөрүүлөр болгондугун кошумчалоо керек экендиги таблицада көрсөтүлдү.

Таблица 3.3.- КГ жана ЭГ топторундагы сандык өзгөрүүлөр

| | Тапшырды | Окуудан чыгаруу | Тапшырды | Жыйынтык | Окуудан чыгаруу | Тапшырды | Жыйынтык |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| КГ | 76 | 3 | 4 | 77 | 5 | 2 | 74 |
| ЭГ | 77 | 1 | 2 | 78 | 3 | 1 | 76 |




3.1 –сүрөт. КГ жана ЭГ топторундагы сандык өзгөрүүлөрдүн диаграммасы

Ар бир семестрде текшерүү иштери (1-семестрде 2, 2-семестрде 2, 3-семестрде 3) алынды. Ар бир семестрдеги тесттер үчүн ар бир студент алган баллдардын орточо маанисин эсептеп чыктык (студенттин орточо семестрдик балл), андан кийин биз КГ жана ЭГ (топтун орточо семестр баллы) боюнча орточо маанини таптык. Төмөнкүдөй жыйынтык алынган.

Таблица 3.4.- КГ жана ЭГ тесттеринин жыйынтыгы боюнча топтордун орточо семестр баллдары

| | 1-семестр | | 2-семестр | | 3-семестр | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Текшерүү иштин жыйынтыгы боюнча орточо балл | КГ | ЭГ | КГ | ЭГ | КГ | ЭГ |
| | 37,64 | 42,96 | 35,04 | 41,72 | 34,20 | 41,52 |




3.2 –сүрөт. КГ жана ЭГ тесттеринин жыйынтыгы боюнча топтордун орточо семестр баллдарынын диаграммасы.

Изилдөө төмөнкү шарттарда жүргүзүлдү:

–1,2 курста “Колдонмо математика” курсу боюнча сабактарга (окуу процессине жолтоо болбостон) байкоо жүргүзүлдү;

– 1,2-курстун студенттеринин “Колдонмо математика” курсу боюнча алгачкы билим деңгээлдерине байкоо жүргүзүү;

–Болочок инженерлер студенттердин 1,2– курстун ар бир студентине “Колдонмо математика” курсу боюнча лекцияларды, өз алдынча иштерди берүү, ОМК боюнча түзүлгөн угуу, көрүү материалдарды жиберүү;

– Изденүүчүнүн 1,2–курстун студенттерине “Колдонмо математика” курсу боюнча инженердик профилиндеги тайпаларга кесипке багыттап окутуунун технологиясын колдонуп сабак өтүү жана окутуучулар менен бирдикте иш алып баруу;

– Санарип технологиясын колдонуп өтүлгөн консультацияларды, модулдардын жыйынтыктарын жана алынган тесттин жыйынтыктарын талдоо;

– Аралыктан окуган студенттерге ОМК жиберүү, алар менен кайтарым байланыштарды белгиленген убакытта өткөрүү, кесипке багыттап окутуу технологиясын колдонууда студенттердин өз алдынча ишмердигинин натыйжасында алган билимдерин модулдар боюнча учурдагы, бөлүктөгү, жыйынтыктагы текшерүүлөрдү аткарып аныктоо [114] ;

– Колдонмо математика курсу боюнча студенттерге берилген тапшырмаларды, өз алдынча иштерди аткаруу процессине байкоо жүргүзүү;

– Эксперимент учурунда өткөрүлгөн сабак, алынган модуль жана экзамендердин жыйынтыктарын талдоо жана ага баа берүү;

–1,2- курстагы студентердин алган билим деңгээлдерин алгачкы билим деңгээлдери менен акыркы билим деңгээлин салыштырып талдоо.

**Иштин жүрүшүндө коюлган милдеттерди чечүү үчүн**, практикалык жана теориялык жоболорду биргеликте алганда изилдөө 2020–2023-жылдарда үч этапта жүргүзүлдү.

**Биринчи этап-**теориялык иликтөө (2020-2021 окуу жылдары).

Биринчи этапта изилдөө илимий проблемасын аныктоо максатында теориялык илимий булактарды талдоо жүргүзүлдү; студенттерди математикалык билим берүүнү өнүктүрүү; студенттерге колдонмо математика курсун окутуунун абалы; колдонмо математика курсунун мазмунун талдоого алынды жана студенттердин маселелерди чыгарууга математикалык аппараттарды колдонууга мисалдар, маселелер тандалды; илимий теориялык көз караш жана изилдөөнүн жалпы концепциясы аныкталып, жумушчу гипотеза калыптанды. Ошондой эле бул этап пандемияга туш келгендигине байланыштуу көбүнчө онлайн түрүндө изилдөө жүргүзүлдү.

**Экинчи этап -** эксперименталдык тажрыйба (2021-2022- окуу жылдары).

Бул этапта изилдөөнүн жумушчу гипотезаларын, максатын, милдеттерин тактоо ишке ашырылды. Эмпирикалык материалдарды топтоо, илимий булактар талданды. Изилдөөнүн илимий гипотезасы аныкталып, сурамжылоо иретинде педагогикалык эксперимент жүргүзүлдү, студенттер үчүн колдонмо математика курсу боюнча эксперименталдык окуу куралын түзүлүп, эксперименталдык текшерүү өткөрүлдү. Математика боюнча студенттердин окутунун сапатын жогорулатууга усулдук көмөк боло ала турган колдонмо иштелип чыгылды. Математикалык билим берүүнү ыңгайлаштыруу максатында колдонмо математика курсун студенттерге окутууда кызыгууну

калыптандыруу, колдонмо математика курсу боюнча студенттердин колдонмо математика курсунда МКТ нын жардамы менен өз алдынча билим алууну уюштурунун моделдери, методдору аны уюштуруунун негизи түзүлдү, окутуучу менен студенттин биргелешкен ишмердүүлүгүнүн ишке ашырылыш ыкмасын аныкталууда, уюштуруу методу студенттердин өз алдынча билим алуу компоненттери, башкача айтканда колдонмо математиканын башка табигый илимдер менен предмет аралык байланышы аныкталды. Азыркы мезгилде математика курсу боюнча студенттердин аудиториядагы өз алдынча билим алуу окутуунун активдүү методдорун колдонуунун жардамы менен эффективдүү уюштурулууда жана түрдүү каражаттары апробацияланды.

**Үчүнчү этап -** жыйынтыктоо (2022-2023-окуу жылдары).

Жыйынтыктоочу педагогикалык эксперимент жүргүзүп, колдонмо математиканы окутуунун негиздери аныкталды; колдонмо математика окууга кызыгууну арттыруучу педагогикалык шарттардын комплекси такталды, билимдерди өз алдынча жаратууну педагогикалык жактан колдогон, маалымат технологияларынын колдонуунун мүмкүнчүлүктөрүн ишмердүүлүк методдоруна негизделген чөйрөсү каралды.

Эксперименталдык иликтөөлөрдүн методикасы, аларга коюла турган талаптары боюнча окумуштуу – педагогдор Ш. Алиев, Н. К. Кайдиева, А. С. Турдакунова ж. б. көптөгөн эмгектер, усулдук колдонмолор менен дагы да терең таанышып, андагы негизги идеалар, ыкмалар биздин иштерибизде пайдаланылды.

Негизги эксперименттик тажрыйба иштери аяктап, окутуу методдору, б.а. үйрөнүү үчүн атайын түзүлгөн кесипке багыттап окутуунун методдору менен аныкталды, аралыктан окутууда колдонуучу МКТ нын технологиялары окуу куралы аркылуу, алардын колдонуунун ыкмалары каралып чыкты, жыйынтыктар иштелип чыгылып, окуу колдонмосу жеткиликтүү даярдалды, б.а. предметтин компетенцияны калыптандыруу максатында тиешелүү өзгөртүүлөр киргизилип, системага салынды.

## 3.2. Эксперименттин жыйынтыгы жана методикалык сунуштар

Студенттердин математикалык даярдыгын аныктоо максатында И.Арабаев атындагы КМУнун алдындагы жаңы маалыматтык технологиялар институту, Ош техникалык университети, Ош мамлекеттик университетинин студенттери катышты. Колдонмо математика курсун кесипке багыттап окутуу, дисциплиналар аралык байланышты калыптандыруу, өнүктүрүү, жаңылоо максатында, окутуучу материалдын мазмунун түзүүдө ар кандай окутуунун формалары жана ыкмалары колдонулат.

Эксперименттик изилдөөнүн I– этабы.

Эксперименттин I – этабынын милдети:

– Болочок инженер бакалаврлар үчүн “Колдонмо математика” курсу боюнча окуу планына, типтүү, ОМК ларга, окуу колдонмосуна, окуу китептерине теориялык анализ жүргүзүү;

– “Колдонмо математика” курсунун азыркы абалына жана окутуунун тенденциясына (ой максатына) анализ жүргүзүү, окутуунун жаңы санариптик технологияларын жайылтуу жана кесипке багытталып окутулган “Колдонмо математика” курсунун мазмундарына анализ жасоо;

– Болочок инженер бакалаврлардын студенттерине математикалык даярдыгынын деңгээлин аныктоо үчүн, жетектөөчү эксперимент уюштуруу;

– Кесипке багыттап окутууга тиешелүү окуу–методикалык материалдарга, окуу–технологиялык каражаттарга, окутууда маалымат технологияларын колдонууга анализ жүргүзгөндө “Колдонмо математика” курсун окутуу, жалпы педагогикалык көз караштa караганда канааттандырарлык эмес экендигин көрсөттү. Окуу процессинде маалымат технология каражаттарын пайдалануу, окутуучунун ролун чектебейт жана анын студенттер менен иштөөсүндө “пассивдүү байкоочу” ролун жоготот. Предметтик компетенцияны өнүктүрүүдө, окуп үйрөнүүдө студенттердин көңүлүн буруу жана алардын активдүүлүгүн көтөрүүдө, мотивациясын жогорулатууда окутуучунун ролу чоң. Санариптик, маалымат технологияларын, иштелип чыккан окуу материалдарынын комплексин окутуунун каражаты катары белгилөө, сабак өтүүнүн

эффективдүүлүгүн, убакыттын рационалдуу пайдалануусун, студенттердин өз алдынча билим алуу жөндөмдүүлүгүн жөнгө салууда турат.

Студенттердин математикалык даярдыгынын деңгээлин текшерүү үчүн И.Арабаев атындагы КМУнун алдындагы жаңы маалыматтык технологиялар институтунан 42 студент, Ош техникалык университетинен 67 студент, Ош мамлекеттик университетинен 69 студент катышкан. Экспериментке 1–курстан бардыгы болуп 178 студент катышкан. Жетектөөчү эксперименттин жүрүшүндө биз төмөндөгү категорияларды эске алдык (мектептик математика курсунун калыбына келтирүүдө табигый илимдер менен байланышын) :

– мектептик "Колдонмо математика" курсун калыбына келтирүүдө 1–деңгээлдеги студенттер, берилген тапшырманы туура жана абдан тез чыгарышкан;

– математиканын мектептик курсун калыбына келтирүүдө 2–деңгээлдеги студенттер, берилген тапшырманы абдан тез аткарышкан, бирок көп катаа кетиришкен;

– математиканын мектептик курсун калыбына келтирүүдө 3–деңгээлдеги студенттер, берилген тапшырманы абдан жай чыгарышкан;

– математиканын мектептик курсун калыбына келтирүүдө 4–деңгээлдеги студенттер, берилген тапшырманы аткарышкан эмес жана окутуучу тарабынан жекече жардам талап кылынат.

Математиканын мектептик курсун калыбына келтирүүдө берилген тапшырманы аткаруу, мисалдардын деңгээлинен, студенттердин даярдыгынан, "Колдонмо математика" курсунан алган билимин колдоно билүүсүнөн көз каранды.

Инженерлерди кесипке багыттап окутууда 1–курстун студенттери компьютер менен иштөө көндүмдөрүнө ээ экендигине ынандык. Анткени, алар "информатика" курсун да окуп үйрөнүшөт.

Текшерүү иштери И. Арабаев атындагы КМУда, ОшТУ да, Ош мамлекеттик университетинде, 2020–2023–жылдары өткөрүлдү. "Колдонмо математика" курсун окутуунун эффективдүүлүгүн далилдөө үчүн, кесипке

багытталган курсту информациялык технологияларды колдонуу менен окутуу жана эксперименталдык окутууда тайпалардагы жетишүүнүн деңгээлин жогорулатуу, студенттердин математика боюнча даярдыгынын деңгээлин интегациялаштыруу жана курсту кесипке багыттап окутууну баалоо каралган.

“Колдонмо математика” курсун эффективдүү окутуу үчүн, маалымат технологияларды колдонуу менен өз алдынча жана кесипке багыттап окутуу, ошондой эле, эксперименталдык окутууда топтордун жетишүү деңгээлин жогорулатуу, курстун кесипке багытталгандыгын баалоо жана студенттердин математикалык даярдыгынын деңгээли боюнча алгачкы текшерүүнү ишке ашыруу болуп саналат. Биздин иштелип чыккан “Жогорку математика” курсун окутуунун методикасынын эффективдүүлүгү төмөндөгү критерийлер менен текшерилди: студенттердин математикалык даярдыгы жана инженер багытындагы студенттердин “Колдонмо математика” курсун окуп үйрөнүүдөгү интеграциялык ыкманы колдонуу болду. Билимдери модулдук–рейтингдик системада бааланды. Экспериментке алынган ЖОЖ дордо “Математика” курсуна 300 саат бөлүнгөн жана 1,2,3-семетрлерде окутулат. модуль, СӨИ жана жыйынтык контроль пландаштырылган. Жыйынтыгында экзамен коюлат. Модулдук жыйынтыктарды алууда студенттердин математикалык даярдыктарынын үч жагы эске алынды (“окутуунун үчилтик маселеси”), б.а. курстун программасы боюнча тапшырмаларды аткаруу, мектептик математика курсун калыбына келтирүү жана кесипке багыттуу мисал, маселелерди келтирүү [6]. ЖОЖго чейинки баштапкы математикалык даярдыгынын деңгээлин ачып көрсөтүү үчүн, курстун башында контролдук жана эксперимент тайпаларында математиканын төмөндөгү бөлүгү боюнча мониторинг жүргүзүлдү: арифметикалык эсептөө; туюнтмаларды жөнөкөйлөтүү; сызыктуу жана квадраттык теңдемелер; геометриянын маселелери; элементардык функциялар. Бул бөлүмдөр боюнча ОМК 2-тиркемеде көрсөтүлдү.

Жыйынтыктын ар бири 15 суроодон турган бланкалык тест түрүндө алынды. Ар бир тапшырма 3 баллдан бааланды. Студент максималдык 30 балл жыйнады. Мектептик математика курсун калыбына келтирүү боюнча

жүргүзүлгөн мониторингдин жыйынтыгы, кийинки пландаштырылган модулдук жыйынтыктарды салыштыруу үчүн зарыл болду. Курстун интеграциялык (биргелешүү, жуурулушуу) эффективдүүлүгүн жана кесипке багыттап окутуу боюнча баасын текшерүү үчүн студенттерден сурамжылоо жүргүзүлдү. “Колдонмо математика” курсун окуп үйрөтүүдө студенттердин математикалык даярдыгын сапаттуу мүнөздөө үчүн, баалоонун 4 деңгээлдүү системасы, үч бутактуу спиралдуу окутуу колдонулду (окутуунун “үчилтик маселеси” [7] Алиев ) каралды. Аны эске салалы. Окутуунун “үч илтик маселеси” төмөндөгүчө: “Колдонмо математика” курсу шарттуу түрдө үч бөлүккө бөлүнгөн: биринчиден, мектептик математика курсун кайталоо, экинчиден, “Колдонмо математика” курсунун негизги түшүнүктөрү, үчүнчүдөн, санариптик технологиясын, МКТны, математикалык пакеттерди колдонуп инженер бакалаврларга маселелерди чыгарууда математикалык аппараттарды колдонуу. Инженердик багытындагы студенттердин математикалык даярдыктары 4 деңгээл боюнча 3.1.параграфта көрсөтүлгөн системада бааланды: **I–деңгээл. 85-100 балл – “5”.**

Бул деңгээлдеги студенттер мисалдарды чыгаруунун ыңгайлуу жана жөнөкөй элементтерин көрсөтө алышат; маселелерди МКТ,математикалык пакеттерди колдонуу ыкмалары менен чыгара алышат; каралуучу маселени келечектеги кесибинде колдонууну билип жана түшүнө алышат; мектеп математика курсун калыптандырууда окутуучуга жардам бере алышат.**II–деңгээл. 70-85 балл –“4”.**

Бул деңгээлдеги студенттер мисалдарды чыгаруунун ынгайлуу жана жөнөкөй элементтерин көрсөтөт. Каралуучу маселенин келечектеги кесибинде колдонууга керектигин билип, МКТ, математикалык пакеттерди пайдалана алышпайт; мектеп курсундагы математикалык билимди калыптандырууда окутуучуга кээде гана жардам беришет. **III–деңгээл. 61-70 балл – “3”.**

Тапшырма жана көнүгүүлөрдү үлгү боюнча чыгара алышат; активдүүлүгүн көрсөтө алышпайт; каралуучу маселени белгилүү ыкма менен гана чыгарышат; **IV– деңгээл. 61 баллга чейин – “2”.**

Өз алдынча тапшырманы аткара алышпайт, мугалимдин жардамына муктаж.

Коомго профилдүү кесип ээлери эмес, балким коюлган маселелерди чыгаруу үчүн ар түрдүү илимдерге анализ кылуу жана интеграциялык ыкмаларды пайдалануу жөндөмүнө ээ кесип ээлери керек. Эксперименталдык тайпаларда инженер бакалаврдын студенттерине “Колдонмо математика” курсун окутуу, иштеп чыгарылган кесиптик жана интеграциялык ыкма багытындагы усулдук системанын негизинде жүргүзүлдү. Биз иштеп чыккан колдонмо математика курсун окутуунун усулунун эффективдүүлүгүн текшерүү математикалык даярдыгынын деңгээлин жана инженер бакалавр студенттеринин математиканы өздөштүрүүсү боюнча текшерилди. Биз иштеп чыккан программа, колдонмо математика курсун окутуунун методикасынын эффективдүүлүгүн текшерүү, математикалык даярдыгынын деңгээлин жана инженер багытындагы студенттеринин математиканы өздөштүрүүсү боюнча жүргүзүлдү. Эксперименталдык иштин жүрүшүндө студенттердин өз алдынчалуулугунун сапаттык өсүү деңгээлин баалоо математикалык статистикалык методдордун жардамы менен жүргүзүлдү.

**Таблица 3.5. – 2020-2023 - окуу жылдарындагы өткөрүлгөн экспериментке чейинки маалыматтар**

| ЖОЖ | Окуу жылдар | Студенттердин саны | 1 деңгээл "5" | | 2 деңгээл "4" | | 3 деңгээл "3" | | 4 деңгээл "2" | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | саны | % | саны | % | саны | % | саны | % |
| КМУ И.Арабаев астындагы ЖМТИэмне | 2020-2021 | 14 | 1 | 7,1 | 5 | 35,7 | 6 | 42,9 | 2 | 14,3 |
| | 2021-2022 | 15 | 2 | 13,3 | 5 | 33,3 | 4 | 26,7 | 4 | 26,7 |
| | 2022-2023 | 13 | 2 | 15,3 | 4 | 30,8 | 3 | 23,1 | 4 | 30,8 |
| **баардыгы** | | **42** | **5** | **11,9** | **14** | **33,4** | **13** | **30,9** | **10** | **23,8** |
| ОшМУ | 2020-2021 | 22 | 1 | 9,5 | 6 | 27,3 | 5 | 22,7 | 9 | 40,5 |
| | 2021-2022 | 25 | 2 | 8 | 5 | 20 | 8 | 32 | 10 | 40 |
| | 2022-2023 | 22 | 2 | 4,5 | 6 | 27,3 | 6 | 27,3 | 9 | 40,9 |
| **баардыгы** | | **69** | **5** | **7,2** | **17** | **24,6** | **19** | **27,5** | **28** | **40,6** |
| ОшТУ | 2020-2021 | 22 | 2 | 9,1 | 6 | 27,3 | 5 | 22,7 | 9 | 40,9 |
| | 2021-2022 | 24 | 2 | 8,3 | 6 | 25 | 7 | 29,2 | 9 | 37,5 |

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2022-2023 | 21 | 3 | 14,2 | 4 | 19,1 | 8 | 38,1 | 6 | 28,6 |
| **баардыгы** | | **67** | 7 | 10,4 | 16 | 23,9 | 20 | 29,9 | 24 | 35,8 |




3.3 –сүрөт. 2020-2023 - окуу жылдарындагы экспериментке чейинки маалыматтар чагылдырылган диаграммасы.

Таблица 3.2 – 2020-2023-окуу жылдарындагы өткөрүлгөн эксперименттен кийинки маалыматтар

| ЖОЖдор | Окуу жыл дары | Студент тердин саны | 1 - деңгээл “5” | | 2- деңгээл “4” | | 3- деңгээл “3” | | 4 - деңгээл “2” | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | саны | % | саны | % | саны | % | саны | % |
| КМУ И.Арабаев атындагы ЖМТИ | 2020-2021 | 14 | 2 | 14,5 | 5 | 35,8 | 6 | 42,5 | 1 | 7,2 |
| | 2021-2022 | 15 | 2 | 13,3 | 5 | 33,3 | 7 | 46,7 | 1 | 6,7 |
| | 2022-2023 | 13 | 2 | 15,4 | 4 | 30,8 | 5 | 38,4 | 2 | 15,4 |
| **баардыгы** | | 42 | **6** | 14,2 | **14** | 33,3 | **18** | 42,9 | 4 | 9,5 |
| ОшМУ | 2020-2021 | 22 | 1 | 4,5 | 8 | 19 | 9 | 21,4 | 4 | 9,5 |
| | 2021-2022 | 25 | 2 | 8 | 9 | 36 | 10 | 40 | 4 | 16 |
| | 2022-2023 | 22 | 2 | 9,1 | 7 | 31,8 | 11 | 50 | 2 | 9,1 |
| **баардыгы** | | **69** | **5** | 7,2 | **24** | 34,8 | **30** | 43,5 | 10 | 14,5 |
| | 2020-2021 | 22 | 2 | 9,1 | 7 | 31,8 | 9 | 40,9 | 4 | 18,2 |

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| ОшТУ | 2021-2022 | 24 | 2 | 8,3 | 9 | 37,6 | 11 | 45,8 | 2 | 8,3 |
| | 2022-2023 | 21 | 3 | 14,3 | 6 | 28,6 | 9 | 42,9 | 3 | 14,2 |
| **баардыгы** | | **67** | 7 | 10,4 | 22 | 32,8 | 29 | 43,4 | 9 | 13,4 |




3.4 –сүрөт. 2020-2023 - окуу жылдарындагы эксперименталдык маалыматтар чагылдырылган диаграммасы

Эксперименталдык иштердин жеткиликтүү жыйынтыктарын алуу үчүн биз иштеп чыккан усулдарды окуу процессинде колдонуу эффективдүүлүгүнүн сапаты, математикалык статистиканын (матем. күтүү, дисперсия жана орточо квад. четтөө) ыкмалары менен аныкталды. Математикалык күтүү $M(x)=\sum_{i=1}^{n} x_i p_i$

$x_i$ –"2", "3", "4", "5" бааларына туура келүүчү баллдардын маанилери,

$p_i$- $x_i$ ге туура келүүчү ыктымалдуулуктар. "Колдонмо математика" курсун окутуунун усулуна түзөтүүлөрдү киргизгенден кийин ар бир окуу жылындагы көрсөткүчтөрдү статистикалык методдор менен талдоо жүргүзөлү. "Колдонмо математика" курсун окутуунун усулуна түзөтүүлөрдү киргизгенден кийин ар бир окуу жылындагы көрсөткүчтөрдү статистикалык методдор менен талдоодо текшерүүчү көрсөкүчтүн ***орточо*** мааниси – ***математикалык күтүүсү*** жылдан

жылга өскөндүгүн көрсөттү. Иликтөөчү эксперименттен алынган маалыматтар боюнча көп студенттердин математикалык даярдыгынын орточо деңгээлде болгондугун көрүүгө болот. Студенттерге жүргүзүлгөн мониторингде “Колдонмо математика” курсунун келечектеги кесибине колдонуунун зарылчылыгын сезбегендигин көрүүгө болот. Тапшырмаларды аткарууда студенттер тапшырманы үлгү боюнча аткарышат; берилген маселени белгилүү жол менен чыгара алат, активдүүлүгүн дайыма көрсөтө албайт; мектептеги математика курсун калыптандырууда окутуучуга кээде гана жардам беришет; өтүлгөн материал боюнча жыйынтыктарды кыйналып айтып беришет. Кээде так эмес болжолдоолорду айтып, талкулоолорго демилгесиз катышат, жолдошторуна толуктоолорду окутуучунун көрсөтмөсү менен гана аткарат.

2020-2023-окуу жылдарындагы өткөрүлгөн эксперименттик маалыматтар 3.3-таблицада келтирилди.

Таблица 3.3. — Эксперименттик жана текшерүүчү группалардын баллдарынын маанилери жана аларга туура келген ыктымалдуулуктардын жыйынтыктары

| $x_i$ | | 35 | 57 | 58 | 60 | 72 | 75 | 88 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| $p_i$ (текш.) | | 0,17 | 0,17 | 0,17 | 0,17 | 0,17 | 0,10 | 0,05 |
| $x_i$ | 40 | 58 | 62 | 72 | 74 | 75 | 87 | 88 |
| $p_i$ (эксп.) | 0,12 | 0,06 | 0,12 | 0,17 | 0,24 | 0,17 | 0,06 | 0,06 |

“Колдонмо математика” курсун окутуунун усулуна түзөтүүлөрдү киргизгенден кийин ар бир окуу жылындагы көрсөткүчтөрдү статистикалык методдор менен талдоо жүргүзөлү. Текшерүү группасы үчүн:

$$M(x)=\sum_{i=1}^{n} x_i p_i = x_1{*}p_1+x_2{*}p_2+ x_3{*}p_3+\ldots x_n{*}p_n = 35{*}0.017+57{*}0.17+ 58{*}0.17+$$

$$+60{*}0.17+ 72{*}0.17+75{*}0.1+88{*}0.05=59.84$$

$$M[x^2]=x_1^2{*}p_1+x_2^2{*}p_2+x_3^2{*}p_3+\ldots x_n^2{*}p_n = 35^2{*}0.017+57^2{*}0.17+58^2{*}0.17+ 60^2{*}$$

$$*0.17 +72^2{*}0.17 +75^2{*}0.1+ 88^2{*}{*}0.05 = 3775.44$$

$D[x]= M[x^2]-( M[x])^2=3775,44-(59,84)^2=3775,44-3580,83=194,61$ Ал эми орточо

квадраттык четтөө аркылуу биз баалардын кайсы чекте жыйналуусун дисперсиянын жардамы менен аныктап, төмөнкү формула аркылуу орточо квадраттык четтөөнү эсептейбиз.

$\sigma = \sqrt{D[x]}$

$\sigma = \sqrt{194,61} = 13,90$




Орточо квадраттык четөөнүн мааниси боюнча 59,84 баллдан 73,74 баллга чейин жайланышкандыгы, б.а алган баллдардын баары ушул чекте топтолгондугу көрүнүп турат. Экспериментик группа үчүн: $M(x) = \sum_{i=1}^{n} x_i p_i =$

$= x_1*p_1+x_2*p_2+x_3*p_3+ +x_4*p_4+...x_n*p_n$ = 40*0,12+58*0,06 + 62*0,12 + +72*0,17+74*0,24+75*0,17 + 87*0,06+ 88*0,06=68,97

$M[x^2]=x_1^2*p_1+x_2^2*p_2+x_3^2*p_3+...x_n^2*p_n= 40^2*0,12+58^2*0,06 +62^2*0,12 + +72^2*0,17 +74^2*0,24+75^2*0,17 + 87^2*0,06+ 88^2*0,06=4925,67$

Дисперция төмөндөгү формула менен эсептелет, бирок бул жыйынтык эч кандай мааниге ээ эмес.

$D[x]= M[x^2]-( M[x])^2=4925,67-(68,97)^2=4925,67-4756,86=168,80$ Ал эми орточо квадраттык четтөө аркылуу биз баалардын кайсы чекте жыйналуусун дисперсиянын жардамы менен аныктап, төмөнкү формула аркылуу орточо квадраттык четтөөнү эсептейбиз.

$\sigma = \sqrt{D[x]}$

$\sigma = \sqrt{168,80} = 12,90$




Орточо квадраттык чектөөнүн мааниси боюнча 68,97 баллдан 81,87 баллга чейин жайланышкандыгы, б.а алган баллдардын баары ушул чекте топтолгондугу көрүнүп турат.

Ушундай эле жол менен баардык университеттин студенттеринин окуу жылдар боюнча математикалык күтүүнүн көрсөткүчтөрү эсептелип диаграммалар түзүлдү (2-таблица жана 2-сүрөт).

Таблица 3.4.- 2020-2023 - окуу жылдарындагы өткөрүлгөн эксперименттин маалыматтары

| Окуу жылдары | И.Арабаев атын-дагы КМУнун ЖМТИ | | ОшМУ | | ОшТУ | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | текш. группа М($x$) | экспер. группа *М*($x$) | текш. группа М($x$) | экспер. группа М($x$) | текш. группа М($x$) | экспер. группа *М*($x$) |
| 2020-2021-о.ж. | 61,84 | 66,19 | 62,10 | 67,50 | 59,84 | 68,97 |
| 2021-2022-о.ж. | 66,89 | 73,80 | 65,78 | 72,78 | 67,22 | 74,72 |
| 2022-2023-о.ж. | 67,20 | 74,30 | 67,80 | 74,60 | 68,35 | 76,35 |

Жүргүзүлгөн талкулоодо кетирген жөнөкөй катачылыктар окуу материалын үстүртөн окугандыгын, анын практикалык маанисин, жакшы түшүнбөгөндүгүн, берилген тапшырмаларды жэтишээрлик даражада аткара албагандыгын, системасыздыктын, оюн аргументтештирүүнүн начардыгын, ойлоп жазуу логикасынын жоктугун аныктоого мүмкүнчүлүк берди. Кээ бир студенттердин тапшырманы тез аткарууга, окуу процессине жана кызыгуусунун болгонуна жакшы баа алууга тырышкандыгын айгинелейт.

*3.4*- таблицанын негизинде түзүлгөн диаграммалардын көрсөткүчтөрү

**Корутунду:** Студенттер маселе чыгарууну гана үйрөнбөстөн, теориялык маанисин да окуп үйрөнүүсү зарыл. ***Эксперименталдык изилдөөнүн биринчи этабында,*** коюлган милдеттер чечилди.




3.5 –сүрөт. 2020-2023 - окуу жылдарындагы эксперименталдык маалыматтар чагылдырылган диаграммасы

Колдонмо математика дисциплинасы боюнча типтүү, ОМК, жумушчу

программалар, жана окуу куралдары, усулдук колдонмолор иштелип чыкты. Ошондой эле иликтөөчү эксперименттин жыйынтыгы боюнча азыркы мезгилде “Колдонмо математика” курсун окутууда маалымат технологияларды пайдалануу, математикалык пакеттерди кесипке багыттап окутуу, студенттердин өз алдынча билип алуучулук ишмердүүлүгүн өнүктүрүү сыяктуу жаңы усулдук иштелмелер зарыл экендиги келип чыкты. ***Эксперименталдык изилдөөнүн экинчи этабы.*** Биздин изилдөөнүн кийинки этабы — үлгүлүү эксперименталдык окутуу болот. “Колдонмо математика” курсун окутууда, биз тараптан иштелип чыккан окуу материалдарды колдонуп окуу методикалык комплекстердин эффективдүүлүгүн аныктоо үчүн эксперимент жүргүзүлдү.

Эксперименттердин милдеттери:

– “Колдонмо математика” курсун окутууда окуу методикалык комплекстер: кесипке багыттуу инновациялык технологияларды пайдалануу жана традициялык формадагы практикалык маселелерди чыгаруу, студенттерди окутуунун эффективдүүлүгүн сандык жана сапаттык жактарын баалоо болот;

– “Колдонмо математика” курсун окутууда окуу методикалык комплекстер студенттердин өз алдынча билип алуучулук ишмердүүлүгүн, кызыгуусунун деңгээлин жогорулатат.

– *Изилдөөнүн баштапкы божомолун текшерүү*. Бардык теориялык корутундулардын негизинде жана изилдөөнүн божомолун эске алып, инженер багытындагы студенттер үчүн типтүү программанын негизинде эксперименталдык ОМК түзүлдү. Ошондой эле инженер багытындагы студенттер үчүн окуу колдонмо, “Колдонмо математика” курсу боюнча лекциялардын жыйындысы, “Колдонмо математика” курсу боюнча окуу методикалык комплекси түзүлдү.

Эксперименттин аягында “Колдонмо математика” курсу боюнча студенттердин теориялык, практикалык жана өз алдынча иштери боюнча билимдери, билгичтиктери жана көндүмдөрү текшерилди. Теориялык материалдар боюнча билимдерин текшерүү, жыйынтыктоочу текшерүү иштерин жүргүзүү мезгилдеринде ишке ашты. Өз алдынча иштеринин жана теориялык

материалдарды практикада колдоно алуусунун деңгээлин, студенттердин модулдук иштеринде, СӨИде жана тестирлөөдө көрүүгө болот. Студенттердин математикалык даярдыгынын сапатын анализдөө, даярдоонун үч жагын: математиканын негизги курсун, математиканын мектептик курсун калыбына келтирүүсүн жана "Математика" курсун кесибине пайдалануусун 4 деңгээлдүү баалоо системасын камтыган, модулдарды жүргүзүү менен ишке ашырылды. Жогорку берилгендерден, эксперименталдык окутуунун жыйынтыгынан студенттердин көбүнүн математикалык даярдыгынын деңгээлинин өскөндүгү көрүнүп турат. Иштин жүрүшүндө коюлган милдеттерди чечүү үчүн, практикалык жана теориялык жоболорду биргеликте алганда изилдөө 2020–2023– жылдарда үч этапта жүргүзүлдү.

Эксперименталдык изилдөөнүн этаптары төмөндөгүдөй милдеттерди аткарды: болочок инженер студенттерге окутулуп жүрүүчү "Колдонмо математика" курсу боюнча жумушчу программа, окуу китеби жана усулдук колдонмолорду теориялык талдоо; Кесиптик багытын эске алуу менен "Колдонмо математика" курсун окутуунун заманбап абалын талдоо; инженер бакалавр студенттердин математикалык даярдыгынын деңгээлин аныктоо максатында экспериментти өткөрүү. "Колдонмо математика" курсу боюнча сабактарда теория боюнча ыкмалары, көндүмдөрү жана алган билимдери, ошондой эле студенттердин кесипке багыттуу практикалык иштерди аткаруусу боюнча текшерүү жумуштары жүргүзүлдү. ***Эксперименталдык изилдөөнүн үчүнчү этабында,*** жыйынтыктоочу педагогикалык эксперимент жүргүзүп, математиканы окууга кызыгуусун арттыруучу педагогикалык шарттардын комплекси аныкталды жана такталды. Ал эми негизги эксперименттик тажрыйба иштери аяктап, жыйынтыктар иштелип чыгып, окуу колдонмо жеткиликтүү даярдалган, б.а. предметтин мазмунуна тиешелүү өзгөртүүлөр киргизилип системага салынды.

## ҮЧҮНЧҮ ГЛАВА БОЮНЧА ЖЫЙЫНТЫК

Студенттер маселелерди гана чыгаруу эмес, окуу материалынын теориялык жактан өздөштүрүүсү зарыл. Бул маселени чыгаруу үчүн болочок

инженер бакалаврларды математикалык билим берүүнү кесипке багыттап окутуу максаттуу болот.

Изилдөөнүн гипотезаларын, бардык теориялык тыянактардын жана типтүү программалардын негизинде “Колдонмо математика” курсу боюнча математика профилиндеги студенттер үчүн усулдук колдонмо жана эксперименталдык жумушчу программа түзүлдү.

Жумушту аяктоо менен “Колдонмо математика” курсу боюнча сабактарда теориялык маселелер боюнча ыкмалары, көндүмдөрү жана алган билимдери, ошондой эле студенттердин кесипке багыттуу практикалык иштеринин аткарылуусу боюнча текшерүү иштер, анкеталар жүргүзүлдү. Теориялык материалдарды өздөштүрүү боюнча билимдерин текшерүү жыйынтыктоочу текшерүүдө ишке ашты. Өз алдынча иштердин жана теорияны практикага колдонуу көндүмдөрүнүн деңгээли, студенттердин модулдук иштеринин, СӨИ жана тестирлөө процессинде текшерилди. Студенттердин математикалык даярдыгынын жогорулатуунун сапатын талдоо, математиканын негизги курсун, мектеп математика курсун калыптандыруу, математикалык апараттарды кесипке колдонуу жактарын камтыган модулдарды аткаруу менен ишке ашты.

Эксперименттеги бөлүктүк текшерүүнүн жыйынтыгы 2020 – 2023-окуу жылдары алынган жыйынтык боюнча текшерүүчү группага караганда эксперименталдык группадан алынган жыйынтыктардын көрсөткүчтөрү орточо алганда 5,2 баллдан, 8,0 баллга жогорулагандыгын көрүндү. Өздөрүнүн деңгээли боюнча иликтөөчү эксперименттин көрсөткүчүнөн айырмаланып турат. “Колдонмо математика” курсун окутуунун усулуна түзөтүүлөрдү киргизгенден кийин ар бир окуу жылындагы көрсөткүчтөрдү статистикалык методдор менен талдоодо текшерүүчү көрсөткүчтүн ***орточо*** мааниси жылдан жылга өскөндүгүн көрсөттү. Мындан улам студенттерге бул технологияны колдонуу жылдан жылга оңдолуп, методикалык жактан жаңы электрондук булактар, электрондук китептер аркылуу, маалыматтык технологияны колдонуу жакшы жолго салынып бара жатат десек болот. “Колдонмо математика” курсун окуп бүткөндө кесипке багытталган маселе, мисалдарды чыгаруу менен студенттердин математикалык

даярдыгынын бир нече даражада жогорулагандыгын көрүүгө болот. Ал болсо студенттердин математика курсун өз ыктыяры менен өздөштүрүп, келечектеги кесибине керектүү жана зарыл болгон математикалык билимдерди аң сезимдүү түрдө кабылдап жаткандыгын негиздейт.

Өзгөчө мектеп математика курсундагы материалдар боюнча билимди калыбына келтирүү, өз алдынча билим алуусу жана кесипке багыттап окутуу маселеси чечилгени аныкталды. Мындан, маалымат, санариптик окутуу технологиясын колдонууда окутуунун методикалык системасы жылдан жылга жетилип, окутуу программасы эффективдүү иштөөсү жогорку экспериментте тастыкталды.

## КОРУТУНДУ

Диссертацияда интегративдик мамиленин негизинде болочок инженерлерге жогорку математиканы окутуунун илимий-методикалык негиздери каралып, студенттин интегративдик предметтик моделин, окутуунун атайын методдорун жана уюштуруу формаларын, оригиналдуу комплексин колдонуу менен мындай окутуунун методикалык системасы иштелип чыккан. окуу куралдарынын жана аны окутууда колдонуунун ыкмалары түзүлдү, иштелип чыккан методикалык системанын эффективдүүлүгү эксперименталдык жактан тастыкталды. Алынган жыйынтыктар коюлган милдеттердин аткарылышын, изилдөө максатына жеткендигин көрсөтүп, төмөнкүдөй жыйынтык чыгарууга мүмкүндүк берди.

1. Болочок Инженер бакалаврлардын студенттерине математиканы окутуунун эффективдүүлүгүн жогорулатуу маселесинин илимий-педагогикалык аспектилерин талдоо азыркы учурда аны чечүүнүн колдонмо математиканын табият таануу илимдери менен дисциплиналар аралык байланыштарын пайдалануу, окутууда теориянын жана практиканын, студенттерде мета-предметтик көндүмдөрдү калыптандыруу жөндөмдөрүн жана түшүнүктөрүн интеграциялоо сыяктуу жолдору деген тыянак чыгарууга негиз берди. Келечектеги инженерлерге математиканы окутуунун эффективдүүлүгүн жогорулатууга интегративдик ыкманын негизинде студенттерди даярдоону

долбоорлоо жана уюштуруу көмөктөшөт, бул предмет ичиндеги, предмет аралык жана метапредметтик интеграцияны камсыз кылуу аркылуу математикалык окутуунун сапатын жогорулатууга мүмкүндүк берет.

2. Математиканы интегративдик ыкмага негизделген окутуу эффективдүү болот, эгерде интегративдик ыкма иш-аракетке негизделген жана компетенттүүлүккө негизделген ыкмалар менен айкалыштырылса. Ушуга байланыштуу жогорку билим берүү системасында математиканы окутуунун салттуу принциптери төмөнкү принциптер менен толукталат: дисциплиналар аралык интеграция, теория менен практиканын интеграциясы, мета-предметтик окутуунун натыйжаларын камсыз кылуу, окуу максаттарын компетенттүүлүккө негизделген аныктоо, ишмердүүлүккө негизделген максат. коюу, ишмердиктин негизинде окутуунун мазмунун аныктоо жана өздөштүрүү, окутуунун кесиптик багыты. Интегративдик мамиленин негизинде болочок инженерлерге математиканы окутуунун психологиялык-педагогикалык өбөлгөлөрү инженердин кесиптик ишмердүүлүгүнүн интегративдик мүнөзүн жана математиканы окутууда калыптанган компетенцияларды, окутуу, окуучулардын окууга адаптациясын камсыз кылуу жана студенттерде туруктуу окуу мотивациясын калыптандыруу, мазмунду өздөштүрүүнүн иш-аракетинин механизмдерин эске алууну камтыйт.

3. Келечектеги инженерлерге математиканы окутуунун натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн окуу максаттарын Жогорку кесиптик билим берүүнүн Мамлекеттик стандарттарына ылайык компетенциялар түрүндө, ошондой эле аларды өздөштүрүү үчүн зарыл болгон тарбиялык иш-аракеттерди түзүү зарыл. Мында окутуунун мазмуну интегративдик математикалык аракеттерди жана аракеттин ыкмаларын, ошондой эле бул аракеттерди өздөштүрүү үчүн зарыл болгон билимдерди бөлүп көрсөтүү менен математика боюнча окуучунун интегративдик предметтик модели түрүндө берилиши керек. Студенттердин интегративдик математикалык аракеттерди жана аракеттердин ыкмаларын өздөштүрүү деңгээлин, ошондой эле математика боюнча интегративдик билимдерди өздөштүрүү деңгээлин жогорулатууга окутууда интегративдик

маселелерди чыгарууда багыт берүү ыкмасын, дидактикалык методду колдонуу көмөктөшөт. алдын ала, долбоорлоо методу, ошондой эле интегративдик практикалык көнүгүү, интегративдик билим берүү долбоорлорун ишке ашыруу боюнча чыгармачылык өз алдынча иш сыяктуу формаларда окутууну уюштуруу. Математиканы окутуунун эффективдүүлүгүн жогорулатуунун негизги шарттарынын бири – интегративдик жана активдүүлүккө негизделген ыкмалардын принциптеринде иштелип чыккан окуу куралдарынын автордук комплексин (математикалык билим берүү жана интегративдик тапшырмалар, интегративдик математикалык аракеттерди өздөштүрүүгө багытталган окуу куралдары, аракеттин жана билимдин методдору, колдонмо математикадагы студенттин интегративдик предметтик модели). Математиканы окутууда инженердин кесиптик ишмердигинде математиканын ролун көрсөтүүгө арналган окуу китебин колдонуу маанилүү роль ойнойт. Студенттердин өз алдынча иштерин уюштурууда интегративдик билим берүү долбоорлорун ишке ашыруу аркылуу бардык деңгээлдеги математиканы окутууда интеграцияга, студенттердин колдонмо математиканы окууга болгон мотивациясын жогорулатууга мүмкүндүк берет.

4. Изилдөөдө алынган натыйжалардын эксперименталдык текшерүүсү интегративдик ыкманын негизинде студенттерге математиканы окутуунун түзүлгөн методикалык системасы окуучулардын билим берүү мотивациясын өнүктүрүүгө, интегративдик аракеттерди жана аракеттердин ыкмаларын натыйжалуу өздөштүрүүгө жана интегративдик интегративдик ыкмаларды өздөштүрүүгө жардам берерин көрсөттүп, билимди, келечектеги инженерлердин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу үчүн шарттарды түзөт.

Мындан аркы илимий изилдөөлөр математика окутуучуларды даярдоонун методикасын иштеп чыгуу менен байланышкан маселелерди, болочок инженер бакалаврлардын студенттерин интегративдик ыкманын негизинде окутууну, ошондой эле иштелип чыккан методологияны жогорку инженердик билим берүү системасында табият таануу предметтерин окутууга ылайыкташтырууга болот.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

- иштелип чыккан методдорду, окуу-методикалык каражаттарды окутуучулардын кесиптик квалификациясын жогорулатууда колдонууга болот;
- изилдөө учурунда сунушталган методикалык материалдар студенттердин колдонмо математика курсун окуп жатканда предметтик жана кесиптик компетенцияларын калыптандырууга шарт түзөт;
- окутуучулар иштелип чыккан колдонмолорду жана материалдарды окуу дисциплиналарына колдонсо болот.

## Колдонулган адабияттар:


1. **Абдырахманов**, Т. А. Азыркы билим берүүдөгү компетенттик мамиле [Текст]: окуу–методикалык колдонмо / Т. А.Абдырахманов, М. А. Ногаев. – Бишкек, 2013. – 121 б.

2. **Абраменкова**, Ю. В. Профессионально ориентированное обучение математике будущего учителя химии: автореф. дис. … канд. пед. наук: 13.00.02 Юлия Владимировна Абраменкова; [Место защиты: Донецкий нац. ун-т]. – Донецк, 2017. – 28 с.

3. **Алексеев,** В. И. Проблемы интеграции естественнонаучных дисциплин в высшем техническом образовании: дис...канд. пед.наук: 13.00.08 / В. И. Алексеев; [Место защиты: Дальневост.гос. ун-т.] – Владивосток, 2006. – 236 с.

4. **Алиев,** Ш. А. Гуманитардык багыттагы адистиктердин студенттерине математика курсун окутуунун илимий дидактикалык негиздери [Текст] / Ш.А. Алиев // Изв. КАО: сб. науч. тр. – Бишкек, 2005. Выпуск -3. - С. 109-111.

5. **Алиев**, Ш. А. Педагогика багытындагы гуманитардык адистиктердин студенттерине кесипке ылайык математикалык билим берүүнүн илимий дидактикалык негиздери [Текст]: Дисс. ...д-ра пед. наук: 13.00.02 / Ш.А. Алиев. - Бишкек, 2008.-197 с

6. **Аммосова**, М. С. Профессиональная направленность обучения математике студентов горных факультетов университетов как средство формирования их математической компетентности: автореф. дис. … канд. пед. наук: 13.00.02 / М. С. Аммосова; [Место защиты: Сибирский федер. ун-т.] – Красноярск, 2009. – 23 с.

7. **Андреев**, А. Л. Компетентностная парадигма в образовании: опыт философско методологического анализа / А. Л. Андреев // Педагогика. – 2005. – № 4. – С. 19-27.

8. **Анисова,** Т. Л. Методика формирования математических компетенций бакалавров технического ВУЗа на основе адаптивной системы обучения: дис. ... канд. пед. наук: 13.00.02 / Т. Л. Анисова. – Москва, 2013. – 200 с.

9. **Бабаджанян**, С. В. Система изучения векторов на факультативных

занятиях как пример осуществления межпредметных связей дисциплин естественно-математического цикла: автореф. дис. … канд. пед. наук: 13.00.02 / С. В. Бабаджанян. – Москва, 1970. – 21 с.

10. **Багова**, Л. Л. Межпредметная интеграция в образовательном процессе и ее проблемы на этапах становления педагогической науки / Л. Л. Багова // Вестник Майкопского государственного технологического университета. – Майкоп, 2014. – № 1. – С. 57-61.

11. **Байдак**, В. А. Теория и методика обучения математике: наука, учебная дисциплина: монография / В. А. Байдак. – 2-е изд., стереотип. – Москва: ФЛИНТА, 2011. – 265 с.

12. **Балл**, Г. А. Теория учебных задач. Психолого-педагогический аспект / Г. А. Балл. – Москва: Педагогика, 1990. – 184 с.

13. **Бекбоев**, И. Б. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери [Текст] / И.Б. Бекбоев. – Бишкек, 2004. -384 с.

14. **Бекбоев**, И. Б. Научные основы разработки и обучение решение задач в системе непрерывного математического образования [Текст]: автореферат дис. ... д-ра пед. наук: 13.00.02 / И.Б. Бекбоев. – Бишкек, 1994. – 34 с.

15. **Бекбоев**, И. Б. Теоретические и практические вопросы технологии личностно-ориентированного обучения (на кыргызском языке). - Бишкек, 2003, 2004, 2012. - 24 п.л.

16. **Бровка**, Н. В. Интеграция теории и практики обучения математике как средство повышения качества подготовки студентов / Н. В. Бровка. – Минск : Изд-во БГУ, 2009. – 243 с.

17. **Бурилова**, С. Ю. Межпредметная интеграция в учебном процессе технического ВУЗа: дис. ... канд. пед. наук: 13.00.08 / С. Ю. Бурилова. – Новосибирск, 2001. – 247 с.

18. **Валиханова**, О. А. Формирование информационно-математической компетентности студентов инженерных вузов в обучении математике с использованием комплекса прикладных задач: дис. … канд. пед. наук: 13.00.02 / О. А. Валиханова. – Красноярск, 2008. – 183 с.

19. **Васильева**, М. А. Профессионально-прикладная направленность обучения математике как средство формирования математической компетентности: на примере аграрного ВУЗа: автореф. дис. канд. пед. наук: 13.00.02 / М. А. Васильева. – Саранск, 2014. – 23 с.

20. **Васяк**, Л. В. Формирование профессиональной компетентностибудущих инженеров в условиях интеграции математики и спецдисциплин средствами профессионально ориентированных задач: дис. …канд. пед. наук: 13.00.02 / Л. В. Васяк. – Чита, 2007. – 170 с.

21. **Вербицкий**, А. А. Новая образовательная парадигма и контекстное обучение: монография / А. А. Вербицкий. – М.: Исследовательский центр проблем качества подготовки специалистов, 1999. – 75 с.

22. **Вербицкий**, А. А. Личностный и компетентностный подходы в образовании. Проблемы интеграции / А. А. Вербицкий, О. Г. Ларионова. – М.: Логос, 2009. – 336 с.

23. **Вербицкий**, А. А. Категория "контекст" в психологии и педагогике [Текст] / А. А. Вербицкий, В. Г. Калашников. М. : Логос, 2010. 300 с.

24. **Власов**, Д. А. Математические модели и методы внутримодельных исследований [Текст] / Д. А. Власов, Н. В. Монахов, В. М. Монахов. М. : МГГУ, 2007. 356 с.

25. **Вечтомов,** Е. М. Философия математики: монография / Е. М. Вечтомов. – Киров: Радуга-ПРЕСС, 2013. – 316 с.

26. **Галибина**, Н. А. Методика обучения математике студентов строительных направлений подготовки на основе деятельностного подхода автореф. дис. … канд. пед. Н.: 13.00.02 / Н. А. Галибина.– Донецк, 2016. – 28 с.

27. **Гиль**, Л. Б. Развитие интеллектуальных умений и способности к саморазвитию студентов технического ВУЗа в процессе математической подготовки: дис. канд. пед. наук : 13.00.08 / Людмила Болеславовна Гиль ; [Место защиты: Томск. гос. пед. ун-т]. – Томск, 2010. – 196 с.

28. **Глушкова**, Л. М. Методическая система математической подготовки студентов технических ВУЗов на основе личностно ориентированногоподхода:

дис. ... канд. пед. наук: 13.00.02 / Л. М. Глушкова. – Нижний Новгород, 2009. – 222 с.

29. **Гмурман**, В. Е. Теория вероятностей и математическая статистика / В. Е. Гмурман. – 9-е изд., стер. – Москва: Высш. шк., 2004.– 479 с.

30. **Гнеденко**, Б. В. Математическое образование в вузах / Б. В. Гнеденко. – М.: Высшая школа, 1981. – 174 с.

31. **Гончарова**, О. Н. О развитии пространственного мышлениястудентов физико-математических, машиностроительных и архитектурныхфакультетов / О. Н. Гончарова, Е. А. Стус, В. Д. Стус // Дидактика математики: проблемы и исследования: междунар. сб. науч. работ / редкол.: Е. И. Скафа (научн. ред.) и др.; Донецкий нац. ун-т. – Донецк, 2018. – Вып. 47. – С. 29-35.

32. **Гончарова**, О. Н. Связь теории с практикой в преподавании математики / О. Н. Гончарова, Е. А. Стус // Дидактика математики: проблемыи исследования : междун. сб. науч. работ / редкол. : Е. И. Скафа (научн. ред.) и др.; Донецкий нац. ун-т. – Донецк, 2016. – Вып. 44. – С. 12-17.

33. **Горбунова**, Л. Г. Проблема формирования понятия о физико-химических константах в обучении общей химии / Л.Г. Горбунова, П.Д. Васильева, В.С. Тугульчиева // Research, theory and practice in chemistry didactics/science and technology education for the 21st century Proceedings of the 23rd International Conference on Chemistry Education and 9th Regional IOSTE Symposium for Central and Eastern Europe. – 2014. – С. 103–114.

34. Государственный образовательный стандарт высшего профессионального образования [Текст] / - Бишкек, 2015. - С 17.

35. **Гридчина**, И. Н. Взаимосвязь математических и специальных дисциплин в подготовке инженера: дис. … канд. пед. наук: 13.00.02 / И. Н. Гридчина. – Елец, 2010. – 157 с.

36. **Гусев**, В. А. Векторы в школьном курсе геометри / В. А. Гусев, Ю. М. Колягин, Г. Л. Луканкин. – Москва: Просвещение, 1976. – 48 с.

37. **Давыдов**, В. В. Концепция учебной деятельности школьников / В. В. Давыдов, А. К. Маркова // Вопросы психологии. – 1981. – № 6. – С. 13-26.

38. **Данилюк**, А. Я. Теория интеграции образования / А. Я. Данилюк. – Ростов на Дону: Изд-во Рост. пед. ин-та, 2000. – 440 с.

39. **Дербуш**, М. В. Учебные задачи как средство реализации деятельностного подхода в обучении алгебре и началам анализа: дис. … канд. пед. наук: 13.00.02 / М. В. Дербуш. – Омск, 2002. – 149 с.

40. **Дробоштан**, О. О. Компьютерно орієнтована методична система навчання вищої математики майбутніх судноводіїв: автореф. дис. … канд. пед. наук: 13.00.02 / О. О. Дробоштан– Херсон, 2016. – 21 с.

41. **Дробышев**, Ю. А. Дифференцированное компетентностно-ориентированное обучение студентов математике: условия, этапы проектирования и осуществления / Ю.А Дробышев, И.В. Дробышева,// Современные проблемы науки и образования. – 2015. – № 2-2. – С. 321.

42. **Дробышев**, Ю. А. Содержательный компонент подготовки бакалавров экономики к различным видам профессиональной деятельности при обучении математике / И.В. Дробышева, Ю.А Дробышев // Научные труды Калужского государственного университета имени К.Э. Циолковского Калуга: 2016. – С. 187-191.

43. **Евграфов**а, И. В. Межпредметные связи курсов общей физики и высшей математики в технических ВУЗах: дис. канд. пед. наук: 13.00.02 / И. В. Евграфова. – Санкт-Петербург, 2010. – 160 с.

44. **Евсеева,** Е. Г. Современные подходы к обучению математике в высшей профессиональной школе: проблема комплексного использования / Е. Г. Евсеева // Вестник Елецкого государственного университета им.И. А. Бунина. Серия “Педагогика” (История и теория математического образования). – Елец: ЕГУ им. И. А. Бунина, 2016. – Вып. 37. – С. 103-110.

45. **Евсеева**, Е. Г. Математика в профессиональной подготовке инженера: векторная алгебра. Интегративный подход: учеб. пособие /Е. Г. Евсеева, Н. А. Прокопенко; под общ. ред. Е. Г. Евсеевой. – Донецк: ДонНТУ, 2018. – 211 с.

46. **Ефремова**, О. Н. Интегративные проекты по математике как содержательно-процессуальный компонент самостоятельной работы студентов

технических ВУЗов: автореф. дис. ... канд. пед. наук : 13.00.02 / О. Н. Ефремова. Волгоград, 2017. – 28 с.

47. **Загитова**, Л. Р. Математическая подготовка будущих инженеров в ВУЗах нефтяного профиля на основе компетентностного подхода: автореф. дис. ... канд. пед. наук: 13.00.08 / Л. Р. Загитова. – Казань, 2013. – 23 с.

48. **Зверев**, И. Д. Межпредметные связи в современной школе /И. Д. Зверев, В. Н. Максимова. – Москва: Педагогика, 1981. – 159 с.

49. **Иванова**, Т. А. Теоретические основы гуманитаризации общего математического образования: автореф. дис. … докт. пед. наук: 13.00.02 / Т. А. Иванова. –Нижний Новгород, 1998. – 41с.

50. **Игнатьева**, Т. В. Конструирование задач - компактов прикладной направленности и их использование в качестве средства совершенствования обучения математике в технических ВУЗах: дис. канд. пед. наук: 13.00.02 / Т. В. Игнатьева.– Нижний Новгород, 2009. – 158 с.

51. **Исмагилова**, Е.И. Интегративно-модульный компонент профессио-наль ной направленности обучения математике будущих инженеров радиоэлектротехнических специальностей: дис. … канд. пед. наук: 13.00.02 / Е. И. Исмагилова. – Ярославль, 2009. – 193 с.

52. **Ихсанова**, Ф. А. Методика формирования творческой самостоятельности студентов технических ВУЗов в обучении математике с использованием системы Mathematica: автореф. дис. ... канд. пед. наук: 13.00.02/ Ф. А. Ихсанова.– Елабуга, 2015. – 27 с.

53. **Кайгородцева**, Н. В. Определение содержания и технологии геометро-графической подготовки будущих инженеров на основе интеграции информационных сред: автореф. дис. ... докт. пед. наук: 13.00.02 / Н. В. Кайгородцева. – Омск, 2015.– 39 с.

54. **Кайдиева,** Н. К. Научно-дидактические основы компьютерного математического образования для студентов гуманитарных специальностей (на примере филологии) автореф. Дисс. ... к.п.н. 13.00.02 / Н. К. Кайдиева. – Бишкек, 2011.– 9 с.

55. **Калинина**, Е. С. Интегративный подход к проведению занятий по математическим дисциплинам в ВУЗах МЧС России / Е. С. Калинина // Вестник Санкт-Петербургского университета Государственной противопожарной службы МЧС России. – Санкт-Петербург, 2017. – № 2. –С. 87-193.

56. **Катержина**, С. Ф. Развитие познавательной самостоятельности студентов технического ВУЗа при обучении математике с использованием Web-технологий: автореф. дис. … канд. пед. наук: 13.00.02 / С. Ф. Катержина.– Ярославль, 2010. – 23 с.

57. **Кириченко**, О. Е. Межпредметные связи курса математики исмежных дисциплин в техническом ВУЗе связи как средство профессиональной подготовки студентов: автореф. дис. ... канд. пед. наук:13.00.02 / О. Е. Кириченко. –Орел, 2003. – 17 с.

58. **Кирюшин**, И. В. Теоретическая интеграция математики и физики в курсе математического анализа / И. В. Кирюшин // Весці БДПУ. Серыя 3. – 2010. – № 2. – С. 34–39.

59. **Козловская**, И. Н. Законы и закономерности педагогики в контексте дидактической интегрологии / И. Н. Козловская // Педагогическое образование и наука. – 2008. – № 12. – С. 84-91.

60. **Колбина**, Е. В. Методика формирования математической компетентности студентов технических ВУЗов в проблемно-прикладном контексте обучения: автореф. дис. ... канд. пед. наук: 13.00.02 / Е. В. Колбина. – Барнаул, 2016. – 24 с.

61. **Колягин**, Ю. М. Интеграция школьного обучения / Ю. М. Колягин, О. Л. Алексеенко // Начальная школа. – 2001. – № 9. – С. 28-31.

62. **Колягин**, Ю. М. Учись решать задачи: пособие для учащихся VII- VIII кл. / Ю. М. Колягин, В. А. Оганесян. – Москва: Просвещение, 1980. –96 с.

63. **Креш**, Л. Л. Векторна алгебра основа сучасної математичної освіти вчителя математики / Л. Л. Креш, М. В. Працьовитий // Дидактика математики: проблеми і дослідження : міжнар. зб. наук. робіт / Донецький нац. ун-т. –

Донецьк, 2009. – Вип. 31 – С. 34-37.

64. **Кудрявцев**, Л. Д. Курс математического анализа: в 3 т.: [учеб. для физ.-мат. и инж.-физ. специальностей ВУЗов] / Л. Д. Кудрявцев. – 2-е изд., перераб. и доп. – Москва: Дрофа, 2003. –.Т. 1. – 2003. – 704 с.

65. **Кузнецова**, Л. Г. Формирование межпредметных связей информатики и математики в методической системе обучения студентов непрофильных ВУЗов: автореф. дис. … докт. пед. наук: 13.00.02 / Л. Г. Кузнецова. – Москва, 2007. –40 с.

66. **Кузьменко**, О. И. К вопросу о понятии профессионально-ориентированной математической задачи в теории обучения математике [Электронный ресурс]: / О. И. Кузьменко // Альманах современной науки и образования. Тамбов: Грамота, 2011. No 11 (54). С. 106-109.

67. **Кузьменко**, О. И. Математические задачи как средство формирования профессиональной компетентности студентовагрономических специальностей высших учебных заведений: автореф. дис.… канд. пед. наук: 13.00.02 / О. И. Кузьменко. – Омск, 2010. – 22 с.

68. **Кузьмина**, Н. В. Формирование педагогических способностей / Н. В. Кузьмина // − Л.: ЛГУ, 1961. – 41 с.

69. Кыргыз республикасынын мыйзамы 2003-жылдын 30-апрели № 92 Билим берүү жөнүндө

70. **Лернер**, И. Я. Дидактические основы методов обучения /И. Я. Лернер. – Москва: Педагогика, 1981. – 185с.

71. **Лиферов**, А. П. Основные тенденции интеграционных процессов в мировом образовании: дис. докт. пед. наук: 13.00.01 / А. П. Лиферов. –Рязань, 1997. – 336 с.

72. **Лошкарева**, Н. А. Межпредметные связи как средство совершенствования учебно-воспитательного процесса: учеб. пособие для ФПК дир. шк.: в 4 вып. Вып.1. / Н. А. Лошкарева; Моск. гос. пед. ин-т. – Москва : Изд-во МГПИ им. В. И. Ленина, 1981. – 102 с.

73. **Лушникова**, Н. В. Реализация идеи дидактического опережения при

обучении высшей математике: На примере курса линейной алгебры: дис. … канд. пед. наук: 13.00.02 / Н. В. Лушникова. – Арзамас, 2006. – 162 с.

74. **Максимова**, В. Н. Сущность и функции межпредметных связейв целостном процессе обучения: автореф. дис. … докт. пед. наук: 13.00.02 / В. Н. Максимова. – Ленинград, 1981. – 36 с.

75. **Максимова**, Л. И. Формирование поликультурной компетентности будущих педагогов в ВУЗе на основе интегративного подхода: дис. … канд. пед. наук : 13.00.08 / Л. И. Максимова.– Калуга, 2012. – 223 с.

76. **Малыгина**, О. А. Обучение высшей математике на основе системно-деятельностного подхода: учеб. пособие / О. А. Малыгина. – Москва: Изд-во ЛКИ, 2008. – 256 с.

77. **Мамбетакунов,** Э. М. Дидактические функции межпредметных связей в формировании у учащихся естественнонаучных понятий [Текст] / Э.Мамбетакунов – Б.: Университет, 2015 – 328 с.

78. **Мамбетакунов,** Э. М. Педагогиканын негиздери [Текст]: Жогорку жана орто окуу жайларынын студенттери менен мектеп мугалимдери үчүн окуу куралы. Толукталып экинчи басылышы / Э.Мамбетакунов, Т.М.Сияев. – Б.: Айат, 2008. – 304 б.

79. **Машбиц**, Е. И. Психологические основы управления учебной деятельностью / Е. И. Машбиц. – Киев: Вища шк., 1987. – 224 с.

80. **Миншин**, М. М. Формирование профессионально-прикладной математической компетентности будущих инженеров: на примере подготовки инженеров по программному обеспечению вычислительной техники и автоматизированных систем: дис. ... канд. пед. наук: 13.00.02 / М. М. Миншин. – Тольятти, 2011. – 286 с.

81. **Мирзаева**, М. М. Педагогические условия подготовки бакалавра образования к межпредметной интеграции: автореф. дис. канд. пед.наук: 13.00.08 / М. М. Мирзаева. – Махачкала, 2014. – 23 с.

82. **Михеева**, В. Г. Формирование понятия векторного пространства в курсе геометрии 6-7 класов: автореф. дис. … канд. пед. наук: 13.00.02 /В. Г. Михеева

–Москва, 1980.– 18 с.

83. **Мышкис**, А. Д. Лекции по высшей математике / А. Д. Мышкис. – 5-е изд., перераб. и доп. – Санкт-Петербург: Лань, 2007. – 688 с. – (Учебники для вузов. Специальная литература).

84. **Назарова**, Н. В. Межпредметная интеграция в формировании конкурентоспособности студентов ВУЗа / Н. В. Назарова // Современные проблемы науки и образования. – 2016. – № 5. – С. 174.

85. **Нелин**, Е. П. Методические особенности изучения векторов в курсе планиметрии при их введении на координатной основе: автореф. дис … канд. пед.ких наук : 13.00.02 / Е. П. Нелин. – Москва, 2008. – 25 с.

86. **Нассер**, М. Методика реализации межпредметных связейпосредством решения прикладных задач в процессе обучения математике в ВУЗе: автореф. дис. … канд. пед.ких наук: 13.00.02 / М. Нассер. – Москва, 2008. – 25 с.

87. Национальная стратегия развития кыргызской республики на 2018-2040 годы www.gov.kg

88. **Никольский**, С. М. Курс математического анализа: учебник / С. М. Никольский. – 6-е изд. – Москва: ФИЗМАТЛИТ, 2001. – 592 с.

89. **Ничуговская**, Л. И. Конкурентоспособность будущих выпускников ВУЗов в контексте философии профессионального образования / Л. И. Ничуговская // Science and Education a New Dimension: Pedagogy and Psychology. – 2013. – Vol. 7. – P. 145-149.

90. Новая философская энциклопедия: в 4 т./ Ин-т философии Российской акад. наук; Гл. ред. В. С. Степин. – 2-е изд., испр. и доп. – М.: Мысль, 2010. – Т. 1: А – Д. – 741 с., Т. 2: Е – М. – 634 с., Т. 3: Н – С. – 692 с.,Т. 4: Т – Я. – 734 с.

91. **Носков**, М. В. К теории обучения математике в технических вузах / М.В. Носков, В.А. Шершнева // Педагогика. – 2005. – №10. – С. 62-67.

